Скырг
К23

ЖЭЭНБЕК КАРИМОВ

САТИРА ЮМОР АЗИЛ



БООЗ ИМИШ, ТООБО!

1995-ж.

К23

Формуляр книги

Скырг	4/18408	
К23	Жаримов Ж	
Бооз имиш, Тообо!		
	3 с.	

ЖЭЭНБЕК КАРИМОВ

БООЗ ИМИШ, ТООБО!

сатира, юмор, азил

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N 4/18408

ХРАНЕНИЕ

1995-жс.

ББК 84 КП 7-4
К 23

К—23
5-658—00946-4

Жээнбек КАРИМОВ

БООЗ ИМИШ, ТООБО!

Аралаш аңгемелер


Ушул китепти чыгаруу кыйынчылыгынын жеңилин жерден алып, жарым-жартылай демөөрчүлүк жардамын көрсөтүшкөн Таиров Гапырга жана Кадыров Малага автор чын ыкластан ыраазылыгын билдирүү менен аларга чың ден- соолук, узун өмүр каалайт.

Жазуучу Жээнбек Каримов окурман журтуна «Чоконун жоруктары», «Кызганчаак эркек» аттуу сатиралык китептери аркалуу таанымал. Бул жаңы китебине кийинки жылдары жазылган сатиралык жана юмордук аңгемелери, азилдери топтолду. Ошондой эле бул жыйнакка психологиялык маанайда жазылган «Куугун» аттуу көлөмдүү аңгемеси да киргизилди.

Кыргызстан жазуучулар Союзунун көркөм адабият жайылтуу бюросу, 1995.

К $\frac{470230100—095}{45217—95}$ ББК 84 Кп 7-4

САТИРАЛЫК АҢГЕМЕЛЕР



Бул жыйнакты уулум Тилекке арнайм, ага чың ден-соолук, узун өмүр каалайм.

ОШОНДОН ДА БЕШ КИЛО

Шаардан кыштакка командировкага келген Чоко жалаң курук чай ичe берип, үч күндө эле эриндери бозоруп, ичи бурала куйкулдап-чуйкулдап, утуру ичи көөп, кыскасы жетим баладан беш-бетер жүдөдү. Чокону ушундай болбүрөгөн бош жигит дебегиле, баарын кылган заман болуп жатпайбы, кадимки эле озубүздүн шору шорподой кайнаган пешенебизге чийилген тартыш заман. Үй оокатын сатуудан нымым кабары жок тээ илгерки замандын айылдыктары: «аптасына кур дегенде бир жолу конок келбеген үйдөн кут кетет» дешип, айылга келген бейтааныштыны талашып-тартыша үйүнө баштап барып, кабагым- кашым дебей жадыран-жайнай меймандачу эмес беле, чиркин! Айрыкча жайлоону айтсаңыз! Жолдон өткөн жолоочуну да бурчатпай түшүрүп алып ичпеген ой-боюна койбой тамакашка кыстап... Атаңкорүү десе, ошондогулар кымыздын планын күп гана толтурушкан экен да!

Анан... базар экономикасы дегенди угуп-укпай, анын оошкыйышын түшүнүп-түшүнбөй, эч даярдыксыз баягы озубүздүн шашмалыгыбызга салып, жапырт жабалактай ошо базар экономикасына ит куугандай жетип келгенибизди карабайсызбы! Мы на эми «ылайым конок келтире көрбө» деп кудайдан жүз жолу тилеп, каны ката суусаганга да тыйын толобосо суу сунбай сум сайын калбадыкпы. Ушуларды ойлой ичи тызылдап, «оңолуп кете кор заман, ылайым бала-бакыранын пешенесине заман оңолуп кетпей эле» деп бир эсе кыжаалат, бир эсе келечекке умуттонуу менен каран келаткан Чоко чок баскандай «дирт» чочуганда катуу келаткан машинеси жолдон чыга качып, аз жерден аңтарылып кете жазлады. Кудай бир сактабадыбы? Башка учурда Чоконун оозуна учук чыгып, бир апта үйүндө

«ох эле, ох» деп жатмак. Бу сапар анткенге чолосу жок болчу. Ал тургай аңтарылып кетээрин анча элес албай, кара курсактын айласын тапканына сүйүнүп жүрбөйбү мулуңдап. «Башың ды урайындын башы, ушуну убагында эстебеген башты каадалуу немедей көтөрүп жүргөнүмдү карасаң, о эсиңе жара чыккырдыкы!» деп үч күндөн бери ушу кыштактагы жакын тааныш шын эсинен чыгарып, бөөдө ачка жүргөнүнө кейиди. Сапары аяктап, бүгүн кеч үйүнө кайтаарына карабай бир токына кетмекке тааныпыныкына бурду машинесин...

Дээринде көңүлүнүн кири жок Чонтой барбаландап тиги шаардык тааныпын кудум ажыдан келгендей ызаат кыла тосуп алды

— Кел, Чоко, о кайдан адашып?

— Командировкага келгем, үч күн өттү, бүгүн кеч кайтмак элем. Сага учураша кетпесем кана болосуңбу деп эле бурула калдым,— деди Чоко ички сырын жашырып, кайдагы жок шылтоолорду шыпырылтып.

—Үч күндөн бери... Бир келип койбойсуңбу, тообо? Же таарынчың барбы?

— Кайдагы таарынычты айтасың, иштен бошобой...

—Түнү бошогондурсуң, же түнү менен иштеттиби?—Чоконун шаштысын алды Чонтой. Чоко ичинен «Сени эстебей ит болбодумбу, эгер эстесем кара курсакты жетимсиретип, ишин уруп ойнойт белем» деп арман кылды, а сыртынан:

— Шарт ушундай, дос, кечирип кой, —деп оозуна келгенди оттоду.

Чокону конок үйүнө киргизишти. Ал көргөн көзүнө ишене бербей, түшүмбү же өңүмбү дегендей бүшүркөдү: чоң үйдүн башы нан аягына чейин салынган чоң дасторкон, анын бетин бербей жайнаган нан, боорсок, каттама, самса, куймак, казы-карта, чучук, куурдак, эт... Бейиштин эле ашы!

— Төргө өт, дос, — деди шыпылдаган Чонтой нан сындырып, а аялы кадырлуу конокко чай узатты...

Ошондо да пенде дегениң пенделигине барбай коёбу, Чонтой досунун ушундай кеңири жашаганына ичи тарып, заматта тигини ичинен көралбай турду. Анан өз үйүн эстеди: башканы кой, дүкөндөн нан алыш өзүнчө азап, өзүнчө тозок. Тээ илгеркидей кезек-мезек деген айланабы, аламан байгедей билеги күчтүүнүн заманы. Ошондой тополоңдо тебеленип өлүш деген кеп эмес. Айлык акы деген бар, жоктун ортосунда, а тамак-аштын баасы, өзүңүз билесиз, асман тирейт. Ушуларды ойлогон Чоко кантип бир алдындагы тамак-аштын жарым-жартылайын согуп кетүүнү ойлой баштады. Өткөн-кеткенди сурашып, жаштыкты эстегенче тамак ичүү аяктап калганда Чонтой өзү:

— Жилигиңди балдарыңа ала кет, тиги эттен дагы кошсоң! — деп калбаспы кудай жалгап. Тамакка алкы бузулган Чоко ушуну эле күтүп тургансып, дамейдегидей өзүн-өзү башкаруудан тайып, ага ач көздүктүн арааны үстөмдүк кылып, тиги үймөктөлгөн эттен алдына тарта баштады. Идиш-пидиши жок неме аны кантип алып кетээрин да кымындай ойлободу. Напсиң менен жерге кир-ээй, алты жети жиликти тартты алдына, бир жагынан абийири кыйнап жаттыбы, айтор, колдору калчылдайт. Ушуга ичи тызылдаган Чонтойдун аялы «эттин баарын көтөрүп кетпесин» деп ойлон тигини уяткарып үчүн:

— Мына буга салып алсаңыз, жаныңызды кыйнабай, —деп Чоконун алдына талп эттире бир килөйгөн ала капты таштады кер какшык менен. Чоко да түшүндү кер какшыкты. Бирок тиги жасаганынан кайткан жок. «Эмне үчүн менин бала-чакам өп-чап жашаш керек да, булар тамак-ашты төгүп-чачып кор кылат?» деген ой кайтарбай жатты аны. Абалды аңдабаган Чонтой:

— Тиги нан-пандан, боорсок-соорсоктон кошсоң боло! —деп тиги кыйналган бечарага каралашыш үчүн күйөөсүнүн каптын оозун кере кармап бергени аялынын күйбөгөн жаның күл кылбадыбы. «Өлбөгөн гана кошоматчы, үйүн көтөрүп кеткенде да кошоматчылыгын койбойт, шашпа сени» деп ичинен кекене, а сыртынан калп эле жайдарылана:

— Тиги, самса-памсадан салбадыңыз окшойт, каттамадан алдыңызбы? —деп чыдай албай үшкүрүнүп жиберди. Үшкүрүнбөй турган заманбы? Айлап, жылдап тырмакка кыса, бармакка баса жыйып келип, эми адам катарына кошула той берүүгө далалаттанса, тигиндей бир көзгө басаар кара чечекей дейсинби, тейселдей бир тааныш сороёу ташып кеткени жатса үшкүрбойбу анан?

— Рахмат, аяш, сиздей колу ачык аяштар гана дүйнөнү көркүнө чыгарат го!—деди Чоко аяшынын ачуусун билмексенге сала, анан Чонтойго:— Мына бу эмне?— деди билсе да билмек сендикке салып.

— Боорсок, апей, боорсок дейм да, манты, ошондон да ал, — деди Чонтой.

— А тигичи?

— Куурдак, ошондон кош.

— Тигичи?

— А—а, ал казы, ошондон сал, кокуй, ал диписит эмеспи.

Ачуусуна чыдабай колундагы чайнекти таштап жиберди Чонтойдун аялы. Чайнек жердеги чайнектин үстүнө «тарс» деп түшө бырын-чырыны чыкты, ичиндеги ысык чай Чоконун бетине дейре чачырады. «Эми токтоор мунун напсиси» деди ичинен Чонтойдун чайнек сындырууну тапкан акылына маашырлана аялы. А Чоко бети колун тызылдата ачыштырган чайды аарчып, ага анча деле көңүл бурбай:

— Эч нерсе эмес, аяш, жакшылыкка сынсын чайнек. Башыңар аман болсо мындай чайнектин миңин табасыңар деп коюп, өз ишин уланта берди.

— Ой, мына бу эмне?

— Жылкынын картасы да, ошондон сал.

— Булчу?

— Момпосуй.

— Ошондон алыңыз, шаарда жоктур ошо,— деп какшык ыргытты Чонтойдун аялы. Эми анын да күйүп-бышканы бекер. Себеби кап толду.

-- Сиз мындайды көрбөсөңүз керек, көмөч дейт мындайды, алыңыз ушундан,—ачуусу мурдунун учуна чыга үнү дирилде ди Багдагүлдүн. Ойдо жок жерден көктөн түшө калгансып, ыйлап-сыктай бир жумада араң даярдалгандын теңинен көбүн тилгинин бети чымырабай алып кетип жатканына ичи туз куйгандай ачышып, ушу азыр аты өчкүр аяш сөрөйдү таяк менен селейте чапкысы келип, тиши кычырады Багдагүлдүн. О түбүң түшкүр, көр дүйнө-ээй, бир пенде күйүнсө, экинчиси сүйүнөт тура!! Ошентип, Чоко сүйүнгөндө Чонтой менен аялы күйүнгөн алееминен жер тырмап кала беришти.

Ана -мына дегиче, акыл-эсти жыйгыча дегендей, арадан күндөр өтүп, айтылуу приватизация башталып калбаспы шаарда! Ити чөп жеген Чоко омоктуу жерде иштеген тууганынын жардамы менен болор-болбос тыйын-тыпырга килейген бир дүкөндү менчиктеп, азыр жаман бармагы нак гана сары майга малынган кез. Ошондойдун бир күнү дүкөнүнө Чонтой кирип калды. Көңүлү бейгам Чоко тигини сүйүнө-сүрдүгө тосуп алып, дүкөнгө кантип ээ болгонун, өзү көрүнгөнгө мактанып жүргөндөй «пашти» бекер алганын, эми товарды кайдан арзан таап жатканын эбирең-жебиреди. Мактангычы кармаган Чоко ал тургай товар сактаган кампасына дейре кыдыртты.

—Мына бул эмне? — деп калды аңгыча Чонтой. Себеби анын жөө жомок айтышып отурууга чамасы чак эле.

— О, бул деген китайски куртка. балаңа жакса ал, дүкөндү майлаганым болсун, тыйын сурабайм, ал, -- деди кошоматкей

жалпактаган Чоко. Себеби ушу кезде тээ илгерки окуя капыстан эсине кылт этип, ошондон жүрөгү үшүй түшкөн эле. Ошону Чонтой эстей элегинде куртка менен кутулуп кеткиси келди.

— Сал капка, — деди Чонтой кабагы жазылбай мурчуюп. Ошондогудай килейген ала капты көргөндө Чоконун жаны чыгып:

— Жарым сааттан кийин бизде чогулуш болмок, тиги ишканада. Ошого жөнөшүм керек, —деп жанын жеди.

—- Азыр жөнөйсүң, дос. Тигиниң эмне?

—- Бул эркектердин костюму, размери алтымыш, сага туура келбейт.

-- Сал капка. Мунуң эмне?

-- Бу аялдарга койноктук, өзү бенгирски, бирок тез жыртылат имиш, --деди Чоко тигинин ниети түз эместигин даана байкап. Эптеп жолго салуунун амалын табуу керек эле.

—Тарт ошондон беш метир. Ой, мына бул да аялдарга койнокпу?

-- Ооба, немисески. Бирок, жаман окшобойбу. эч ким албай жатат.

-- Тарт ошондон беш метир. Тигиниңчи?

— Көрпөлүк кездеме, билбей начарын апкелипмин, өзү да Бишкекски.

— Тарт ошондон беш метир, —деди Чонтой тигинин бызылдаганына кымындай да көңүл бурбай.

Ошентип көзүнө көрүнгөндөн беш метрден өлчөтүп отуруп, каптын оозун бууп тигиндей таштады да, башка капты ачты. Анысы да мурдагысына эгиз козудай окшош. Аны көргөн Чоко кырк күнү карандай суук ичкендей оң -алеттен кетип, муундары титиреп, колдоруи калтырак басты. Уруша кетип, дүкөндөн айдап чыгайын десе торт абийири айрандай төгүлөт. Капка түшкөндөрдүн акчасын эстегенде ичинен кан өтө көңүлү айныды.

-- Бул кантпы, ыя?

-- Көрүп турбайсыңбы, кант, —Чоконун чыдамы кете баштады.

--Тарт ошондон беш кило. Булчу?

-- Кампут, абдан начар экен, балдарды коркутсаң да жебей жатат.

-- Тарт ошондон беш кило. Охо-о, нават бар тура.

- Эскирген нават.

Тарт ошондон беш кило. Ой мына бу бытыраганың эмне?!

А-а, бул балдар чайнагыч. билбей отпөгөнүн апкелипмин.

— О, кокуй десе, көрбөй көзүм кашая жаздаган тура! Тарт беш кило.

— Чонтой дос, мунун беш кили бүтүндөй бир айылга жетет.

— Тарт дегенде тартпайсыңбы? Же ачыша баштадыбы? — деп Чоконун намысына тийди Чонтой.

Ошентип, Чонтой экинчи капты толтуруп бүтөөрдө:

— Дагы эмнең калды? —деди Чокону карабастан.

— Атаңдын башы калды, —деди ызасына чыдабаган Чоко.

— Тарт ошондон да беш кило, —деген экен сөз төркүнүн аңдабаган Чонтой.

ДЕМ АЛУУ

Чоко жолуккан сайын Чонтойду эрмектей бергенди адатка айлантты. Бир сурап бир койбойт, эки сурап эки койбойт. Азыр да киши-каранын көзүнчө акидей асылып,:

— Чонтой дос, баягында кантип дем алганыңды айтып берсең,— дебеспи.

— Койчу ошону, нечен курдай уктуң го.

—Бу жигиттер да уксун, коросо ооздун жели короор, же пул төлөмөк белең? —деп тигинин сээрин чукуп коёт.

— Айтса айтайын, — деп Чонтой анча көңүлдөнбөй баштайт.—Күтүлбөгөн жерден аялы айылга жөнөп калбаспы, анын мага майдай жага бергени—айылга эки күнгө жөнөгөнү. «Кудай бир кош колдоп берди» деп сүйүнгөнүмдү айтпа. Он мүнөт тыным бербей мээни кудум тоңкулдактай токулдатчу аял эки күнгө кетип жатса, а балдар деген кечке окууда, анан кружокторунда... Эки күн Эр Төштүк мындай калсын, бабабыз Манас уйкусун салып, эси-көөнүмөн кеткис дем алайын деп ойлодум.

— Анан?

— Анан, аял аткарылчу жумуштарды тизмелеп, менин баарыга маалым оомал-төкмөл эсиме ишене бербей жүргөн неме, «унута көрбө» деп үч кайталай мээме куюп жатты. Менин жаркыраган пешенеме бу сапар жарытылуу деле жумушу жок экен. Бар жумушу — эртең менен саат алтыда туруп, балдарды тоюлдуруп, окууга жөнөтүү, анын ичинде биринчи класстагы кызды мектебине жеткирүү, анан дүкөндөн нан апкелүү. Ушул, болгон тапшырмасы ушул! Ушуга да мээмди чиритип, жарым саат морал окубадыбы! Эгерде эле саат алтыда ойгонуп калсам барбы, тиги тапшырмалардын тишин гана чакмакмын да! Кептин төркүнү убагында ойгонушта турат, бирок бул проблеманын мага тийиши жок. Кимге керек болсо, ошо чечсин. Себебин өзүңөр билесиңер, саат алтыда ойгоно турган ит адат менде жок. Жалгыз калганда эң эртеси саат ондордо ойгонуп алып, кудая шүгүр деп жүрбөймүнбү. Ушу проблеманын чекесин жылкытсам аялым:

— Аны мага кой, —деди камаарабай.

— Сен айылга...

— Ошо айылдан туп-туура саат алтыда тилпон чалам.

— Сматри, мен буга жоон бербейм, —дедим.

Ошентип, бул маселе да мени таш-пишке түртпөй өзүнөн-өзү чечилди. Вот та-ак! Ити чөп жегендин иши ушинтип эле алдыга жыла берет...

Тилпондун жаны тынбаган ачуу чырылдагынан ойгондум да, бетти чала була чайкамыш этип, тапшырмаларды аткарууга кириштим. Ызы-чуу түшүро балдарды ойготуп, «давай бетти бүгүн жуубасаң эртең деле күн бар, давай» дел шаштыра окуугa даярдадым. Чын да, балага эмне? Бүгүн болбосо эртең жууп алат, а мен каалаган күнү дем алалбайм. Ошондонбу, кудай өзү берген мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, бүгүн, анан да эртең керили-ип, чоюлу-уп, оң жамбашка бир оонап, сол жамбашка бир оонап, кааласам оонабай деле эси көөндөн кеткиче уктаарым элестеп туруп алды.

Тапшырмалар кечээ табышталгандай аткарылып жатты, ал тургай катын жаман акылында эсептеп чыгаргандан он- он беш мүнөт эрте жөнөдүк мектепке. Автобуста баратканда Айжан, жаш бала да, мектепке жетпей эле жарым жолдо түшө бүз деп чатак салса болобу. А десем көнбөйт, бу десем көнбөйт, жаагы «чуу» дегенде араң эсине келбедиби! Баланын иши чала деген ушу да, жарым жолдо түшүп калып, жөө жеткенче сабактан кечигээрин билеби булар. Автобустан түшсөк Айжан:

— Мына эми, сабактан кеч калдым, бая эле түшөлү десе, деп ыйлактады.

— Эмнеге?

— Эмнеге, эмнеге, бу жер балдар бакчасы да, мектеп калбадыбы артта!

Чын эле балдар бакчасына келиппиз. Түү иттики...

— Өткөн жылы ушерге бир жеткирип келбедим беле?

— Туура. Ошондо мен балдар бакчасында жүргөм да, —деди ыйлап.

— Кеттик артка, жүгүр тез. Муну оозуңдан чыгарсаң, балмуздактан айрыласың, —деп кызды опузалап коём дагы. «Өлбөгөн жанга ничево» деп коюп, андан ары тапшырманын ки-

йинкисине, буюрса эң акыркысына — нанга жорттум. Оң мүнөттө бул тапшырманын пачагын чыгараармын деп баратам.

— Нанды апкелдиң да, анан.

— Мен шордуу куду сендей ойлоп, дүкөнчү мени көрөөр менен нанды колтуктап алдыман утурлайт деп барсам... айла-анайы-ын! Мен айтпайын, сен укпа! Адам деген, билесиңби? Күпкөгө айдаган кадимки өзүбүздүн ак койдой биринин үстүнө экинчиси жыгылып, алдуусу алсызын тебелеп, согуш талаасындагыдай ач айкырык, куру кыйкырык! Эң кызыгы нан келелек. Нан талаш болсо да бир жөн. Эчтемеден эчтеме жок, эсирген эки катындын төрт колу бири-биринин чачтарына килейдей жабышып, өздөрү айылдап- чайылдап бука тартышка түшкөндөй сүйрөшүп жүрөт. Карап турсам эки катынды ажырата албай алты эркектин эси ооду. «Кой» дедим ичимде «ушинтип нан жегиче бир күн нан-орозо кармап койгондон эч ким кырылып калбайт, жаман катындарча майда баратка ыбырсыбай, эркекче дем алышты баштайын» деп үйгө зыр койдум.

— И. анан?

— Анан эркектерче ыкчам кыймылдап, ачып көздү жумгуча үйгө жетип, эшикти мустакам бекитип, көңүлүмдөгүдөй калың орун салып, «тарс» бир тийдим. Ой, жыргал ай! Бу дүйнөдө тынч уктаганга не жетсин...

Көзүм ызгып-ызгый электе тилпон атасы өлгөндөй өкүрүп, бакырып калды. Ушунча жашап бу иттин доошунун мындай заар экенин байкабапмын, тим эле мээңе чыгат. Жерге бир чаап, заматта ашмалтайын чыгара жаздап барып астаапырла келтирдим. Тиги Бишкектеги студент кыз тилпон чалмак да, жооп бербесем ошо бечара мостоюп калмак. Аны ойлосоң зээниң кейийт: базар экономикага дейре бүтө албай шору куруду, тамак -аштын баасы асмандап, алардын стипендиясы кайырчынын да көңүлүн көтөрүүгө жарабай ит болбодубу. «Балдар сто просент сабакка катышпай, базар экономикасы менен алектенип, базардан чыкпайт. Кыздардын деле шылуундары окууга катышпайт» дебедиби өткөндө. «Кантип баа алат?» десек: «Балдардын, анан жанагы шылуун кыздардын айтуунда жөнөкөй баанын наркы «жарымта» имиш, анан зачет-мачеттуку итабар жогору имиш» дейт. «Базар экономикасына аралаша албаган бизди «ашка жүк, башка жүктөр» деп жининен жаман көрөт» дейт мугалимдер. «А силер сабакты өздөштүрүп, келечектеги күчтүү адистикке даярданып жатпайсыңарбы» десек, «Аныңыз туура, бирок азыр ишке жарабаган адистен мугалимге пайда жок тура» деп бозорот кызым. Эртеңки күйруктан бүгүнкү өпкө деген ушул бейм?

— Аныңды коюп, тилпонду айтсаң?

— Ырас эле арсарсып, барып жаңы тынбай жаагын жаңган тилпонду ала койсом «Аптекабы?» деит кайдагы бир ыкшыган көк жөтөл. «Атаңдын башы» деп тилпонду коюп, ордума жата кеттим. «Аныма ушундай» «айылдын» жок дегенде бир-экиси чыгып турса кана, атаганат»! —деп көшүлүп баратам бүтөн-бөюм жиоишип. «Чаңк» эткенден чочуп тура калсам, тиги тилпондагы... Атаны кокуй, тар дүйнө-ай! Тиги Бишкектеги кыз болгогондо шорун шорподой гана кайпатат элем да ушу жаагы тынбаган тилпондун.

— Ало, Чоптойсуңбу?

— Ооба, мен эмне башкача корунуп жатамбы көзүңүзгө?— деп кайра чочуп кеттим. Ботом, тилпондон көрүп турмак беле! Анан өзүмдү өз убагында колго ала: —Айтпаисыңбы айтчуунду маалкатпай. —Тигини ким болсо да кагып салдым кайран өзүм.

— Эмне эле айкырасың ыя?! —дегенде даана тааныдым, катындын озу. — Тапшырмалар аткарылдыбы?

— Баары аткарылды, бирөөнөн башкасы.

— Кайсы бирөөнөн.

— Нан келе элек.

— О кокуй, нанды үйгө апкелип бербейт, жөнө кезекке жет.

— Жөнөдүм, —деп эми чындап кириштим дем алууга... Бирдемеден ойгондум, саатты карасам он, бар болгону он мүнөт уктапмын. Эшик чырылдаптыр. Ачсам бир мөлтүрөгөн ажарду орус кыз! Ачылбаган уйкуну көр!

—Светти текшерем,—дейт. Жагып көрүп «бар экен свет» дедим.

— Китепчесин текшерем, —дейт тиги кыз

— Китепчеси эмнеси? —дейм тигиден көз айырбай.

Акча төлөгөн китепче, —дейт тиги. Атың гана өчкүр акча төлөгөн китепчени издебеген жер калбады, аны таппай мөндан тер шорголоп, тиги кызга да уят болдум. Абалымды түшүнгөн тиги «ладно, кийинкисинде» деп кетип калбасы. Чай ич дешке жарабай эсим ооп тура беринмин, тообо! Эми жатайын десем кайра эшик чырылдады. Жанагы кыз болсо чай ич дейин деп ачсам арак эле жаны бар, бир кип-кичинекей кыз тили келбей булдурайт. «Апама» дейби, «атама» дейби, айтор, адашкан көрүнөт. Эми муну кайда апарам? Кайдан келдиң? Үйүң кайда?

— Мына, —деп мандайдагы квартирди көрсөтөт. Кокуй көңшунун кызы тура, жеткирем деп көчөгө которуп кетсем же милицаса апарсам, күн гана өлмөкмүн да!

— Кана, айтчы? — деп эңкейе кулак тостум.

— Ашата.

— Кандай?

— Апашта, —дейт тиги. Же мага ушундай угулдубу, же баланын көңүлүн сындыралбай, же түшүнбөй, айлам куруганда үйгө апкирдим. Бу тентекти бир буюм сурап келүүгө жибериш кенин билип атам дечи, ошону жөндөп айта албай жатпайбы. Көкнөгө ээрчитип кирдим. О, шумдугуң ку-ур! Жанагы кыз барып аш тактаны кармады. Ошол тура сураганы.

— Эшикти ким чырылдатып берди? —дедим. Себеби анын бою жетмек эмес да. Ушуну билип алган акылды карасаң-эй!

— Апам.

Ошондон кийин гана дем алыш башталды. Чырылдайт, дагы ойгондум, дагы эшик. Бүткөн боюм салмактанып, башым ооруп калыптыр. Ачсам Айжан экен.

— Качып келдиңби?

— Каяктан?

— Каяктан болот эле, сабактан да?

— Качкан жокмун.

— Кружоктон дейм.

— А, кружоктонбу, болгон жок ал. Эжекебиз келбеди.

— Эңгиреген эжекең эмне келбептир?

— Билбейм, базарда манты сатып отурганын көрүптүр го агай.

— О мантың менен мамыран калгыр, —дедим ачууланып. Ушу мага туш келгенин кара манты сатышы. Аңгыча уулум да кирип келди шенендеп.

—Сага эмне болду? —деп калчылдап кеттим.—Ушулар мени демалтабы эми, о шорум ай!

— Эч нерсе болгон жок.

—Эмне эрте келдиң?

— Эки сабакты өтпөдүк.

— Эмнеге өтпөйсүң? Ушинтип окубай жүрсөң кандай адам болосуң? —деп тигинден ачуумду чыгардым.

— Агай жок болсо менде эмне?

—Ачтарылгыр агайың кайда житип кетиптир?

— Мен кайдан билем? Базарда картошка сатып отурат дешти го.

— Ата, —дейт уулум. Мен урушуп алгансып унчукпайм. Ачуумдун катуу келгенинен муундарым титиреп озумө келалбай, ары-бери басып тургам.

— Эрте жөнөтүпсүз го мектепке? Эшикте тура берип тоңуп калдым.

— Кандай эрте?

— Ошондой эле, мен баргандан бир сааттан кийин ачылды мектеп.

— Койчу!...

— Чын, ата, —дейт Айзада да, —мектеп жабык экен, мен дагы тоңуп-тоңуп калдым. Мектеп ачылгыча көчөдө жүрдүм.

— Курсактын ачканын айтпа, —дейт уулум. Булар эмне дөөрүгөнүнө башым жетпеди менин. Ал тургай Айзаданы кечиктирип апарбадымбы? Ошентип «дем алыш» бүтүп, айылдан аял келгенде такташтырдык.

— Ой, жинди, —дейт балдардын апасы. —Сени кечигип калбасын деп саат беште ойготком.

— Ана, менде күнөө жок тура.

— А сен саатты карабайсыңбы!?

— Сен саат алтыда ойготом десең сааттын жебесине убакытты коротпоюн деп, мен жалаң мүнөтүн карагам, —дедим ойду омкоруп, тоону томкоруп койгонсуп...

КАЙРАН ТУКУРУК

Көчөдөн суйсала өтүп бараткан кыздан көзүн албаган Чонтойдун созу аңырдай ачыла нес болгон немедей ордунда казыктай какайып, а түгүл шилекейин тартууга дарманы жетпей турду. Тиги суйсалган сулууну да Чонтой тиктеп турган терезенин ары жагына аркандап койгонсуп, узап кете албай кайра кайтып, өчөшкөндөй терезени гана түптөй жайбаракат өтүп, Чонтойдун жүрөгүнө орт койгонсуду. Анан арттагы бирөөнө кол булгалап, бирдемени түшүндүрдү көрүнөт, дубалга далдаалана жаздап, кайра жөнөгөн жагына бурулуп, «и, кыйын болсоң лам деп көр» дегендей Чонтойдун алдынан дагы бир жолу өтүп дагы бир жолу Чонтойдун ичине чок таштап, бүткөн боюн кызытты.

—Бери кел, Чоко дос, карачы тигини! Айпериби же күнпериби?! Деги пендеби же периштеби? Орто бой, кымча бел, койкойгон улар моюн, олоң чач, оймок ооз, бото көз, апакай жүз, атаганат, куду жомоктогунун өзү го, чиркин! Раймалы айтмакчы «мен бойдок кезде кайда жүргөн?» дейм да чунак кыз! Түү, түү, көз тийбесин. Тааныйсыңбы ия.?

—Билем. Биринчиден, ал кыз эмес, давно жубан.

— Жубан?

— Давно.

— Кайсы ити чөп жеген мурда илип кетти экен мени кашайтып?

— Илген да бир кыйын. Анан ошо ити чөп жеген кыйын бу чүрөгүңдү кумары тараганча уйпалап туруп, анан куш агыткандай коё бериптир. Азыр субай-салт дейт.

— Койсоңчу, Чоко, оозуңа келгенди оттой бересиңби! Ичиң арак куйгандай тызылдатып, тымызын түтөп атсаң да «бул, пери тиги ити чөп жегенди коё бериптир» деп чындыкты чыркыратсаң оозуң кыйшайып калабы? Деги кудайды карап, анан да күрөккө токтогудай сүйлөсөң өлөсүңбү? Коё берүүнү кой, деле мындай периштени өйдө карап тиктөөгө канча күч керек? Көп караган көз агып түшкүдөй го чиркин!

— Чын эле ити чөп жеген коё бериптир.

— Ошо ити чөп жегениң ким эле, ыя? Облус башчысынын же президенттин баласы беле?

— Президент-мирезидент эмес эле жоп-жөнөкөй адамдын баласы, кадимки мантыпуруштун баласы.

— Кыйын чыккан экен да, кысталак!

— Кыйын -мыйын чыккан жок, болгону катардагы шоопур.

— Во! Эми туура айттың. Мен да ушундай ойлогом.

— Кандай ойлогонсуң?

— Аның келесоо болгон, ошон үчүн айпери чанып кеткен. Туурабы?

— Таппадың, дос, акыл-эси жайында ал жигиттин.

— Анда... Таптым, таптым, өңү серт, ыраңы суук, өзү да бүкүр болсо керек. Ошонусунан периге тең эместигин сезип, анын айдай пешенесин байлабайын деп жол бошоткон го зирек жигит? Анда эле молодес жигит го, ыя?

— Башты айлантпачы, бай болгур. Өңү серт-мерт эмес эле айдай жигит.

— Анда аның арак ичкич зөөкүр, кылдан кыйкым издеген кызыл камчы болсо керек?

— Бала болуп, башына жүн чыкканы арак ооз тийбептир, өзү да жибектей созулган жигит имиш.

— Та-ак, анда тиги жигитиң алигиндей го? Туурабы, ыя? Ал так ошондой! А сен былжырап «жубан, жубан» дейсиң, кайдагы жубан? Тигиниң алигиндей болсо, кайдагы жубан? — Чонтой өзүнчө эле кудуңдап, сүйүнүчү койнуна батпайт.

— Кайдагы суук сөздү айтасың? Алигиндей-малигиндей эмес, кочкордой жигит имиш.

— Ушу сенин имишиң кыйнады го. Сен айтпай тур, кайран өзүм тапканы калдым, мына-мына тилимдин эле учунда... Эми

эстебедимби! Көз атып аңдыган көп жигиттердин бирди-жарымынын да ити чөп жеп, ыгын таап айперини уйпалап койгондун үстүнөн чыккан го жанагы ити чөп жеген? Жаш эмеспи, периштени да шайтан азгырып...

— Угушума караганда периштең азгырык-мазгырыкка алданбайт имиш. Ушуга чейин периштенин этегин бир ачса, тиги ити чөп жеген гана ачкан имиш, анан бир ачса бейкүнөө желаргы ачат имиш, —деп Чоко толгон-токой имиштер менен тигинин тооктукундай мээсин будуң-чаңга түшүрдү.

— Сен бир оңбогурсуң да, эми уялбай тиги айпериден кемчилдик изде дегени турасыңбы? Маакул, изден да көрөлү. Ушундай периде кантип кемчилдик болсун?! Бу экөөбүз жинди экенбиз-эй. Болду-болбоду айпери эрке өсүп, тиргиликке чала бышып, тиги ити чөп жегендин кара жаак энесине жакпай калгандыр? О, уят-сыйыты жокто-ор! Ушун үчүн айдай келинден айрылып... Алдап-сооласа үйрөнөт эле го. Энеден баарын билип түшкөн ким бар өзү? О, атаңдын гана оосун...

— Андан бейгам бол, ошо сен айткан кара жаак кайненеси келинден кемчилдик табуунун мастери имиш, бирок эки жыл айперинин сары изине чөп сала аңдып, айтаарга арзырлык кемчилдик таба албай ичи бышкан имиш.

— Же иштен чарчап катуу уктаган бечарадан киши-каранын көзүнчө жел-пел чыгып кетти бекен? Ысык жан эмеспи...

— Койчу, кайдагы шумдукту.

— И-и, эсиңе жара чыккырдыкы десе, согончогу канабаган го?

— Согончогу бир эмес, эки мертебе капап, азыр өзү менен балапанактай эки уулу бар имиш.

— Ошого карабай кое бериптирби? Кудайдан үмүтү жок кандай түгөнгүрлөр өзү? Периште барда жап-жарыкта жашаган эмелер азыр кап-карацгыда калышкандыр дейм?

— Ушу сапар шариктериң оң айланды. Же келинден же чолкондой неберелерден жок үңкүйүп калышыптыр. А тиги ити чөп жеген капаска камаган күштай карып болуп, ити чөп эмес, жүгүнду иче албай калган имиш.

— Кана, сырдыбайдын сырындай жашырбай айтчы билгениңди!

— Бая айтпадымбы, периштенин кайнатасы мантыпуруш экен деп...

— Ээ, кайнатасы маа десе итпуруш болбойбу, башыңа урасыңбы кайнатасын. Тиги перинин айтсаң!

— Периңди ити чөп жегенге коё бердирген ошо кайнатасы имиш.

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N

— Койчу! Аялдардын ишине аралашкан кандай неме? Анын мантыпуруш эмес эле катыпшурушпу дейм? Ээ, жаштардын турмушуна кийлигишкен кысталак десе! Ал эмне иттик кылып тыр? Айперини аңдыптырбы?

— Ошо кайнатасы мантыны үйүндө даярдап, анан көчөдө сатат имиш.

— Манты, манты! Койчу ай, кайдагы жебеген мантыны. Манты сатпай самыран калсын. Тиги перини айтчы, ичти бышырбай. — Чонтойдун чыдамы кетип, өзүнчө үтүрөңдөй баштады.

— Укпайсыңбы эми, кептин баары ошо кесепет мантыда экенин сен кайдан билмек элең. Мантыны түйүп жатканда камыры кургагыраакпы, айтор, бир сапаркысында бир тобу жабышпай койбойбу. Анан шаштысы кеткен келин беш-алты камыры жабышпаган мантыны түкүрүктөп түйүп салат экен. Аны каран калгыр кайнатасы астыртан байкап коёт да.

— Ну и што? Арбак урган кайната сөрөй бу периштенин түкүрүгү дары экенин билбейби?

— Ошо замат буюм -теримин жүктөп, келинин төркүнүнө жеткирип койгон имиш кайнатасы.

— Көпкөн ит тура аның, ой, ошого да келин кетиреби? Эскертип койсо өлөбү? Мерез тура, мерез. Тээ илгери партбюродо деле биринчисинде эскертүү, ашып барса сөгүш берчи эмес беле! Тиги ити тезек жегир күйөө сөрөй ортого түшпөйбү.?

—Андан сурап да койбойт имиш кайната.Салт ошондой имиш.

— Күйбөгөн жанды күйгүзөт да буларың, тиги кемпайың сата бербейби мантысын. Алты мантынын түкүрүктөп жабыштырылганын ким билет? О, түкүрүктөн гана айланып тегерепип кеткир кемпай! Жанагы жүүнү бөш ити балээ жегирди карабайсыңбы! Катынын калкалап калалбаса...

— Салт боюнча андан пт да сурабайт имиш дебедимби.

— О, салтың менен самыран калгырдыкы. Кар болгон кайран гана түкүрүк!

ШЕРМЕНДЕЧИЛИК

— Чонтой, баягы шермендечиликти айтып берсең, мына бу иттин ичегисиндей чубалжыган узун жол аптаматически кыскарсын, —дейт ачкемердей асылган Чоко

—Давай, давай, —дешип машинеде отургандар да сурашат аны.

— Кайсы шермендечилик эле? дейт эси чакталуу Чонтой.

— Ашканадагы, тиги жумушчулар ашканасындагы шермендечиликчи?

— О-ий, андай шермендечиликти пендени мындай кой, итке да ыраа көрбойм. Бу рынок экономикага өткөнү үйдөгү бюджеттин ар бир тыйынын саналып калбадыбы. Илгери түшкүсүн ресторандан, ага алы жетпегендер кадимки ашканадан биринчи, экинчи, ал аз келгенсип үчүнчүсүнө эки-үчтөп самса-памсаны табитиң тарткан-тартпаганына карабай тыкшырып, анан тиги бордоп семиртүүчү чарбанын букаларындай чайпала басып ишканаларыбызга жонөчү эмес белек, чиркин! Азыр жумушка жарты нанды коюнга ката кетип, түштонүүдө ошону жеп, артынан бир стакан суу ичип, ушупубузга шүүрчүлүк келтирип калбадыкпы.

— Чын эле баягындай күрсагын сылап, бооз катындай карынын челкилдете баскан эркектердин карааны азайып, кочодо жатакчынын атындай тартайгандар, мергенчинин тайганындай итендегендер көбөйүп баратат, —деп сөзгө кычылды Чоко.

— Ошону айтам да. Бир күнү үйдөгүлөр айылга кетип, кайран өзүм кеч ойгонуп, бети-колду чала-була чайкамыш этип, шаша жумушка келгем. Оозго наар алышка кайдагы чама! Кап чыкта катындан каткан беш сом жүргөн, ошого түштө бир тоюнайын дедим өлбөгөн жанга. Үчүнчүсүнө жетпесе да биринчи, экинчи...

Оңоптун, өзүбүздүн баягы Манастын ордосундай чоң ашканабызга кирдим, тамакка кезегим жеткиче эле шилекейим чуурап баратат, чиркин! Айтса-айтпаса ушу биринчи, экинчинин даамын татпаганыма кой эле болбодубу. Биринчисине мастава гана алмакмын. Апсыз адам болуу кыйын, себеби мурунку күнү «жетим согушка» катышып, «ок тийген» эле. Аны бир «жазса» ошо октун өзү «жазат», анан бир «жазса» Оштун маставасы жазат эмеспи. Мастаага ачыктан аябай салдым, себеби ушу ачык гана бекер Ошто, каалаганыңча саласың. Атагенат, ашказан сиңире алса ушу ачык менен гана түштөнмөкмүн.

И-и.

Тамак ташыган табакты ордуна жеткирип кайра келсем, үстолдо бир орус отурат. Өзүнүн арабасын соксо отурмактан отурсун дечи. Менин гана өзөгүм үзүлө күткөн маставамды уруп баштаптыр-эй! Замандын кысымынан жанын багалбаган бечарабы десем, чакчарыла кийингени укмуш, галстук тагынганычы, бу уяты жок жер куруткурдун. Бу шерменде кур деген де ошо галстукту сыйлабайбы дейм да. Солөкөтү сөөлөттүү

адамдын ушу ыпластыкка барышы шермендечилик эмей эмне, ия? А көрөкчө көчөгө шапкесин таштап, кайыр сурабайбы бу шоркелдей? Жиним бир кайнады дейсиң, аз жерден чоку талаштыра берип кала жаздап, бирин-экин тааныштардан тартына араң токтодум. Ары анын орустугунан тартындым. Бу бечаралар да гөр оокаттын айынан кете беришип, кете беришип, эми кызыл китепке жазгыдай эле төрт орусубуз калбадыбы. Ошондон да аядым көрүнөт тиги мусаапырды.

Биринчи алууга тыйын калбаганынан айла кетип, ошо экинчиге эле каниет кылууга бел байладым. Кофе куюлган стакандын үстүндөгү эки кесим нандын бирин өзү алып, экинчисин мага жылдырды бети калың шерменде. Бекер оокатка көнгөн шерменде маставаны заматта түгөтүп, кофенин жарымын ичти да, жарымын мага жылдырып койду. Ушу жерден ичими өрт алып, күйбөгөн гана жерим күл болду да. «Пулун төлөдүң эле, эч болбосо кофеңди өзүң ооз тий» дегенге жарабады тиги шерменде. Ботом шерменде болбосо, башка бирөөнүн оокатына да ушунча кожоюнчулук кылабы, ыя, айланайындар? Тиш кычырай каным кызып барып, араң-араң оң колдун ачуусун баспадымбы. Кызыл китепке жазылаары болбогондо...

Жалгыз экинчиге алымсынбаган чала тоют жаным ордуман очорула араң козголуп баратсам, бирден кийинки үстөлдөн көзүмө бир укмуш көрүндү, ошону көргөнүмө ишенбей көзүмдү ирмеп-ирмеп алдым. Түү.. Кашайгырдыкы! Чыныгы шермендечилик быякта тура! Эч ким билбесе деле элеңдеп, элдин баары мени шылдыңдагандай заматта бетим алоолоно ысып-күйүп... Кыскасы, төрт абийир айран төгүлгөндөй гана төгүлбөдүбү!

— Кантип?

— Менден кеткен тура шермендечилик! Бирден кийинки эле үстөлдө мен алган тамак ээсин таппай жетимсиреп турганын көргөндө ичим туз куйгандай ачышпадыбы. Биринчи... Экинчи. Кофе, түү иттики, көрсө мен шерменде болгон экемин экинчисин уруп коюп өлгөн турбаймынбы, а бечара мени бир шоркелдей мусаапыр деп бир кесим нанын, кофесинин жарымын бергенин карабайсыңбы? Түү шермендечилик!...

БООЗ ЭКЕН

Совхоз мамлекетке эт тапшыруу планын толтура албаганда деректир эскиден үйрөнгөн адаты менен элди кысып, эт планы үчүн мал тапшырта баштады. Эл катары Чонтой да бир килейген бодосун этке тартты. Малды жетелеп келатып да, мына азыр таразанын жанында да ичи үйгу-түйгу. Кабыл алуучулардын кылык-жоругунан зааркынып калган эл. Таразаны тигиле карап турбасаң, аш-паш дегинче чала тартып отуз-кырк килди жөн эле уруп салат. Анан кийин да толгон-токой шылтоолорду шыпырылтып, малдын салмагынан кемите берет, кемите берет. А сенин мал баккандагы таман акың, пешене терең аларга бир тыйын. Семиздигинен басалбай турса да орто семизге жазат, мындан бир күйөсүң, оозу кыйшык болсо да байдын уулу сүйлөп жатса карап туруп, күйбөгөнгө чарың канча! «Куйругу кир, туягы кир» дейт, ботом, килейген малды же газа шейшепке ороп көтөрүп келалбасаң? «Көп тойгозгонсуң» дейт, «шарп оорулуу» деп да жок жерден кемитет. Акырында субайын деле кара күчкө салып бооз деп, ал үчүн бир далайды кемитет. Кыскасы, мал тапшырган букарада бир тыйындык да укук жок. Ал эми кемиген ар бир кил салмак төрт-беш сом экенин эстегенде ким күйбөйт мээнетине? Ушуларды ойлогон Чонтойдун тынчы кетти. Кабыл алуучунун тараза тарткан сыйкырдуу колунан көзүн албай жалдырайт.

— Мына, карап тур, Чонтой, дагы укпай калдым деп ушак айың кылбагыла. Малыңдын салмагы үч пресен кемитүүдөн кийин деле төрт жүз килди басты, аябай баккан экенсиң, азамат! Бирок, бооздугуна жыйырма пресен кемитебиз, тиги ветврач сенин көзүнчө карап чыкты Туурабы,? Же мен силер ушак- айың кылгандай ойдон чыгарып жатамбы? Бу силердин айыл уялбай эле ушак-айыңга уста чыкты го, ия? —Кабыл алгыч алыстан таш кулатып, ушак-айыңдын баарын Чонтойго тогоп, анын жаагын жап кылып турып гана кемитчүүсүн кемитейин деди көрүнөт.

— Менин малымдын бооз эместигин айылдагылардын баары билет.

— Айылыңарда канча ветврач адисиңер бар?

— Бирөө да жок.

— Вот видиш, айылыңда бир да адис жок, анан эле баарың оозуң менен орок оруп, буудай жанчканга устасыңар. Бооздук алгачкы айларда көзгө билинчү беле? Же сен аялың өзү айтпаса деле эки айлык боюнда барын билип аласыңбы? Анда сен олуя болуп кетпейсиңби?—Кабыл алгыч шашпай рахаттана окуду лекциясын.

— Билбесин билбейм деңизчи.

— Во, мына эми сөздүн пукура алтынын айттың, азамат, адис болбогон соң адистин ишине кийлигишкен уят, иним.

— Кыргыз баласы малдын бооздугун билет го...

— Ээ, дагы баш оорутманы башынан баштадыңбы? Кыргыз баласы, кыргыз баласы... Кыргыз баласы окубай эле тубаса ветврач болсо тиги Бишкектеги айыл чарба институту пок жегени уюшулганбы? Же сен өкмөттүн саясатына каршысыңбы?

— Жок, аксакал. Бооз болсо бооз экен да. Мурда боозуна он үч пресен кемитчү эле, сиз жыйырма...

— Бу сенде нышым билим жок тура. Базар экономикасына өткөндө илгерки партократтык мезгилдеги буйрукчул нормалардын баары өзгөргөн, Чонтой. Сен акыры кайсы заманда жашаганыца бир саресеп салсацчы, илгери бир тоок эски акчада үч сом эмес беле, азыр жацы акчанын үч сомуна тоок эмес жумуртка бербейт, же туура эмеспи?

— Туура, аксакал.

— Анан эмне дейсиң? Ошентип, Кабыл алгыч кагазына үңүлдү. —бооздугуна жыйырма пресен чыгаргандан кийинки акча төлөнчү салмагы үч жүз жыйырма кил боло-от, туурабы, ыя, Чонтой?! —деп мурутун чыйратты.

— О-уу, аксакал, сексен кил чыгып кетеби? —деп баккан мээнетине күйө чыйпылыктады Чонтой.

—Башты оорутпачы, Чонтой, пресен чыгарышты экинчи класста окутат. Төрт жүздөн жыйырма пресен чыгарбайсыңбы, канча болот?

— Сексен кил деген кеми үч жүз жыйырма сом болот, байкеси, ушуга күйдүрбөчү, байкеси.

— Жөндөн-жөн боозду кысыр дегидей башыма таш тийиппи менин?

— Жөндөн-жөн эмес, байкеси.

— Анан кандай?

— Жүз элүүсү сиздики, байкеси.

— Оо, ошондой де, анда жон экен. Баяле ошондой дебейсиң би, башты оорутпай. Мына эми сен да базар экономикасынын мацызын аз-аздан түшүнө баштадың.

Ошентип, Чонтой бир мал таңшыруудан эле жүз жетимиш сомду жок жерден танканына сүйүнө-сүрдүгө үйүп коздой жоноду шашып. Базар экономикасынын мацызын түшүнө баштаганына жетине албайт бечара. Ошондон эки ай отүп үйүндө деп алып отурган Чонтой «дирт» эте чочуп, козу алая тиктеп калды эшикти. «О, акылман болгон атацдын оосун урайын» деп ызырына сөгүнгөнчө атып чыкты эшикке. Көрсө, эки дүйнөдө да Чонтойдо уй аттуу болбоптур, козго басар жалгыз өгүзүн тапшырган тура эгке!

— Кудайдан гана үмүтү жоктор. о, базар экономикадан айлангырлар, өгүздү бооз деп, — тишин кычырада көпкө сүйлөн ду Чонтой.

КЫЗГАНЧААК АЯЛ

1. АЙНАШ

Үйү бары үйүнө, үйү жогу карагандын түбүнө дегендей кошо отурушкандар жай-жайына кетишип, ээн үйдү мурда сүйлөшүп алышпаса да, кудайдын буйругу экен, Чонтой менен Айнаш ээлеп калышты. Чонтой өзүнүн итабар мас экенин жадында билип турса да «бөрү карыса бир койлук күчү бар» эмеспи деп, ошондон үмүттөнө тенселе туруп, Айнашка «мен да эркектердин тизмесинде жүрөм» дегенчелик айбат кыла таң берди. Бирок, эки аттаганда башы ооп, анан чалкасынан кетээрде ондой берди болуп керебетти кармай калбасы. Баятан бейштин төрүн гана элестетип, өзүнчө жырган отурган Чонтойду арак алсыратып, бара-бара арабакечтин атындай тер чача нымшып, бара-бара каруусу кете баштаганын, жаман акылына денеси баш ийчүүдой корүнбөй, бара-бара ныксыраң, бүткөн бою салмактангандан жаны жер тартып баратканын сезгенде көцүлүн арман аралады. Атаганат, мингип Айнаш менен жалгыз калаарын билгенде жалгыз «арак» деген диагноздон атасы шеит болгондой баса -баса ичмек эмес. Кайдан-жайдан келе калды эле балекет басып, эми мингип чала тааныш аялга маскара... «Ой-да, чериңди бир жазып алгыдай кылып, сени тиги менен жалгыз калтырып кетебиз» деп шериктери алдын-ала эскертип коюшканда аракка, озү айткандай, бут жуумак эмес. Өлбогөн гана төрт шыйрагы калбадыбы! Башкасы болбосо да адамча басып барып, колдон келишинче эркелетимиш этип, анча-мынча өпкүлөп койгонго дарманы жетсечи, атаганат! Айнаш арыбери басып, идиш-пидишин жыйыштырганча Чонтойдун мышык ыйлагыдай абалын аял катары ичтен сыза түшүнүп (себеби бүгүнкү отуруштун аягы ага деле кызыксыздыгынан), аны

сын билдирмекеен болуп, кыт кыт жалган күлөт. Чонтой уяты нан башын көтөрө албай желке тамыры кыйылган сымал шылкыйып, ушу азыр бир кулач жип табылса муунуп эле алгысы келип турду....

Иттин үргөнүнөн чочуп ойгонгон Чонтой жаш балача көздөрүн ушалап-ушалап алып жанагы шермендечиликтин түшү экенин билгенде бир сүйүндү дейсиң, аялы Багдагүл уул төрөгөндөн бөш-бетер сүйүнбөдүбү. Тияк -быягын каранды эле көзүнө эч нерсе чалдыкпады, көрсө али таң атпаптыр. Ошонун түш экенине миң бир жолу тообо келтирип жиберди, сыягы.

Асман, жердин эле эмес, ачуу менен таттуунун, кубаныч менен кейиштин да арасы каш менен кабактын ортосунчалык экенине Чонтой ынанып турду. Себеби жанарааста тозоктун отунда боркулдап кайнап жаткан чымындай жаны эми минтип отунда боркулдап кайнап жаткан чымындай жаны эми минтип, ал тургай делебеси козголуп, караңгы түндүгүнө карабай боздото, боздото ышкырып жибере жаздап токтободубу, кудай аткырдыкы! Анан кайра жүрөгү болк эте чочуп, чыдамы кете орудунан обдулду. «Түш түш менен, деги кимдикинде жатам өзү, дээринде этегим жаман жеринен жыртылган жаным жамандык тан алыс болгой элем» деп денеси заматта суу сепкендей чыйрыгып, жанагы уйкусураган көздөрү панардай «пар-пар» ачылды. Чонтой байкуш өзүнүн үйүндө же башка үйдө жатканын биле албай, же чама-чаркы чакталуу эсине кечээ каерде кечкирткени тезинен келе койбой, бара-бара тынчы кете ойдолоп көпкө жатты. Өзүнүн да соо эместигин эми байкады: башы баш кейптен кетип, кадим таш казандай салмактанып, тили оозуна батпай кургагандан Алыкул айткандай «жарым кашык» сууга (музыка эмес) зарыгып, көкүрөгү күйүп бараткандан ачына койсо кайра чыйрыгат. Ошентип, кумга ыргытылган балыктай чабалактап жатканда бир нерсе «зың» деди. Кечээги күнүнөн бир үзүм көз алдына тартылгансыды. «Түү. эсиңе жара чыккырдыкы! Ой, мен деген Бишкекке бир айлык окууга жөнөбөдүм беле?!» деп Чонтой озу айткан анын жаман акыл сөрөйү кечээгилерди тээ атам заманда тартылган кинодой утур эстеп, утуру үзүп жатты. «Сапажни-ик— деп коёт өлө албай жатып «Та-ак, и-и. Туура, туура Бишкекке жөнөмөккө кийим-кечени баягы килейген кара чамаданга тыкшырып үйдөн чыккам... Анан... И баса, «бирде-экиде талаа- түзгө чыга элексиң, коммунизм ушу тура деп эле көрүнгөн шалабай-малабай катын сөрөйлөргө боюнду таштай бербе, ооруп өлөсүң» деп Багдагүл узун сабак насаат айтпады беле! «Кам санаба, байбиче! Кантип эле көрүнгөн шалабай-малабай катын сөрөйлөргө боюмду таштай берейин? Менде да шляпа бар, анын астында баш деген бар, сени капа кылбай, купулга бир толоорун, ыраң-башы түзүгүн таңдабай жаным жокпу?» деп тиги кызганчаактын күйбөгөн жанын күл кылгам. Албетте, өз ичимде гана айткам. Таак»...

Чонтойдун жаман оюнда кантсе да маселенин башы ачылгансыды: кечке мас жүрүп үйүнө келип жатканда мына азыр таң атаары менен Багдагүл көбүртө- жабырта заарын бүркүп, Чонтойду гөрдөн алып жерге, жерден алып гөргө эски талпактай чапкылап, өзү айтмакчы, чымчыктыкындай мээсин чуку-уп, бир бүдүрүн калтырбай жеп тынмак. Мына эми Багдагүлдүн колу жеткис жерге кетип калып, анын бир сапаркы көр жемесинен кутулганына көңүлү кыйла көтөрүлдү. «Та-ак, Бишкек... Во! Аэропортко түшкөнүм кадимкидей эсте! Анан Капар, туура, Капар менен Сатар жолуккан! О, башыңды урайындын башы десе, ушуну да унутуп калат, запасы болгондо дурайынды эбак ыргытып жиберип, шорун шорподой кайнатмакмын да!» Чонтой калганын эсине келтирүүгө аракеттенип көзүн жулжүйтүп, бир саам жатты.

«Олжобай менен Кишимжандай сагынышып калган экенбиз, өлбөгөн жанга деп ошо аэропорттон жүздөшкөнгө киришкенбиз. Анан... Шаардын каерине келдик эле?» деп ааламга жол ачкан Циолковский сымал каадалуу ойлонуп калат. «Анан кайсы бир жерде... Парктабы? Жок, кайсы бир үйдө? Туп-туура, кайсы бир үйдө жүз кетти, анан эки жүз, үч-жүз... дагы жүз... дагы жүз... Оргобузда катындын карааны көрүнгөн. Өңү кандай эле? Кыскасы, бир жакшынакай «союшка» жарай турган жубан бизге аралашып, көптөн үмүттөндүрө күлүп-жайнап жүргөн. Багдагүл айткандай, кайдагы бир малабай-шалабай эмес, тап-татынакай, колу-буту жоон-жолпу, бука моюн, түү иттики, «бука моюн» дейм да? Кайдагы «бука моюн» эске түшөт? Жок эле моюн, көздөрү панардай жайнаган жубан аралашып жүргөн. Ии, баса, ошо жубан бир сапар жаныма отуруп, далыма колун койгондо чок түшкөндөй ысыбады беле далым? Мен «дирт» этип чочуп да кеткем, ыңгайсыз колдор. Ырас эле, ошо Айнаш болуп жүрбөсүн?»

Чонтой кандай жан алакетке түшүп, башын ары-бери чайкап да, озү айткан жубандын аты Айнаш же башка экенин эстей албады, ал тургай Айнаштын үйүнө барганы же барбаганы түк эсинде калбаптыр. Ошентип ойлонуп жатып таң атырды окшойт. Жер жарыганда айланасына серп сала жанында жаткан карааңды байкады. Кайрадан жүрөгү дүк-дүк. Көзгө илээшки-

дей буюм-теримге жарды бул жупуну бөлмөнү «баланчанын үйү» деп таануурга Чонтойдо дарман кайда? Башка эч нерсе эсине келбеген Чонтой колдо бар маалыматтын өзү айтчуудай «чымчыктыкындай мээси» менен терең «анализдеп» көрүп, бул үйдүн Айнаштыкы экендиги тууралуу чечимге келди. Мунун айныгыс далили катары бүгүнкү түшүн карманды. Анын жаман оюнда түш да бекер пайда болбойт имиш, Маркс ошентип айткан имиш.

«Значит, Капар, Сатар үчөөбүз жүздөшүүнү Айнаштын үйүндө улантканбыз, анан шаардан-шаар куруткан тигил экөө Багдагүлдүн жанынан үй-күчүкчө чыкпаган мен байкушту «көзү бир ачылсын» деген таризде Айнаш менен таштап кетишкен. Демек... Демек, Айнаштын үйүндөмүнбү?» Ал баш көтөрө жанында жаткан карааңга көз чаптырды. Ырас эле баятан бери койнунда жаткан аялды байкоос албаганын кара! Үлбүрөгөн бир сулуу, үлбүрөгөн ич көйнөгү менен нары карап жаткан таризде кызуу уйкунун кучагында. «Пигурасынан ий, пигурасынан» деп Чонтойдун көзү умачтай ачылып, жанындагы аялдын демин эми сезип, заматта эркектик делебеси козголо каны кызыды. Кайра жүрөгү болк эте түшүндөгүнү эстеп, Айнашка чындап уят болбош үчүн өзүн чактады. «Кудайга шүгүр!» деп сүйүндү да аялдын сулуу денесине акырын кол узатты. Катуу уктаган Айнаш анча-мынчага ойгоноор эмес. Мындан пайдаланган Чонтой мерчемдүүнүн баарын сыйпалап, бул сулуунун Айнаш экенине биротоло ынанды. Күткөн менен сулуунун ойгонушуна чыдамы жетчүүдөй көрүнбөйт.

— Айнаш, ээ Айнаш,—деп карааңгылыктан өңү али толук тазнула элек Айнашка асылганча эле өпкүлөп кирди. —Мен сени өмүр бою эңсеп жүргөнүмө ишенесиңби деги? Араң гана жетпедимби, Айнашжан!

Айнаш ойгоо эле окшойт, калп эле чукуранымыш этип, тескери бурула чоёктоду:

— Коюңузчу ботом, уят эмеспи жарыкта.

— Өпкө, жүрөгүмдү, анан боорумду деле кошо чабайын, Айнашжан өлүп баратам, көп күттүрбөчү, —деп оозу Айнашка толгондо жаагы «чуу-у» этип, көзүнөн от чагылды. Анан Айнаш көкүрөккө тээп жибергенде Чонтой чалкасынан кетти.

— О, өлүканаңды көрөйүн катыпюз! —деген ач айкырык Чонтойдун башына, озу айтмакчы, «похмелдей» тийип, көзүн умачтай ачты.

— Айнашың ким өзү? Айт тезинен, эмне былтыясың, ыя? Айнашың ким дейм? Өлүмүш жүрүп алып, былыткынын баары сенде тура, ким дейм Айнашың?

Окуяга ушунчалык шыкалган турмушка мурда кабылбаган Чонтой бечаранын ары «мыкталбаган» башы эмне экенине түшүнбөй, айкырык салган Багдагүлдү көргөн көзүнө ишенкиребей, жаман оюнда «ылайым түшүм болгой эле» деп бүткөн баденин калтырак баса оозунан бысмылласы учуп, чачы тикирейди.

— Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп коюп, эми төө көрдүңбү-жок, бээ көрдүңбү-жок болуп, мелтиреп калганын карасаң! Ким дейм, жанагы атың өчкөн Айнашың? Бу үй-бүлө, бала-бакыра дегенди ойлойсуңбу сен? Бир күн талаага чыксаң өзүңдү-өзүң билип, өтүгүңдү төргө илип каласың. Бычып салайынбы, ыя?— деп ачуусуна чыдабай албууттанган Багдагүл ашканага кирип кетти. Сыягы, бычак издеп атты. Ал эми соодасы түгөнгөн немедей алы-күчтөн тая шалдыраган Чонтой кийимдерин эптеп таап кийинди да, үйүнөн качууга шашты. Кечээги чоң кара чаваданды издеди эле, анын карааны эч жерден көрүнбөдү. Эшик алдынан бычак кармаган Багдагүлдү көргөндө «чындап эле бычып салабы?» деп ойлоп, араң турган жүрөгү опколжуп, «тали» этип жыгыла жаздап араң оңолду.

— Кайда Айнашың?

— Кайдагы Айнашты айтасың? Ал деген түш эмеспи. Ошо түшкө да ишенесиңби? —деп ушуну тапканына мулуңдады Чонтой. «Айтса-айтпаса мындай казаптан тээ акылмандын акылманы Эзоп да оңой менен кутула албас» деп койду ичинде. Чыны менен Багдагүл кыйла мокой түшкөнсүдү, ал бечара да бу оңбогон Чонтойдун кайсы кылыгына ишенээрин билбей, өмүрүндө ого эле көп адашкан эмеспи. «Бу дабдырдын түшү болушу да ыктымал» деп ойлоду Багдагүл, анан сыр билгизбес үчүн калптан эле:

— Айнаш экөөңдү тең «кык» эттирип коём, — деп бычакты озүнүн тамагына жаңсады. Чонтой эптеп жылып кетүүнүн камында сыртка карай илкиди. Катып калгыр кара чаваданды сурашка жүрөгү даабады. Бир ай эптеп күн көрүүгө бел байлады.

— О, каякка жөнөдүң?

— Окууга барбаймынбы?—Араң күңк этти Чонтой.

— О, окууң менен омураң калгыр, ушулбу сенин окуганың! Кана буюм- теримиң? —деп буркулдады али ачуусу тарай элек Багдагүл.

— ?...

Чонтой укмаксанга сала узап кете берди, башка айласы жок эле. Анткени, Багдагүл артынан кууй албасын билет. Себеби бутун сындырып алып жакында ооруканадан чыккан, али толук айыга элек.

2. ГОРОСКОП

Чонтой кеткенден кийин деле Багдагүлдүн эсинен Айнаш чыкпай, ал тургай кайра бекемделип, көлөкөдөй ээрчип, нышым тынчтык бербеди. «Чонтойдун барында аныгына жетип албадым, мүмкүн түш эместир?» деп ойлогондо ичи туз куйгандай ачышып, көңүлүнө алда немелер келип, санаасы санга, ою онго бөлүндү. Күн өткөн сайын мындай күмөн саноо күчөп, Айнаш Багдагүлдүн оюнан омоктуу орун алып, кээде түшүнө да кирчү болду. Ошентип, акыркы күндөрү Багдагүл ишинен да алаксып, жалаң гана Айнаш маселеси менен алпурушканына күйбөгөн жери күл. Анын оюнда буту эле соо болгондо Бишкегине дейре Чонтойдун сары изине чөп салып, жанагы шалабай-малабай Айнаштын энесин Үч-Коргондон гана көрсөтпөйт беле! «Кайран гана бутум» дейт ичинен, кайра айнып «өлүкаңды көрөйүн, ушундайда пайдасы тийбеген буттун» деп каргап да жиберет. Чонтой кеткен алты күндөн бери уйкуну мындай кой, жарытылуу «чырм» эте албай, басса-турса көз алдынан Айнаш кетпей же анын өңү түсүн жарытылуу элестете албай, бирде кап-кара дүңүрөйүп көрүнсө, бирде балжыраган сап сары элестеп (деле ыраң-баштууну элеси жолотпойт), ушундан улам ыраңынан азып, кадыресе жүдөдү. Бутунун айыкпаганы да бир азап. «Мунусу да элдин бутуна окшоп аттан жыгылып же машине тебелеп сынса экен» деп кайгырып калат. Анткен себеби буту гороскоптун кесепетинен сынган эле. Бул акылзаада Багдагүлгө эмне болгон дээрсиз, окурман! Көрсө, оомал-төкмөл турмуштун кайсы бир оошунда ошо сиз ойлогондой «миңдин бири» делип жүргөн Багдагүлдү да шайтан азгырып, бир-эки жыл өзүнө келе албай, дээринде өзүнө жат пейилдерге кабылган экен. Биринчиден, кызганчаактын торуна чалынса, экинчиден, жоктон тапкансып гороскоп жандуу боло калган. Кантип дейсизби? Алиги самопалы аралаш демократия жанагы картошка жегич каларит коңузундай каптап келгенде мурдагы «кипистин (КПСС) тарыхын гана окуйсуң» деген милдет өкүмү мышыктын тишиндеги чычкандай чыркырап, мунун кесепетинен адамдар бир ай тынымсыз кетмен чапкандай өлө-тала чарчап, анан бүгүн мончодо баары-жогу кызарганча жуунуп

чыккандай жеңилдешип, ар бири өзү каалаганын гана жыргай окуп калышпадыбы. Ошондо көрүнгөнгө эле тиши өтө бербеген көп аяштар жапырт гороскопту колдорунан түшүрбөй, экөө нүн башы бириккенде да оозанганы гороскоп болгону эсиңизден чыга электир, окурман?! Бу аял дегениң ошо аты айтып тургандай, аял экен да, сенин миң, миллион жолу кан какшаган асыл кептериңди угуп койбостон, ошолорго гана (ылайым бизге жукпасын ээ, эркектер!) буюрулган көктүгүнө таянышып, өз билгендерин гана жасашат. Болбосо эки колу шалдая иши түгөнүп, ошондо алаксыш үчүн окуй турган китеп атмайдын уругу куруп кеткенсип гороскоп окуйбу? Буларың бир кызык эл да. Мейли эми, «кипистин тарыхы» окулбаса окулбай калыптыр дейли. Башкасы колго урунбаса «демпартия», жанагы күндөштөн төрөлгөн өзүбүздүн кийинки компартия, же «Ата Мекен», «Эне мекен», «Ошингтон», Таласстан», «Нарынмекен», дагы ушу сымал инкубациянын жөжөсүндөй жыбыраган өзүбүздүн «современный» тарыхты окуй беришпейби? —деп чарча-ап, чарчап кетесиң да киши. Же кийинки жылдары жарытылуу кыргызча китеп чыкпаганынанбы, же чындап эле шайтан азгырдыбы, айтор, Багдагүл да басса-турса гороскопту колунан түшүрчү эмес. Акыры гороскоп бутун сындырып тынды. Теңтуштары «ой бутуңдун кантип сынганын айтып берчи!» десе эле ооруканада жатканынан баштап жобурап кирет. Аныcы мындай экен...

—Чокуңду жегир гороскоп, о, чокуңду гана жегир гороскоп!- деп байчадан сынган бутунун ооруганына чыдабаганда боздойт имиш Багдагүл.

— Ок, оозуңа, ботом, кандай неме мынабу? Жөөлүп жатабы бу келин? Жаныңдын амандыгын тилебейсиңби, ботом, капкаяктагы гөрүстөндү оозанбай,— деп бушайман жептир жаңаша жаткан кемпир. Бир палатада жаткан төртөөнүн аксакалы ошо кемпир, а бечаранын сол колу сынган окшойт, билегинен байланып, мойнуна асылып жүрөт. Анан оң буту да таңылуу. Тиги кемпирдин сөзүнө күлкүсү келген Багдагүл:

— Горүстөн эмес, эне, гороско-оп, —дейт.

— Ал эмнеси? —Кемпир да жата берип зериккен эле. Багдагүлдү кечээ апкелишкен. А тиги эки коңшусу тил билбейт экен, ошондон жаман кыйналган кемпир Багдагүл келгенде бир туугандын көргөндөй сүйүнгөн. «Жамандыкты ыраа көрбөй калайын, бирок тил билген пенде менен бирге жатканга не жетсин, кызым! Сени менен кобурашып оңуп калбадымбы. Кичине көңүл алаксып, жан кейиткен ооруну да сезбей калат экенсиң адам» деп түн бир оокумга дейре божураган. Кыйла күн дудук-

тай жашаган кемпирдин ушинтип сүйлөшкүсү эле келип турат.

— Албы? Ал деген адамдарды келе жаткан жумада эмне күтө турганын, ошон үчүн өзүн кандай алып жүрүү керектигин аныктайт. Жума сайын гезитке жазышат.

— Ой, тообо! Ошондой олуялар чыктыбы?

— Анысын кайдан билдим, эне?! Ошону гороскоп дейт. Кайсы айда, кайсы күнү туулганыңызга карап билет имиш.

— Ой, тообо! Анан ошондой олуяны сен оозуңа карабай «чокунду жегир» деп өлгүдөй каргадың го?

— Дагы ашатам, өзүңүз ойлосоңуз, эне, ошо бутумду сындырып жатса бетинен өбөйүнбү?— Багдагүлдүн күйбөгөн жаны күл болуп, ботонукундай жоодураган көзүнө жаш тегеренди.

— Аста-а-пырлаа! Эмне дейт, ыя? Ошо гезит бутуңу сындырдыбы? —Бир эсе уккан кулагына ишенкиребей, анан да бешимдеги көлөкөдөй чубалжыган узун күндү кыскартууга кам урду бу, айтор, кемпир көйкөсүнө мустакем отуруп, узак божурашууга ык салды. Айтса-айтпаса, ооруканада күн кечкиртиш өзүнчө эле тозок эмеспи.

—Сындырды, эне, сындырды.

— Кантип?

— Азыр айтып берем, эне, и-ий, олуканаңды көрөйүндүкү, жанды жеп-сууруп алгыдай кычышканын карасаңыз.

— Каериң?

— Каериң дейсиз да? Мына бул гипстеги бутум да. Каерим болмок эле?

— А, анын кычышканы жакшы.

— Сиздики кычышпагандан кийин меникинин кычышканын «жакшы» дей бересиз да. Кычышкандын жанды жеген азабына мен кабылсам **сизге не? Же бул түгөнгүрдү** тырмаганга кол жетсечи, канатаа, каната тырмап салат элем, —деп Багдагүл кемпирге нараазылана түйтүндады.

— Ошо кычышканда жан киребн дейм да, балам.

— Өлсүн, жан кирбей.

— Мейли эми, жанагы горустонуңду, ок ботом, горустон дейм да, жанагы бут сындыргычыңды айтчы, Эмне эле?

— Гороскоп.

— И, шо аты тескериңди.

— Гороскоп деген адамдарды туулган мезгилине карап, он экиге бөлүп, өзүнчө атаган. Мен деген скорпион... Эмне эле? И, жанагы... атың очкур, и таптым, боен болом да.

— Бөен? Жыл аталышында «бөен» деген жок, — деп кемпир чындап эле бөен көргөндөй жийиркене көзүн ирмеп-ирмеп, тигинин соо экенине ишенкиребей сестейди.

— Жыл эмес, эне, ай аты, 24-октөбүрдөн 22-ноябрга чейин туулгандарды «бөен» дешет.

— Маакул эми, бөен болсоң бөен бол. Өзүң ооруканада жатканда тиги кара көз айнекти тагынбасаң эмне? Же көр болбосоң??

— Ай-ий эне, сиз гороскопту билбейсиз да. Анда «бөендер» көбүнчө кара көз айнек тагынышат» деп бадырайта жазылып турса, тагынбаган айлам канча мен кургурдун? —дел үшкүрүн дү Багдагүл.

— Ой, тообо-о! Анан ошо аты тескериң бутуңа балта менен бир чаптыбы?

— Аны азыр айтып берем. Мен деген бир ишкананын секретары болуп иштейм да. Гороскоп боюнча ошо күнү этият болбосо, «бөен» бирөө менен урушушу мүмкүн. А мен байкуш шеф менен гана урушушум мүмкүн.

— Ал урушчаагың ким эле?

— Шеф дегеним — начальнигим да.

— Аның ушунчалык урушчаакпы?

— Жо-ок, кокуй! Урушту мен башташым мүмкүн да. Себеби гороскопто ошентип жатпайбы!

— Жазыптыр деп эле уруша бериш керекпи?

— Менин коркконум тиги шеф. Сүйрөлүп араң жүргөнүнө карабай, «жаман иттин аты бөрүбасар» демекчи, аял жандуулугун кантесиң?! Элүүдөн ашканда жаштарча кыйшаңдабай, бала-бакырасын ойлобойбу!

— Сага көз артабы?

— Кайда-ан? Мен анын үй-бүлөсүн тааныйт эмесминби, кайсы бир күнү айыбы ачылаарынан коркуп, мага деле сериезный көрүнүмүш этет. Ошентсе ишене коёрмун. Анын кабыл алуусуна күнүно он эркек келсе, андан кем эмес аялдардын келгенине мына бул коздөрүм менен күбө болуп жүрөм го акыры. Алар соо келишет дейсизби? Же бул кыйшаңдаганга күбө өтпөйбү?

—Койчу, ботом, жумушу болсо келет да, бу сен өзү кызылдай кызганчаак окшойсуң, кызым?

— Ай-ий-й, эне, сиз мурункудай ойлойсуз да. Жумушу болсо кудай берген тилпон силпону бар го. Чсектогон өлүканаңды көрөйүндөр, каш кагышканы гана келишет да канторго. Тээ бир чай кайнамсыз кетишпейт, өлүканаңды көрөйүндөр. Ошончо убакка чейин эмне кылганын ким билет?

— Койчу, ботом, купа күндүзү, анан дагы кантүрдө..

— Ай-ий-й, ишенбейсиз да, жарыктык! Кабинетинде диван деген балакет бар, бир чай кайнамда...

— Эшикти кулпулап алабы?

— Кулпулабайт деле, «тилпондон чакыргыча кирбе» деп үй рөткөн мага. Ошентип мен байкуш тигинде эмне болуп жатканын билалбай ичим бышып... Шефтин үй-бүлөсүн ойлогондо чый-пыйым чыгып, коюнузчу, өлүп бүтөм да. Кээде тилпондон аялына «тарс» дегизе айтып салгым келет.

— Эмне деп айтасың?

— Ырас эле эмне деп айтам?

— Койчу, кызым, мунун жөн эле кызганчаактык тура, а көрөкчө тиги гөрүстөнүндүн, түү, эсиңе жара чыккырдыкы, дагы «гөрүстөн» дейм да. Тиги эмне эле?

— Гороскоп.

— И, ошонун бутуна асылганын айтсаң...

3. ШАЛАБАЙ КАТЫН

— Гороскопту окуп отуруп «ушу дүйшөмбү күнү этиеттенбесе бөендөр бирөө менен урушуп калышы ыктымал» дегенге көзүм түшүп, «өткөн дүйшөмбүдө да Чонтой менен урушкам, эми дагы уруш... о, өлүканаңды көрөйүн десе, бөендөн көрө чаян эле болуп калсамчы» деп жанарааста үйдөн шайдоот келген жаным суу сепкендей шалбырады. Ошо маалда койкоңдогон бир сойку кирип келбеспи, эне! «Шефиңиз бошпу?» — дейт өлүканаңды көрөйүн, шалабай катын. Ботом, мен да оңой адаммынбы? Саламдашып койбойбу, өлүканаңды көрөйүн, шалабай «чепиңиж бочпу?» деп аңыраңдайт тим эле асмандан түшө калгансып.

— Койчу балам, жаш туруп каргышчаак болбочу. Шалабай катын дегидей эмнеси жакпады сага? Же ал ыштан, көйнөгүн жөндөп кие албаган, байпагы жоктугунан көрүнгөн шыйрагы айлап жуулбаган шалпылдак катын бекен? Мындайлардын көйнөгүнүн этеги да өөдүк-сөөдүк келип, андан ич көйнөгү чыгып турчу эле салбырап, —деп тиги кемпирдин жоргосу чыга баштады бара-бара.

— Андай эмес, эне! Бул башка шалабайлардан. Бул дегениң барбы, чачын акыркы модаца түйүп, оозу-башын келиштире боёп, боюна жараша зымпыя кийинген.

— Анда ал шалабай катын эмес тура?

— Шалабай катын эле, азыркы шалабайлар ушинтип из жашырганга куп гана үйрөнүшкөн.

— Ошентсе да жөн катындан шалабай катынды кантип айыр малайсың?

— Ээ, эне, азыркы заманда жөнү калдыбы десеңиз!

— Койчу, кайдагы кепти, а сенчи?

— Менин жөнүм башка да.

— Кордуңбу, сен өтө эле шекчилдикке берилип кетипсиң. Кой, кызым, эрте күндү кеч кылбай бутуңду сындырганыңдан баштачы.

— Мейли эмесе. Ошентип, замандын тардыгын карабайсызбы, кармашсак андан ашып түшөөрүмө көз жетсе да анте албай, бети башын аймап салалбай, закүп деген закүп экен, ошо шалабайды ичимен кан өтө кыйылып отуруп тиги «бөрүбасарга» коё бербедимби, атаганат!

— Шалабайың шамыран калсын, аны таштап бутуңдан баштачы.

— Ботом-ээй, сөзгө конок бересизби же жокпу? Бу өлүканаң ды көрөйүп, бут сөрөйдүн тарыхы ушу шалабайдан башталган да.

— Мейли эмесе.

— Он мүнүт оттү, тиги шалабай чыкпайт, он беш оттү, жок. Кайран өзүм жамандыктын жытын сезип, эмне кылар айламды таппай, тааныш адамдын быяктагыларды карабай, кайдагы бир бейтаанышка бой таштаганына ичим туз куйгандай ачышып, калптан эле ардемени бир кармалайм. Анан тилпонду алып аялына чалдым. Күйөөсүнүн кылык-жоругун төкпөй-чачпай айтмакчымын. Анысы да чоюлуп тилпонго тезирээк келе коюсочу, ансайын ачуум келет менин. Күйөөсү биякта шалабай катын менен эзилишип жатса, тигинини тилпонго келбей чоюлуп... Акыры тилпонду алып «аллоу» деди «алону» кыраатына чыгара чоюлуп. Эмне айтаарымды билбей «карс» дегизе коё салдым тилпонду.

— Туура да, эмне деп айтмак элең?

Кадр болумүндөгү келинге жүгүрүп барып, төкпөй-чачпай ал шалабай тууралуу мондурдой жаадырдым эле, ал «О, кокуй начальниктин үй-бүлосүнүн убалында карандай каласың. Тез, милицияга билдир. антпесең тиги аюудай лапыйган катыны сени постектей пиленп салат» дегенинен кайра милицияга тилпон чалдым. Бу түгөнгүрлөрдүн тилпону бир бошосочу. Убакыт деген отүп жатат, мына жыйырма мүнөт, жыйырма беш мүнөт... олду эми... Акыры тилпон чалынып, анын тиги башынан эми каадалуу болуп, «дежуйимун» деген чаңкылдак, «дежуй» болбой өлгүр, жарым сааттан кийин албадыбы. «Ало, сизди угуп жатам» деп көктон түшө калгандай чаңкылдады эле шашкапымдан тилпонду коё салдым. Анткени, тиги шалабай тыкыл-

дай басып «ишим бүтүрүп алып», «төө көрдүңбү —жок, бээ көрдүңбү —жок» дегендей койкондоп чыгып кетпедиби. Ушин тып «бөрү басарды» коргойм деп жүрүп, жүрөк ооруга жолукпасам экен. Жаман оюмда эркек жетекчиге эркек, аял жетекчиге аял секретар коюш керек го дейм. Ошентип, ал шалабай катын ичимди бир өрттөп коюп, тынчыды да калды.

— А бутуңчу?

— Азыр. Мен жеткиче дагы бир шалабай начальниктин «көзүн тазалап коёбу» деп эки көзүм төрт боло шашып-бушуп түштөндүм да, ишканага жүгүрдүм. Бир шашып келатам дейси-из. Ана, карабайсызбы! Жолдун тигил өйүзү менен койкондой гана басып баягы шалабай катын биздин ишкана тарапка кетип бара тыптыр. Ушуну далымда сезгем да, мен байкуш. Өпкөмдүн демиге көпкөнүнө карабай, басышымды ылдамдаттым. Эми экөөбүз машине жолдун эки өйүзүндө теңдешип калдык. О, өлүканаңды көрөйүн, шалабай катын мени бир карап койсочу. «Колуңдан эмне келет?» дегени да. «Бөрүбасардан» кыпык алганын карасаң: түшкө дейре бир, түштөн кийин бир... Ошентип келатып эле «чак, чук, тарс» эткенди бир билем, анан эле эсиме келсем, ошо жолдун четиндеги чөптүн үстүндө жатам, үймөлөктөгөн адамдар, бири башымды жөлөп, оозума суу ууртатты.

— О, токточу, кызым, жыгылыпсыңбы?

— Жыгылганды мындай коюң, жанагы шалабай катынды карап келатып, тиги суу түтүгүнүн чуңкурунун капкагы чала жабылган экен. ошого түшүп кетипмин, капкак кайра жабылып... бутум сынып башым жарылып, нт шерменде болбодумбу, эне! Эң жаманы эмне дебейсизби?

— Эмне?

— «Тез жардам» келип мени алып кеткиче башымды жөлөп турган ким дебейсизби?

— Ким экен?

— Баягы шалабай да. «Тыртаңдаба десе койбойсун. Мына эми начальнигиңди мага биротоло калтырдың» деп табалагандай менин жанымдан кетпейт десеңиз. «Бөрүбасарды» эми ким кайтараарын билбей ичим тызылдап... Бүтүмдүн жан кейите ооруганынан да ушу шалабайдын мазактаганы соогумө гана жетпедиби, эне!

— Койчу, балам, сен өтө эле кызганчаак турбайсыңбы! —деп кемпир бир быкылдап, көзүнөн жаш чыга күлөт. Деле күлкүсү токтоор түрү жок. Далбыраган узун жеңи менен көзүн сүртүп коюп, дале быкылдап күлөт.

4. ЧӨНТӨК

Чонтойдун өлө бышкан дарбызчасынан мына-мына «тарс» жарылып кетүүнүн алдында турган башы бирде иштесе, бирде иштебей, аңгидүк жүрсо да, эптеп белет алып самолетко отурганына сүйүндү. Шашып жүрүп бир кружкө пиво ичип албаганына мына эми самолетто жан алакетке түшө тердегенде ар **ман кылды. Бая ылайка суудан** итабар жуткан эле. ошо эми **көңүлүн айлантты. Каракушу ар** бир «зың» эткенде көзү ка**раңгылаша онтоп жиберет. О**озунун сасыганы, башканы кой, өзүнө сезилип, өмүрүндө биринчи жолу өзүнөн өзү жийиркенип, ошондон улам жан-жагындагыларга сүйлөмөк турсун, жүзүн бура албай кысынып, койчу, өлүп эле бүтподүбү.

Самолет асманга көтөрүлүп, тешиктерден муздак аба киргенде гана Чонтой кичине өзүнө келип, ошо муздак абаны өзүнүн чала-чарпы болсо да иштеген башына (башка запас башы болбо со кантсин, бечара), так эле төбөсүнө буруп, мына өлүп баратканжанын ошо тешиктен ышкырган шамал алып калчуудай кыймылдабай тосту чокусун. Анан укташка аракеттене көзүн жумуп, эми жаны жай алганда кечээгиси эсине түшө калбаспы. Көзү умачтай ачыла жан-жагына элеңдеп, анын ички туюмун самолеттогулардын баары байкап калгандай корунуп, ага көңүл бурган пенденин жоктугунан улам кайра тынчтана отуруп калды. Чонтойдун жанына тынчтык бербеген маселенин эң башкысы — Бишкекке жетип алгандан кийин кайра үйүнө кантип келип калганынын төркүнүн түшүнбөгөнүндө, анан Айнашка оңүндо кезиккенби же тек гана түшпү? Мына ушул сурооого жооп берүүгө зыкылдаган башынын эч алы жетпей жатпайбы. Канчалык чымыркана көзүн жумуп, кечээгини эстегиси келгенинен эч нерсе чыкпай, ал тургай, өзү айтып калмакчы, «паңбашы» керектүү нерсенин ордуна кайдагыларды эстетип кыякырын кайпатат да, кайра күлкүсүн келтирет...

...Анда Чонтой бир килтийген чарбанын бакыйган мал чарба бухгалтердигин тизгиндеп, бекер арак аны байчалап жүргөн кез. Ошондон улам кудайдын куттуу күнү нандан мурун арак оозанып, анан иштин акырында ашкан-ташкан аракты ала келчү үйүнө. Бирок, аны көргөндө Багдагүл зер-зеберине жеткире тилдечү, ал эми энеси кадимки бала кезиндегидей чыпылдатып урар эле чыбык менен. Ошондо ачыла, ачыла калчу бүтүйгөн көздөрү. Аракты үйдүн же тамдын каерине бекитпесин, Багдагүл **машкедей шимшип** жүрүп таап алчу да, аны Чонтойдун көзүнчө талкалап салчу. Жөн эле сындырбай, ошо күнү кечке мээсин чагаар эле. Кийинчерээк Чонтойдун да тажрыйбасы ашып, аракты апасынын меймана кийчү калың

палтосунун чөнтөгүнө катып койчу болду. Ошондон кийин кыйлага дейре же арақты табалбай, же жок дейин десе, Чонтойдун үйдө жүрүп эле кызып алмайы калбай, урушса «жок болсо эмнени ичем?» деп Чонтой оозу-мурдун куу чөп менен аарчып, койчу, Багдагүлдүн эсин эки кылган. Анан күндөрдүн биринде апасы айылга жөнөш үчүн палтосун кийип жатса тиги «байкуш» «булт» деп түшүп кеткен турбайбы. Ошондон кийин чөнтөктөрдүн да ишеничи кетип, тапкан арагын катаарга жер таппай кыйла жүдөп жүргөн Чонтой. Акыры бир жакшы жайтапты: ал аялынын шубасынын чөнтөгү эле. Аны кыш кирген ге дейре карабайт эмеспи. Ушуларын эстеп жылмайды Чонтой. Кайра тиши кычырай жини кайнап: «Биякта маанилүү маселелер чечилбей жатса, кайдагы бир бок- сакты эстейт, атандын оосун урайын» деп өзүнүн башын ашата тилдеп, кечээгисин эстемекке көзүн жумуп, кадыресе телмирген болду. Аны эстеп, чоо-жайын ийне-жибине чейин иликтеп, анан да Багдагүл ишенгендей түшүндүрө албаса, куду Токтогулду сүргүнгө айдаган дай үйүнөн биротоло куулуп кетиши кеп эмес эле. «Андан кудай өзү сактасын, жаңыдан мал чарба бухгалтерликке кабыл алынгандагыдай бир караган кыздын жүрөгүнө чок салчу күүлүү-күчтүү кезим болсо бир жөн да, азыркыдай арактын айынан чачты ак аралап, муундар кадыресе бошошкон кезимде жат-жалаанын эшигин сагалатпай калсын» деп коркуп, бирок кандай чымырканса да, өзү мактанып калчу шариктери бу сапар оңдун ордуна жалаң тескери тегеренип, деле өзүнө баш берчүдөй көрүнбөйт.

5. ГАРНИТУР ӨРТТӨНГӨНДӨ

— Жанагы гөрүс.., атаны кыйшайып калгырдын оозу-эй, жанагың эмне эле?

— Гороскоп.

— Ии, ошонуң таза иш көрсөткөн тура, кызым.

— О, анын кылбаганы калбады, мына бу бут сөрөй сынганга чейин да анын кесепетинен бети -башты жаргам, а түгүл милий сага түшпөдүмбү!

— Койчу, ботом, аял башың мененби? —деп кемпир калптан чочумуш этип, ал эми көңүлүндө гороскоптун дагы эмне балекети бардыгын угууга астейдил кызыкты.

— Ошенткем. Мына бу такты байкагандырсыз, —деп оң колу менен сол көзүнүн алдынан кулагына дейре билинер-билинбес созулган ничке такты көрсөттү.

— Ошону мен байкап, атаганат, ушундай ай чырайга бу балекет так кайдан түштү экен деп ичим «тыз» эте кайыргам бая күнү.

—Тактын тагдыры мындай. Жанагы «борубасардан» улам «ал минтип жүрсө тиги менин жаман сапалагым калгын жүрдү экен?» деген күмөн ойго келип, ошондон баштап сары-санаага кабылгам.

— Сапалагың ким? Күйөөңбү? Атты абайлабай коюшканын карасаң, —деп кемпир мыңыгынан жылмайды.

— Мен ошентип коём, аты Чонтой. Менин сапалагым да бир ишканада бир үстөлдүн ээси, жанындагы үч үстөлдө үч шалабай отурат экен. Ошо үч шалабайды эстегенде күндүз тынчым, түнү уйкум качып, же алардын шек -шыбаасын билеалбай ичим бышы-ып, бышып кетет да, эне. Ботом, катынга да үстөл кучактатабы дейм да, эне. Катын деген мага окшоп секретарлык кылсын, болбосо мына бүгүн кеңири модага айланган базарчылыкты жасасын. Эми минтип бир эркекти үчөө телмирс тиктеп отурса... Телмирс тиктеп эле отурса го отура берсин, анан... Бул үч шалабайга түк ишенгим келбейт, эне. Кандай катын жүрөгү даап ишенет буга? Арасында бир балжыраган сарысы бар экен, деле жылпыңдап уурту жыйылбайт. Ошо балжыраган сарыга жолукканда да гороскоп боюнча этиеттенбесем урушуп кетчү күн эле. Мен түштөнүүдөн шашып-бушуп келатсам Чонтой ким менен баратат дебейсизби! Кудум ошо балжыраган сары менен!, Атаны шорум-ай, киши-пиши көрсө эмне дейт эми? Анан да бейтааныш көрсө «Ий, бетим, Чонтойдун Багдагүлү ушул турбайбы!» дебейби. Келесоо Чонтойдун биякта мен турсам, катындан мурду бүтүп, көзү карайлай мукурап калгансып басканын карабайсызбы ошо балжырак сары менен. Өлүп эле бүтпөдүмбү. «Өлүканаңды коройүндүн балжыраган бетин балжырайт-а, балжырайта аймап салайын» деп алардын алдынан чыгыш үчүн бактын ичин аралай жүгүрдүм. Эки көз аларды бучкактап барат. Ошентип баратканда алдымдан бир нерсе «тарс» деди, бирок мен алды жакты карабай тигилерди каран бараткандыктан эмне экенин байкабадым. Тобомө таш тийгендей эсеңгирей, артыма кетенчиктеп барып отурун калдым. Көзүм карацгылашын кетти заматта. Сол жагымды сыйпаласам, көз тазадай, бирок бетим кол тнери менен жанды жедире ачышты, сууланып да жүрөт.

— Бир нерсе сүзгонсуң го?

— Талды сүзүпмүн да эне! Ошентип, аз жерден көзүм оюла жаздан барып бетке так түшөдүбү, —деп мостойду Багдагүл.

— Кызым а-а, кызым. Ото эле кызганчаак турбайсыңбы, — деп күлдү кемпир.

— Анан ошо бетим айыгып бүтүп-бүтө элегинде эмне болду дебейсизби?

— Ии.

Багдагүл өзүнүн таржымалынын ушул жерине келгенде тыяк-биягын кымтыланып, «Манас» айтчудан бетер комдоно отурду.

— Ошол күнү да гөрү өрттөнгүр гороскоп боюнча «этиеттен бесе боёндор чыр-чатакка кабылмак». Гөр тириликтин айынан базарга чыккам. Оштун базарынын тыгындыгын өзүңүз жакшы билесиз, эне. Ал эми азыркы адамдар тийип-тие элегинде эле ыркырашаары да бештен белгилүү. Ошондон улам «азыр ит заманыбы?» деп да ойлойсуз. Мындайда абайлап жүрбөсө бөендор эмес, «торпоктору», «койлору» деле чыр-чатакка кирип кетиши ыктымал. Ошентип, тикен аралап жүргөнсүп, каршы терши өткөндөргө урунуп албас үчүн бирде оңго, бирде солго ийиле калып, буттун учу менен гана мышык басыгында баратам. Аңгыча базардын орто ченинен Чонтойдун карааны чалдыкпаспы көзгө. Өзү жүрмөктөн өлүп кетсин деңизчи, ошо өзү жүрбөй кайдагы бир шалабай менен гана сүйлөшүп турбайбы шынаарлашып. Жүрөгүмдү «лап» деп эле өрт каптап, ачуум мурдумун учуна чыга тишим кычырап, эки аттай жетип чачтан ала сементке гана басып жыгылайын десем, мына бу салбыраган сатуучулардан өтө албай көзүм чачырап, коюңузчу, заматта заманам заң-зуң этип, баарыга кең дүйнө мага тарып турду. Бара-бара ачуум күчүнө кире күжүлдөп, өлбөгөн гана жерде калышайын деп, алдымды көрүп-көрбөй антаңдай жөнөдүм.

Тиги шерменделерге жакын калганда бироонүн бутун «гырч» дегизе басып кетип, соо баспаганымды далымдан сезе буруласам, бир былчыйган аял экен. Шиш менен сайгандай айкырып кирди. Ботом, бутуна бирдеңке кие жүрбойбу десеңиз. Шиш такам бутунун кетменине кирип эле кеткен сыяктуу, кан жайыла берди. «Өлдүм» дедим ичимден, а тышымдан өзүмдү токтууга, күнөөнү моюнга албай, эгер оң келсе ошого оодара салууга даярдандым. Анткени, менин убактым тар эмеспи, булар менен чырдашканча тигилер көздөн кайым кетпейби.

—Вай-ва-ай, жаным ва-эй! Кандай көрнамек элең өлүгүңдү көрөйүн, —деп тиги семиз аял бети-башын тырыштыра айкырып, колундагы балта менен сес көрсөттү. Гороскоп чын болсо, азыр бул аял мени балта менен чаап таштаарын ойлогондо төбө чачым тик турду. Көз ачып-жумгуча өлүмдү эстеп, жүрөгүм үшүй коркуп кеттим да, тез чара көргүм келип, тиги аялдан

озунуш үчүн шашып, кол чатырым менен тигини башка берип-берип калдым. Антпесем ал мени балталап салышы ыктымал эле да.

—Койчу, ботом чын эле ошенттиңби? — Кемпир кыйкылыктап күлгөнчө көзүн аарчыйт шөлбүрөгөн жеңи менен. Ичи бүлкүлдөп, тээ кыйлага басылбады күлкүсү. — Ушундай да болобу, тооба?! Шорун шорподой кайнаткансың го тигинин?

— Башы барбы, эне башы кадимкидей жарылып кетиптир, эне. Андан корккончумдан тартаңдай качып жөнөбөдүмбү кайран өзүм.

— Коку-уй, качтыңбы? Ботом, тигиге каралашпайсыңбы?

— Коркуп кетип качтым да. Качып баратып чайкоочулардын мөмө-жемиштерин чачканымды, анан алардын сөөккө жеткире каргаганын айтпаң. Баары бир кутула албадым, эки милийса колдорумду артыма кайрып, кишендеп алып кетти.

— Каман коюштубу?

— Үч күн жатпадымбы камакта. Анан кепилдикке арең чыгарышты, пул төлөп жатып. Муну эстегенде жүрөгүм кысылып кетет, эне. Он жылдап гарнитурга деп топтогон акча жок болбодубу ошондо.

— Милийса ошончо көп алдыбы?

— Ал эле дейсизби. Тиги аял бир ай ооруканада жатты. Күндө атама ыраа көрбогөн тамакты ташыбадымбы. Ооруканадан чыкканда айылына кудайы өткөрүүнү да жүктөбөдүбү бизге. Антпегенге айла канча? Алардан ыраазылык кат болбосо, мен шордуу камалып кеткени жатпаймынбы! Эри экөөнө сарпай кийгизгенибизди айтсаңыз, эне.

Атама кийгизбеген сарпайды апын бооз чочкодой кылтийген эрине кийгизип... Ал кылтегейге ылайык кийим да табыла койбой... Ээ, эне, ошентип, гарнитур өрттөнүп кетпедиби, — деп улутунуп барып басылды Багдагүл...

Ушуларды эстеп, андан бери буюмдун баасын өрт алып, мына эми гарнитурду төөнүн куйругу жерге тийгенде эле албаса, андан бери алуудан үмүтү суун отурду Багдагүлдүн. Колунда дале гороскоп.

6. ЧАВАДАН

Чонтой окууга он күндөй катышып, ага да башкаларчасынан жөн-жай катышымыш болуп убакыт өткөрбөй, күнүнкү өтүлгөндү күнүнкүсүн окуп, тез эле мугалимдердин жылуу сөзүнө арзып, группада «академик» деген атка конгон. Күндүз окууга алаксыганы менен жатаканага келгенде кийген кийимдеринин кирдегенинен жүдөп, алмаштырууга башка кийимдери жоктугунан улам баягы жоголгон кара чаваданын эстей берет.

Ал дайынсыз жоголгондон бери нечен жолу баш «жазды», пиво-сиво ичип, кыйла дем алгансыды, бирок чүкөдөй кайран башы Айнашка кандай жолукканын да, кара чаваданды кайда калтырганын да эч эстей албады. «Дагы академик имиш, о башынды урайындын башы десе, бир чаваданды эстеп карап жүрүгө жарабайт да, академиктин короосуна таш ыргытат» деп тилденет. «Кара чаваданды таба албаган неме сабакты башына урабы, акмак. Өкүмөттүкү десе өлүп берет да, өзүмдүкү десе мойнунан байлаган итке окшоп покко жарабайт» деп өзүнүн башын жактырбай наалыйт. Көйнөгүн чечип, жакасынын кара кокочосун көргөндө өзүнөн-өзү уяла бети кызарды албырып. Эми кантмек? Башкасын мындай кой, көйнөгүн да жууп көптүр өмүрүндө. Бирок, жуубаса айла жок эле. Самын-сумунун да ошо кара чавадан жеп кетпеди беле? «Самынсыз эле жууйм» деди да, чөнтөгүнөн кагаз-пагаздарын алып, керебетин үстүнө ыргытты. Бир кагаз Чонтойго баш ийбей жерге түштү. Ансыз да кыжыры кайнаган Чонтой ал кагазды ташпандыга ыргытып жиберди. Анан кайра оң колунун ачуусун сол колу менен басып: «кокус керектүү кагазды ыргытып жиберип дагы бир балакетке кабылбайын» деп таштандыдан баягы кагазды алып тырыштарын жазып, анын эмне экенине үңүлдү. Мазмунун даана түшүнө албады: аэропорт!», «сактоочу жай» дегендерин гана билди. «Бу адашып жүргөн кагаз тура, мунун да башы соо эмес» деп кайра ыргытты таштандыга. «Сактоочу жай, сактоочу жай?» деп Шерлок Холмс сымал бешенесин тырыштыра ойлоно калып «ушу балакеттин эмнелигин шариги түзүктөрдөн сурайынчы» деп кагазды кайра алып, коңшу бөлмөгө кирди. Анда зеригип отурган Төлөн Чонтойдун колундагы кагазды шап жулуп алып: «ээ, кокуй, мен да кыздардын катыбы десем, аэропорттун сактоочу жайына тапшырган буюмдун кагазы тура» деп кагазды Чонтойдун көкүрөк чөнтөгүнө тыгып таштады да «как дела академик?» деп терезе тарапка басты. Чонтой сүйүнгөнүнөн Төлөнгө эки аттай жетип, колунан силкилдете учурашып, бетинен да өөп жиберди. Төлөн мындан чочуй боюн ала качты:

— Дени-карды сообу? Эртең менен учурашпадык беле? — деп ишеңкиребей Чонтойду айланта карады.

— Ошондон бери эле сагынып калыпмын,— деп жалжактады. А чынында тиги кагаздын чоо-жайын түшүнгөнүнө сүйүнүп, кара чавадандын дареги табылды деген нчетин жашыра албай жатпайбы

— Көп учурашса арзанчылык болот имиш го? Ошо чын бол-

со түтүү жолукканда учураша бергенибиз оңдур, — деп ички сүйүнүүчүн жашыра албай каадалуу корсойду Чонтой.

— Ой сомдун көзүнө карабай таксиге отурмакка антандан келсе, Капар досу да жүрөт бир таксини оучкактап. Тим эле капыстан таңкансып, аэропорттун сактоочу жайынан кара чаваданын таап алганга энеси эркек төрөгөндөй кубанып, эми муну кимге тез айтып, кимге тез мактанаарын билбей антандап келе жаткан Чонтон Капардын караанын көргөндө кубанычы кончуна төгүлө аз эле жерден жүрөгү жарылып кете жаздады. Анайчы! «Уйга жем болду» деп эбак «оомийин» кылып койгон акчасы да кара чаванайдын ичинде түп-түгөл жүргөн тура! «О, быякыраган атандын оосун урайын десе, ушу жөн-жөнөкөй персени унутун калат» деп адаттагыдай эле өзүнүн башын сүп-сүгүп алды да, кайра «Кой айланайын, сени сокпой жүрөйүнчү, бирөтолө унутуп калсаң же тиги кагазды окубай туруп ыргыттырып жиберсең ит болот элем да, кой айланайын, ушунчасына шүгүр» деп башына ыраазы. Этек-жеңи желбирей дадактап келаткан Чонтойду алыстан тааныган Капар да алдынан утурлай басып, ажыдан келген ак эшенди тоскон сымал Чонтойго кучагын жайды.

— О, кайбарым, борбордо кайра келдиңби, эмне жумуштап? — деп бак-бак этти Капар.

— Өткөндө айтпадым беле.

— Эмне деп?

— «Акыл-эс тайыздап кетиптир, бир ай окуп келбесең иштен айдайбыз деп жатышат» дебедим беле. — Чонтой ушуну эстегенине маашыр.

— А сен өткөндө «урдум ушул окуусун, жүргүлө ичип, ичип алып, силер менен кошо кайра кетем» дегениң эсиңде жокпу? — деп Капар таңданды.

— Ошентпим беле?

— Ошенткенсиң.

— Анан? — деп таксиде термелип келаткан Чонтой өзүнүн башы жандыра албаган табышмактын өзүнөн-өзү жанып бараткынына сүйүндү. «Бир болсо Айнаштын дайынын да угат көрүнөм. Бирок, өзүм өзүнүн сурабайы, намыс керек да» деп коёт оюнда.

— Анан тиги Сатардын Айнаш аттуу аяпы бар экен, жолго жакындыгынан ошонукуна түшө калып, сен айтмакчы, «ичи-ин, ичин» алып, кайра кеткенбиз.

— Кайда кеткенбиз?

— Ойей, кайда деген эмнеси? Ошко да. Сага белет ала албай, Сатар иттей кыйналганын эсиңден чыгардыңбы?

— Ооба, ооба, —деп койду Чонтой калп эле. Чынында ал окуянын бир бүдүрүн да эстей алган жок.

— Бирок, сенин мас болуп калганың ырас. Тиги Айнаштын да жанын койбой тийише бербединби. Ырас эле, ага сен келмек эмес белең? Келдиңби?

— Кайдан дейсиң, —деп шылкыйды Чонтой, бирок «Айнашың кандай неме эле?» деп сураганга көңүлү даабады.

— Эрим болбогон менен эр жетип калган уулдарым бар, үйүмө келем деп мени кайдагы бир көчө көпөлөктөрүнө тенебегиле деп Айнаш ачууланса да көнбөй тийише бергенсиң. Же Сатар экөөбүздүн ымдаганыбызга көнсөңчү, —деп күлдү Капар.

— Анан кошо кетип калдыкпы?

— Кошо кеттик. Оштон жарымтанын мойнун үзгөндөн кийин сен нокаут кетип уктадың да, түк ойгонбой койдуң. Таксиге жүктөп үйүңө жакын жеткиргенде кеч кирип калган. Ошондо араң ойготтук. Апкирип коёлу десек, Багдагүлдүн тилдешинен коркуп, сен үйгө кирип кеткенче акмалап турдук, — деди Капар.

«Ырас эле кошо киришсе Багдагүл буларды беттен алып, адатынча «Сарымсактын сапалагындай тайтаңдатып жеткелегениңерди качан коёсуңар?» деп атырылмак» деп ойлоду Чонтой. Ошенткен менен ушу азыр Багдагүлдү сагынганын сезди...

ЮМОРДУК АҢГЕМЕЛЕР



ТЕҢМЕ — ТЕҢ БӨДӨНӨ

Базар экономикасы дегенің бозого тойгон өгүздөй өңкүлдөп жоногондө анын жолундагы эскилиги жетип, тээ илгерки койчумандын чарыгындай сөгүлүп турган колхоздор менен совхоз дорду аңтарып-теңтерн чыгып, айлыксыз калгандар жалац соода сатыкка жапырылганда Чонтой да бул багытта мурдуна жараша ышкырымыш этип, куурдак сатууга өткөн.

— Бодоно... Бодоно менен эчкинин этинен жасалган куурдак ка келгиле! Жеген да арманда, жебеген да арманда, келгиле бодоно куурдакка! — деп сөзүнүн бар салмагын бөдөнөгө арта бакылдайт. Эл деген эл да! Анан да бу Ошто бөдөнөнүн эти аралаш куурдак сатылганын бала болуп, башына жүн чыга эч ким укпаса керек? Антпесе куурдак көрбөгөнсүп Чонтойду сагалабайт эле да кумурскадай кайнаган эл. Баарынын аракети—эптеп бөдөнөнүн эти аралашкан куурдактан ооз тийип калуу. Ошондойдун биринде бука моюн, тамагы саландаган неме алдындагы куурдагын жеп бүтүп, Чонтойго сырдуу суроо салды:

— Чонтой мырза, бөдөнөнүн этин эчкинин этине кандай аралаштырасыз?

— Андай дегениңиз эмнеси? Кадимкидей эле.

— Кадимкиси кандай? — Тиги бука моюн суроосуна жооп алмайын оңой-олтоң кете койчудай көрүнбөдү.

— Экөөнү союп, майдалап туурап, анан теңме-тең аралаштырам.

— Теңме-теңи кандай?

— Бу сизде «кандайдан» башка сөз жокпу? —деп соодага алаксыган Чонтой тигиге кабагын түйө тигилди да, жомоктогу жалгыз көздүү дөөдөй дардайган бука моюнду көргөндө жүрөгү «шуу» деп коркуп, оң жооп бербесе кутулбасын сезди.

— Кадимкидей эле теңме-тең кошобуз, урматтуу мырза!

— Эми ошо теңме-теңдин түшүндүрмөсү болобу?

— Урматтуу мырза, «теңме-тең» деген өзү кыргыздын сөзү да? Анүстүнө менде түшүндүрмө сөздүк жок эле, каран калгыр Же башкачараак айтканда «бирме-бир» десек түшүнүктүүдүр?

—Ээй, жигит, өзүңдөн башканы келесоо ойлойсуң го? «Бирме-бириң» кандай деп жатам? Бир кил бодононун этине бир кил эчкинин этин аралаштырасыңбы?

— Жок, аксакал, бир бодонөгө бир эчки... — деп мукактанып тыр Чонтой.

СӨГҮШ

Айтымда бу Андропов деген эл көзүнө көрүнбөй, адамга аралашпай, ал тургай сүрөткө да түшпөй эле конторуна камалып, күнү-түнү дүңкүлдөп иштеп сарчы имиш. Ошонусу ал өлгөндө бир билиниптир. Ал өлгөндө аза күтүү күндөрү конторлордун алдына кара тасма байлап илгенге сүрөтү табылбай, райкомдон корккон канча партиялык кызматкер асылып ала жаздабадыбы! Сүрөт өз убагында илинбегенин чоңдор байкап калган белем, ишкана, мекемелерди текшертип, сүрөт илбеген партсекретарларга сөгүш берип, «жок болсо кайдан алабыз?» деген мамадааналарын иштеп алган. «Жерден чукул болсо да табасыңар» деген имиш райком. Антпесе обком деген аны да ап деп коймок да. Командалык деген ушул эмесми, антпесе күнөөнүн баары сүрөткө түшпөгөн Андроповдо экенин чегтеп билип турушат дечи. Ошондо алды адамы бар болоор-болбос мекеме сөрөйдүн партсекретары катары Чонтой да сүрөт табалбай сөгүш алган эле. «Иш убагында ажатканага жол кыралбай тирүүсүндө азап тартсак, эми өлгөндө да жөн өлбөй сөгүш бергизет» деп кайгырган Чонтой.

Ошо замандын бир күнү конторго партсекретар Чонтой ит куугандай шашып кириптир.

— Айланайындар, жанагы кассир кайда жүрөт, ыя? —деп өпкөсүн баса албай энтеңдейт.

— Жоодон качып келатасыңбы?

— Жоодон десең жоодон, коодон десең коодон. Деги кассир барбы?

—Бар, тынчылыкпы өзү? —Чоко алдынан төрөй басты.

— Сөздү көбөйтпөй кассирди издейличи батыраак. — Алыстан чуркап келгенби, Чонтой дагы эле өпкөсүн баса албай демигет. Аңгыча кассир өзү чыга калды бир бөлмөдөн.

— О, айланайын барсыңбы? —деди шашкан Чонтой, анан анын жообун угуп-укпай бакылдады. — Акчаңды ал да, тез китеп дүкөнгө жөнө.

—Деги төркүнүн айтсацыз боло, эмнеге барам?

— Баягында, атың өчкүр, Андропоздун сүрөтүн таппай сөгүш алганыбыз эсиңдеби?

— Ии, эсимде, эми келипсиң дүкөнгө?

— Эбак өлүп, төзөгүнабы, бейшешебби түшөөрү түшкөн эменин сүрөтүн эми башыбызга урмак белек?! Черненконун сүрөтү түшүптүр, Черненконун. Эл кымкуут талап атат. Тез жет, айланайын, жетпей калсаң дагы сөгүш алып, ит болобуз.

— Коюңузчу, байке, Черненконун сүрөтү эми көп келет да. Аның үстүнө ал кечээ эле шайланбадыбы, же?..

— Ой, эмне эле тантырайсың? Черненко али тирүү го? КГБ укса шорун шорподой кайнап жүрбөсүн?, —деди туурадан сөз го кычылган Чоко.

— Коюй. КГБ укпай калсын! Ошентсе да сүрөттү тез алалы. Не бар, це жок демекчи, мунун деле өзү басалбай, ошо кагып араң жүрөт экен. Дегинкиси жаман айтпай, жакшы жок, бирдеме болсо дагы сөгүш албайын деген жан да, — деп күйүп-бышкан экен Чонтой.

ОШО БУТКӨНДӨ

Заматта, Чонтой айтмакчы, «муштумда-ай, муштумда-ай» мөндүр төгүп, замана заңгыраган түшүп, кыян-жаян сел кетти. Мал карап жүргөн Чонтойдун атасы селге агып набыт болду. Шаарда иштеген Чонтой кабарды укса да, жумушунан ыбырсып жүрүп кеч келип, атасына топурак салалбады. Атасы агып өлгөн арыкты көрүп, баш чайкады. Жаан токтоп, жаздын күнү чайыттай ачылганда арыкта адам эмес тоок агызууга жараба-ган бир кол суу агып жаткан эле. Үйүнө келгенде да өкүргөн салтты билбеген Чонтой эл катарына туруп өкүрбөй эле «божумой, божумой» деп тура берди. Көзүнөн да сыгым жаш чыкпады.

—Божумой, ошо сууга да адам агып өлөбү? Ту-у божумой! Тоок да акпас. Божумой, атам акмак тура, акмак, ошо суудан да агабы?

— «Башымойунду» жыйыштырып, катарга туруп өкүрбөй-сүңбү, —деди бир аксакал.

— Жо, эми өзүңүз калыс болуңчу, ушу суудан агабы адам?

— Бул суу эмес, кечээги селди көрсөң болот эле, ошо селден агып өлдү атаң.

— Селиңиз деле ушу арыктан аккандыр акыры? Атама ишенип шаарга үй салып аткам, ошо бүткөндө акса о дүйнөдөн жай жетпей калабы? —деп боздогон экен Чонтой.

ООН

Шашып бараткан Чонтойду көрүп, Чоконун тили кычышты. Чонтойду аскияга алганга Чоко маш, а тигиниси мындайга эбак бышыкулак болуп бүткөн.

— Мынча шашканыңа караганда маанилүү ишке жөнөгөндөй сүң?

— Ананчы, ООНго шашып баратам, ООН сага маанисиздей сезилеби?

— Маанилүүсү маанилүү дечи, бирок адам түгөнүп калгансып сени ким жиберди ООНго?

— Ким жиберди, ким жиберди? Өзүм эле эл катары баратпаймынбы.

Иштин жөнүн аңдай элек Чоко тамашасын тарта, күндө күлкүнүн себепкери боло жүргөн Чонтойдун минтип ООНго баратканынан сестене, ООНго жөн адам бармак беле дегендей бүшүркөп, ошондон уламбы, кадимки Чонтой көзүнө кадимки бир бараандуу жетекчидей сүрдүү көрүнгөнсүп кетти.

— Чын эле ООНго жөнөдүңбү?

— Ээ, досум, кыйла эле кемпай турбайсыңбы, ООНго жөнөгөнүмдү көрүп туруп сураганың эмнең? — деп Чонтой кыйла көтөрүлө шенеңдеди. ООНдун мынчалык маанилүүлүгүн ал мурда билбеген, мына азыр Чоконун сөзүнөн түшүнүп жатпайбы. Көрсө ООН деле каадалуу нерсе окшойт.

— Ушу турушуңда кете бересиңби? —Анын жөнөгөнүнүн эмнеси күпулуна толбогонун айтууга батынбай аңкайды Чоко.

—Дөөдүрөбөчү, Чоко, ушинтип кетпей, анан жормөлөп же сойлоп кетмек белем?

— Карманган буюмтеримиң жок го дегеним да. Бүгүн учасыңарбы Москөөгө?

—Кайсы Москөөгө? И, тыяктагыбы, —деп колун жаңсады Чонтой. — Ал Москөөдө мага суутуп коюппу?

— Анда кандай? Бишкектен эле Америкага учасыңарбы?

— Эмне-е? Америка дейсиңби? Кайдагы Американы дөөрүйсүң? — Чонтой мокочого жолукканда ормойо карады Чокого, анан Чоконун пешенесине алаканын басты. —Шамалдап калганбы десем, ысытмамысытмаң деле билинбейт, Ушу сенин бир шаригиң тескери тегеренип кеткенби, досум? Кайдагы Америка, ой, мен деген ООНго баратам, ООНго! Түшүндүңбү эми?

— Түшүнсөм мурдумду туура кесип берейин, түк түшүнбөдүм.

— Келесообу бу? Ой, эмнесине түшүнбөйсүң? ООН дегенди уктуң беле мурда?

— Укпаганда эмне, деле илимпоз болуп кетесиң да. Эми ошо ООНуң мен уккан кезде Америкада болчу, эми Ошко көчүп келиппи? Дагы менин шаригим тескери тегеренип кетет имиш. Өзүңдүн өмүрүңдө бир оң тегеренбес шариктериңди майлап алганга жарасаңчы мени коюп. —Чоконун ачуусу келди.

— О, кокуй десе, сен ошону ойлоп опурулуп атасыңбы? О, дөөдүр, мен ООН деген сабакка, —деп тигинин сөзго жыгылганына чын ыкласы менен күлдү Чонтой.

—Сабак ? Ошондой окуу барбы? Ии, курган ий, мен да бир каадалуу нерсе десе. Салпайы-ып сабакка баратасыңбы?— деп Чоко кызаңдады. —Биздин убагыбызда кайсы бир сабактан ООН туурадуу эки-үч ооз айтылган, бирок өзүнчө сабак жок болчу. —Чоко ООНду окубаганын мойнуна алды.

—Сен, дос, ООНду окугансыганыңа эрдемсибе, кана, айтчы, канча мүчөсү бар ООНдун?

— Түү, иттики, бу сен чыны менен шамалдапсың, бир эмес бүт шариктериңди суук уруп кеткен сыягы. ООНдун мүчөсү болбойт.

— Анда деги ООнуң эмне жөнүндөгү сабак?

— Ал «Основы общественных наук» деген сабак, —деди билимдүүлүгүнө эрдемсинген Чонтой.

— О, наүгүң башыңдан калгыр, эй, арбак ургур десе, ошобу ООНуң? —деп түкүрүнө басып кетиптир Чоко.

КАЙДАГЫ БИР...

Чонтой «терезелерге айнек салып бер» деп дегеле адам уругу куруп кеткенсип Чокого келди. Тили эле бар Чоко кайдан айнек сала алсын! Өмүрүндө айнекке жакын жолобогон Чоко намыской көктүгүнөн айнек салууга бел байлап жөнөдү.

— Айланайын дос, болгону төрт тактай айнек таптым, асти сындырбай кес. Жетпей калса кышта тоңуп өлбөйүн, мен «жарымтага» кеттим деп Чонтой шаша жөнөдү. Чонтойго бир жакгө кириштп, бирок баарын сындырып алды. Эмне кылаар айласын таппай башын мыкчып отурса, Чонтой жетип келди.

— Кана, дос, ишти бүтүрүп салдыңбы? Анда, ке, баш жазалы,— деп аңды-дөңдү карабай сүйүнгөн Чонтой сынган айнектерди көргөндө оозунан сөзү түшүп, таяк жеген жетим баладай бозоруп, турган жеринде катты.

—Кайрат кыл, Чонтой, кантейин эми, каран калгырдын баары сынып калбадыбы, —деп Чоконун да каңырыгы түтөп кетти.

— Калыстык кайда, дос? Сынса чейреги сынбайбы, жартысы сынбайбы! Бар, ана, бирөө сынбайбы! Өлүп кеткирдин эки тактайы сынбайбы! Кудай ургурдун төртөө тең сынып калабы? — деп түтөдү Чонтой. Ансыз деле ичи тызылдап, эч алачайын таппаган Чоко жарытылуу жооп изден кайсалактайт. Ишенээрлик бирдеме дебесе төрт абийири төгүлбөйбү, анан да мындан эптеп кутулуп, тигинден «баш» жазса болот эле.

— Кайдагы бир чириген айнектерди апкелипсиң, деле колго кармалбайт тырсылдап, —деди Чоко баш көтөрбөй дулдуюп.

— Ошондой бекен? Атаны арка мойнуң алдында калгыр Ар зымат! Карызынан кутулушка акча таппай жүрүп, акыры акча ордуна ушу айнектерин бербеди беле! Түгөнгүр, чириген гана айнектерин тандап берген экен да! — деп түтөгон экен Чонтой.

САСЫГАНЫНА СҮЙҮН

Чоко менен Чонтой арактан арак тандай күркөлөрдү көпкө кыдырышты. Айтса-айтпаса, тандабай турган заманбы? Карагыда колуна карматса да, бир соз «аракпы?» деп сурап койбой колго түшчү заман тээ илгери өтүп кеткен тура! Ал кезде аракка суу кошот дегенди ит ойлоппу? Азыр илгеркидей завод жун таза арагынан кап-качан кол жуун, энесине жамыраган козулардай жайнаган жасалма арактын суусу азыраагын тандай албай эсибиз кеткен кез. А «самаш» дегениңдин бирисинин үчтөн экиси суу болсо, экинчисинин жарымы суу, кээ биринин эптеп эле арак сымал жыты бар. Ацетон-пацетон кошулганын ичип өлгөндөрдү эстесең төбө чачың тик турат. Андан кудай сактасын дечи. Айтмакчы, кечээги Чоко менен Чонтойдун тандап алгандары тап-таза суу чыкса болобу! Ошондон чочуган экөө не бир аш бышым убакыт тандап жүрүшүп, акыры алышты бир койкойгон ак моюнду .

— Тандаган тазга жолугат дечү эле, — деп Чоконун жинине тийди Чонтой.

— Ок оозуңа, тантырабай алдыңды карап бас. Оомал-токмөл неме элең, чалышып жыгылсаң тиги ак моюнду сындырасың. Күндө суу ичкидей ысыгым аша элек менин, —деп Чоко тигини баштаган болот. Кечээ «согушка катышып, окко учкан» экөө эртерээк баш жазышка көздорү төрт боло мейманканага шашып баратышты. Катуу баскандан Чонтойдун жан чөнтөгүндөгү ак моюн тияк-биякка лукулдап, анан да жан-паны катуу оору гансып «чулук-чулук» үн чыгарат.

— Фу, иттики, — дейт Чонтой чөнтөгүн сыйпалай ачып карап.

— Ой, түшүрүп жибербе?

— Оозу бошпу дейм?

— Эч нерсе эмес, мына жеттик.

— Чөнтөктү булгап, сасып жатпайбы итиң.

— Сасып?

— Фу, өлгүдөй сасык экен.

— Атаны, кайран досум, пешенебиз ачык окшойт сасыса эле сүйүнө бер.

— Сенин чөнтөгүң таза болсо сүйүнөсүң да. Чөнтөгүм сасыса мен кайсы ырысыма сүйүнөм?

— Ошо сасыганына сүйүнбөйсүңбү, сен айткан дай иттей сасыса, анда таза арак! Кечээ сасыбай коюп күйгүргонүн унуттуңбу? Ошо сасыганына сүйүн! Чөнтөк жерге кирсин, эртеге эле кургап калат, — деп жан алы калбай сүйүнгон экен Чоко.

АЙТКАНЫҢ КЕЛСИН

Чонтой аялынын туулган күнүн белгилегени үйүнө конок чакырган. Отуруштун аягында жыйынтыктоочу сөз Чонтойго тийди. Ал аялына жаркокөр карап:

— Ар дайым ойлогон оюндун кабыл болушун кудайдан тилейм, —деди чын ыкласы менен.

— Ыраазымын сага, айтканың келсин,—деди аялы да чын ыкласы менен. Себеби аялы эртеңки күну коңулдөшүнө жолугаар бекем деп сарсанаа болуп отурган эле.

ЖАДЫБАЛ ЖАТТОО

Чоко Чонтойду издеп барса ал сабакта экен. Чонтой тарыхтан сабак окутчу. Сабагы бүткүчө тоскоол этпейин дедиби, айтор, Чоко класска кирип, арткы партага отура кетти. Чонтой аны байкаган жок. он чакты баланы доскага чыгарып сурады. Эң кызыгы: доскага чыккан балдардын баары сүйлөшүп алгансып, бир ооздон көбөйтүүнүн жадыбалын айтып, деле тарыхтын жыты билинген жок «Ээ, Чонтойго тарых жакпай математикага өткөн тура» деп ойлоду Чоко. Ошентсе да Чонтойду сөзгө жыкмакка:

— Терс пейил шаригиң дагы тескери тегеренип кеткенби дейм, болбосо окутканың тарых, анан математикадагы жадыбалды сурайт белең? —деди кычыгына тийип Чонтойдун.

— Акылдуусунбай эле кой, биз деген заманга жараша иш кылабыз. Азыр кайсы заман экенин билесиңби? Азыр деген базар экономикасынын заманы. Соода-сатык арааның ачып келаткында тарыхка не бар. Тарых деп жүрүп эсеп билбей, анын кесепетинен чайкоочулукка жарабай талаада калдык го. Ошо азбы сага? Карачы, бүт математиктер сабагын таштап, чайкоо базарынан чыкпайт. Анан да «тарых, тарых» деп күпүлдөйсүң. Кайсы абад жазылган тарыхыбызды окутабыз? —деп Чонтой сайышкан жоосун жеңгендей кекирейди. Чоконун лам дебегенинен пайдаланып:—А көрөкчө балдар эсеп үйрөнсүн.

ТАЗАЛЫКТЫН СЫРЫ

— Чоко дос, гезиттерди карап отурсаң бу бүгүн партиянын баары (коммунисттердин дегени) эле баткакка оонап алгандай булганч болуп чыга келди да? Өз мезгилинде буларың бири калбай сүттөн таза эмес беле? Партияга арак ичпеген, тамеки тартпаган, дейди сүйлөбөгөн, жат ургаачыга мойнунан байлап жетелесең да өмүрү баспагандарды гана кабыл алат деп укчу элек го? Же кийин жапырт бузулуп кетиштиби? —деп жок жерден өзүнүн башын катырат Чонтой.

— Тазалыктын да өзүнчө сыры бар, мурда укпадың беле?

— Жок, кокуй, эч кандай сыр-пырды укпагам.

— Анда тазалыктын сырынын бир гана мисалын айтам, угуп ал, —деп Чоко билимдүүсүнө кекирейди. —Тээ илгери партия ачыган бозодой күжүлдөп, оозунан көк түтүн бүркүлүп, мурду булут чийип, өзү сен айткандай сүттөн ак, алтындай таза заманда маскөөлүк үч кыз эмгек отпуске алышып, «левый иштеп» акча табыш үчүн сапарга чыгышат.

— Сен тааныйсыңбы? Кайсы үч кыз?

— Укпайсыңбы ооздон сөз жулбай, кайсы экени сага баары бир эмеспи. Угасыңбы өзү тазалыктын сырын?

— Койдум, байкеси, койдум, айт, айта бер.

— Анан туура бир айдан кийин жатаканаларына топтолушат эмеспи кыздар.

— И-и.

— Анан көргөн-билгендерин ортого салышат. «Мен бир сексендин сегизиндеги академикке жолуккан экем, болгону бир түнөдүк да, калган отуз күнү жалаң ресторанда бакты, дем алуу деп ушуну айт. Курортуң шоона эшпейт» дептир биринчи кыз.

— Карасаң-эй, тиги куураган чал кыздын убалында калган тура, —деп чыдабаган Чонтой дагы сөзгө кыпчылды.

— Укпайсыңбы эми, анан «мен бир жумушчуга жолуккан экем, болгону бир жолу ресторанга апарып, отуз түп кыйнады» дептир экинчи кыз.

— Ой жадыбы, —деди Чонтой.

— Жөн отурчу, бай болгур!

— И, анан?

— «Мен бир партияга жолуккан экем, болгону бир түнөдүк да «эч кимге айтпа» деп отуз күн артыман колокодой ээрчип жүрүп суранды» дептир үчүнчү кыз.

— О, анда «таза» жүрүш оюй тура! — дейт Чонтой тамшанып.

ДЕЙТ ИМИШ

Чонтой чалдын тегирменчи кези. Кемпири менен алиги милеси үзүлгөнүнө кыйла жыл болгон. Ошентип, тегирменде отургандын бир күнү, кудая тообо, карт «жыланына» жан кирсе болобу! Ошондо алактап «кемпир, кемпир дейм, кемпир, тез даяр бол» деп үйүн көздөй жүгүрүп келатат имиш. Келсе кемпири эч нерседен бейгам камыр жууруп отурат имиш. Аны көрүп, шалдая соодасы түгөнгөн Чонтой чал ачуусу кайнап:

— Ой, түгөнгөн кемпир! Айда, жылда бир күүгө келсем даяр турбаганың эмнең? —деп күпүлдөдү.

— Мурда эскертип койбосоң, сенин күүгө келгениңди кайдан билдим? —деп кемпири жылмайды.

Күндөрдүн дагы бир күнү «кемпир эле, кемпир» деп кыйкырып Чонтой келатат дейт тегирмен жактан. Аны кулагы чалган кемпири чалынын шагын сындырбаш үчүнбү, же башкабы айтор, чалы табыштагандай даярданат.

—Ой, атаңдын оосун урайын десе, тыякта тегирмен өрттөнүп жатса, дырдай... жатканың эмнең, ыя? Деги сенде уят-сыйыт барбы?—деп күпүлдөйт имиш өпкөсү көпкөн Чонтой.

ТААРЫНЫЧ

Чонтойдун сегиз жашар уулу тарак-туруктан таң атпай ойгонуп, көргөн көзүнө ишенбей, «өңүмбү же түшүмбү» дегендей бушуркөдү. Анан билермандана мурдун чүйрүп, адатынча ата-энесин коркута кабагын «жарашыктуу» бүркөп, таарынычын жашыра албай ыйламсырады:

— Силерди жаман көрөм, иттей жаман көрөм. Мени ичпесин деп кечке оокат кылбай кеберсип жүрбөдүңөр беле? Көрсө тамакты менден жашырып, түнү өзүңөр гана ичип алат турбайсыңарбы? —деп чукчуңдап тескери карай жатып алды.

— Бала да, бала. Биздин саарлык ичип алып, анан кечке кезээре орозо тутаарыбызды кайдан аңдасын? — деди Чонтой жылмайып.

КАҢЫРЫШ

Бу тарых сабагынан экзамен тапшыруу өзүнчө эле тозоктун тозогу. Жанагы мугалим сөрөй дүлөйдү ыраазы кылыш анча мынчанын колунан келе бербейт. Билсең го эптейсиң дечи. Бирок, ошо билгениңди да дүлөйгө угузганча өкүрүп-бакырып, тим элеби, кошко салган кашаң аттай кара терге түшөсүң. А

Чонтой бечара теманы жөндөп билбесе кайдан кыйкырат эле? Тек анча-мынча боолгологондорун «дүлөйгө» угузаар-угузмак. сан күңкүлдөйт. Жарытып укпаган агай же туура дешин же туура эмес дешин билалбай арсарсып:

— Бир суроо берем, билсең билдиң, билбесең «прощай, Гүлсары»,—деди орсок тишин ырсайтып.—Кана, айтчы, баатыр, Маодон кийинки Кытайдын кыйыны ким эле?

Кытай эмес өзүбүздүн кыйындарыбызды жарытып биле бербеген Чонтой чындап эле «прощай, Гүлсары» турбайбы, пенсия чыкпайт тура(стипендияны ушинтип коюшат экен чунактар) деп ачуусунан тиши кычырай:

— Ким билсин? —деп бурк этти.

— Абдан туура, дос. Ким Ир Сенди билет экенсиң, — деп ыраазы болгон экен дүлөй.

КАРА КЫРГЫЗ

— Эртең майрам экен, ата, паркка барып тир аталычы, —деп жалдырай суранды Чонтойдун беш жашар уулу. Атасынын чөн төгүндө сокур тыйын жоктугун наристе түшүнмөк беле. Уулун эл катары майрамга алып чыгууга деген тыйынын «арак» аттуу уйга жалматып жиберип, эми айласын табалбай ичин ит тыталаган Чонтой оюна келген шылтоону шыпырылтты.

— Кайдагыны айтасың, эртең эч кандай майрам-сайрам эмес, уулум.

— Ики сага, «кара кыргыздардын майрамы» деп балдардын баары ырдап жүрүшпөйбү.

—А-а, кара кыргыздардын майрамын айтасыңбы? Ал туура, бирок ,уулум, анын бизге тиешеси жок.

— Ии, сага, тиешеси жок, тиешеси бар эле, тир аттыргың келбей жатат, ээ?

— Тирди сага аттырбай тиги бейиштин төрүндө отурган атама аттырмак белем?! Майрам болгондо атабыз да. А эртеңки майрамдын бизге кымындай да тиешеси жок.

— Эртең кимдер майрамдашат?

— Чоко байкең, анын чотурайган балдары, дагы ошого окшогондор.

— Ошого окшогону кандай?

—Күндө көрүп жүрөсүң го, ошолор кара кыргыздар да.

—Ка-ап. Адна ак кыргыздар качан майрамдайбыз, ата?

— Эмдиги жылы, — деди Чонтой ооз-мурду кыйшайбай.

— Ата, чоң атам чын эле бейиштин төрүндөбү? Сиз аны кайдан билесиз?

— Мен билбеген балаа жок, уулум. Көп ушактаса күнөөсү жуулуп кетет имиш. Атам болсо олөөр өлгүчө ушактан арылган эмес, раматылык! Ошондон билем да, биздин айылдан баргандардан атам эле жалгыз кеткендир бейишке.

— ? ...

ТАЗА АДАМДАР

— Гезитке берген интервьюсунда «сотко таза адамдар келиш керек» дептир.

— Ошентиптирби-эй?! —дейт Чонтой. —Сотко таза адамдар келиш керек бекен? Ты, смотри? Ким айтыптыр?

— Аныбы, аны айткан Айтматова Турсунай айым, —деп олут гуу кекирейди Чоко.

— Кайсы Турсунай? Алиги Араван-ыскийдин арак сатчуубу?

— Кайсы арак сатуучу,? —деп кыткылыктап, көзүнөн жаш чыккыча күлдү Чоко. Анан «ой, Чонтой болбой чомуран калгыр, тапканын карасаң» деп жадында кобураганча күлгөнү күлгөн.

— Алиги «самаш» сатат го, ошобу?

— Эй, дөөдүр, бул деген эгемендүү эркин мамлекетибиздеги экинчи эле генерал аял.

— Охо, —деп оозу ачылды Чонтойдун, —генералбы?

— Генерал.

— Генерал айымың шамалдап калбады бекен?

— Ылайым сен шамалда, анын эмнеси жакпады?

— Кылмышы жок таза адам да сотко келмек беле? Мындай бир капитан-сапитан же майор-сайор болсо да мейличи демекмин, эми генералдын акылы ошого жетпейби?

— Эй келесоо, генерал айым соттолуш үчүн сотко келгендерди айткан жок, ал деген соттун өзүн айтып жатпайбы. —Чоко чыдабай кызууланды. — Генералга таш атканды коюп, өзүңдүн тескери тегеренчү шариктериңди ремонттотуп алсаңчы.

— Аа-а, ошондой дебейсиңби тумандатпай. Та-ак, сотко таза адамдар келиш керек? Таза адамдар келгиче сотубуз жок тозтополоцго түшүп, кылмышкердин күнү туун, ошолордун гана ити чөп жеп, береги бей-бечаранын шору тартайган арык койдун шорпосундай гана кайнайт турбайбы. Кандай дейсиң, Чоко?

— Дагы дөөдүрөдүң, көп күткүдөй сенин жаман оюнда таза адамдарды «Венерадан» же «Марстан» алып келет дейсиңби?

— Баары бир, жалаң таза адам тапканча 25 жыл өтпөсө мага кел, — деп көктүгүнө таянды Чонтой.

— Бу сенин «бээ» десе «төө» демейиң качан калат? —Чонтой менен сүйлөшкөнүнө ичи чыкпай тыржыйды Чокунуп.

— Менде эмне күнөө? «Сотко таза адам келиш керек» деп өзүң, өзүң дейм да, тиги генерал айым айтты дебединби?

— Туура. анан кайдагы 25 жылды кесе айтасың?

— Сотко таза адам, мындайча айтканда таза юрист келиши чын зарыл болсо, андай таза юрист бүгүнкү биринчи класстагы балдар жетилгенде гана чыгаар дегеним, ошондо да аларды колдон бура тартып бузуп кетишпесе, —деп акылдуусуна мурчуйду Чонтой.

ЖОК ЖЕРДЕН

Базар экономикасы деген балакет Чонтойдун башын күп гана айлантты окшойт. Эртеден кечке кайда барбасын, каерде жүрбөсүн, укканы жалаң жок жерден акча жасаган шылуундар тууралуу. Айтса-айтпаса, акчасы жок пенденин бүгүнкү күнү ачкадан о дүйнө жөнөп бериши кеп болбой калбадыбы, каран калгыр! Чонтой да, өзү айткандай, бул маселенин үстүн дө чымчыктыкындай башын көп катырып, жок жерден акча табуунун өзү ойломуш эткен жол-жобосун акылга салымыш этет, бирок кээде өзү тилдеп калчу «шариктери» озуно баш бербей азоо аттай мөңкүп, бул маселе тарапка тап-такыр тегеренбей кыйнабадыбы. Ошентип, жок жерден акча табуу амалынын сары изине чөп сала куун жүргөн күндөрдүн бириңде казандай кара шляпаны баса кийген, алакандай көз айнектүү бирөө жанына жайбаракат басып келди. Өзү наалып калчу «жалаң дипсисити» кийгенине караганда бизнесмендин нак өзү деп ойлоду ичинен Чонтой.

— Такси сеникиби? — деп корулдады бизнесмен.

— Ооба, такси меники.

— Анда кеттик.

— Кайда кеттик?

— Чимкентке.

— Сиз бирдик эмес окшойсуз? Оптон Чимкентке такси каттабайт.

— Билем, жигит. Чимкентке такси каттабасын сенсиз деле билем. Иш абдан зарыл, сенден сураныч, нааразы калбайсың,

—деп бизнесмен баягыдан кыйла бошоң унчукту. Чонтой ичинен шашканын билгизбей, калп эле башын кашып, ойлонумуш болду. Максаты эле маалката баасын көтөрүп, жок жерден ашыкча акча табуу да.

— Чимкент деген өзүңүз билесиз, жердин эле жети түбүндө Ага бери дегенде төрт миң...

— Айттым го нааразы калбайсың деп. —Ал чөнтөгүнөн пач килей акчанын четин чыгарды.— Ишенбесең мына, төрттү кой, төрт жарымды берем.

—Мына бу таксимотордо аялым иштейт, ошого таштап алыска бараарымды да айтып келейин, жарымын бериң.

Бизнесмен экини санап, Чонтойдун колуна карматты. «Акылыма бали» деп буту үзүлгөнчө жүгүрүп баратты Чонтой.. Чынында мынча алыска жол тартып бараткан соң дарегин айтып, анан да үйгө тыйын-тыпыр таштап кетпесе болобу. Тигинин бизнесмен экенин күп гана байкаган экемин, жөн киши жетисегиз жүздү ыраазылык менен алыкча ыргытпай калсын деп ойлогончо бурчтан бурулуп кетти. Жүгүрбөсө болобу, тиги берешендин көңүлүнө кир кетпесин...

Таксист кечигип, бурчту карай берип, бизнесмендин көзү талыды.

— Сен кайда? — деген ачуу үндөн чочуп, селт этти бизнесмен. Караса таксинин рулуна бир килейген неме жайбаракат отуруп атат. Бизнесмендин жүрөгү шуу этип, бир жамандыктын жытын сезгенсинди Ошентсе да бош келбей кокон пеш көр сөтө:

— Ээй, ал деген шоопур отурчу жай, сен аркага өт, Чимкент багытына барсаң, —деди бизнесмен.

— Кечиресиң, балакай, мен Чимкент-Симкентиңе эч баралбайт экем. Жакын ортого болсо, пажалыйста, а так менин ачуу су жаман тишими кычыштырбай арабаңды тарт, — деди рулдагы күрүлдөгөн жоон, колдогой үн менен. Маселенин маңызын айттырбай түшүнгөн бизнесмен ичи туз эмес кислота куйгандай куйкаланып атса да, тишин-тишке баса бирөөлөрчөсүнөн «ой даат, ой да-ат» деп ачуусун тышка чыгарбай, кадимки «бизнесмендердей» кайкая басып көпчүлүккө аралашты. Көрсө, Чонтой ээси дүкөнгө кеткен таксини пайдаланган кербези тура...

КӨМҮР КЕРЕКПИ?

— Тиги үйүнүн алдында үңкүйүп отурган эмне жумушта? — деп сурап калды өтүп бараткан адамдан Чонтой. Сурабаса болбойт азыркы этеги жаман жерден жыртылган тартыштык

заманда. Көрүнгөн эле батинке жыртаардын колунан карызга акча бериш келе бербейт.

— Коммерсант,—деди өтүп бараткан адам. Чонтой коммерсантка жөнөдү. Бир жардам берсе ушу коммерсант берет, айласы кетип, көз чачырап турганда сурабаска да чарасы жок эле.

— Саламатсызбы, аксакал?!

— Саламатчылык, кел иним. — Коммерсанттын көңүлү көтөрүңкү көрүндү. Маселенин чечилиши үчүн бул да чоң мааниге ээ эмеспи. Ошого дымак байлай маселени кабыргасынан койду Чонтой:

— Сизден жардам сурап келдим, аксакал!

— Колдон келсе...

— Тетиги машине биздики, аксакал, эрте менен ушерге келгенде бузулуп, мына түш оогончо оңолбой, эсти кетирип жатат. Өзүңүз да байкагандырсыз.

— Көрүп атам эртеден бери, машинеңердин кесели оор корүнөт. Көзү ачык табып издеп жүрөсүң го? —деп коммерсант тамаша ыргыткансыды.

— Беш тонна Көк-Жаңгактын көмүрүн апкелаттык эле...

— Маз-за көмүр тура!

— Ошо маз-за көмүрдү суу кылгыча бузулуп өлбөдүбү иттики. Машинени ордунан козгоорубуз менен көмүр жайын табат да, биз кайра кайтабыз. Ошого дейре тетик апкелгенге эки жүз сом бере туруң, аксакал, бир жакшылык кылың, аксакал!

— Көмүрдү мага сатсаңар жакшылык кылам, эки эмес үч жүздү берип турам, башка шылтоону айтпасаң да ашык кетпейт.— Маселени чындап коммерсант койсо болобу кабыргасынан!

— Кап, бир адамга убадабыз бар эле да, анын үстүнө а киши түзүгүрөөк төлөмөк, —деп кыңырылды Чонтой. — Жаман жерден кармадыңыз, аксакал!

— Насип кайып деген ушу, кимге насип кылса, ошерге түшөт да көмүр, —деп оозу кулагына жете ыржалактай күлдү коммерсант. — Машинеңерди тез оңдоп, жарыкта көмүрдү түшүрүп бере койгула, кечке кийирип алалы, —деп кызматкерине буюргансып өктөм бакылдады акчаны берип жатып. Чонтой тетикке жөнөдү, а коммерсант бир кадам жылбай бузук машинени аңдып отурду. Керектүү тетик табылбадыбы, же шопурлары «аша билимдүүбү», айтор машине кечке оңолбоду. Аны күткөн коммерсант буттары чымырап, бели очорула уюганда айласыз козголуп, бузук машинени акмалай басты.

— Оңдой албадыңарбы?

— Оңолбой жатат,—деди машинени чукулаган шоопур коммерсантка бурулуп да койбой.

— Өпкө, жүрөгү таза беле? —Коммерсант тамаша агытканына ыраазылана күлөм деп тамекисин катуу соргонбу, айтор, кыйлага ыкшып жөтөлдү.

— Жүрөгүнүн тазасы таза деңизчи, ушу өпкөсү соо эмеспи дейм. Куду сизчесинен ыкшып жөтөлүп атып токтогон, —деди шоопур бош келбей. Күтүлбөгөн жерден сөзгө жыгылганы на коммерсант заматта тырчыйып, өңү кумсарды.

— Тигини карасаң, сен бала, эркелечү жериңе эркеле. Айлашкандай сага теңтуш эмесмин. Мейман деп сыйлап койсо... «Ээси келсе, бээсин алат» дейт, берчү көмүрүңдү түшүрүп бер, эрте күндү кеч кылбай. Караңгы киргенче кийирип алалы. Машинең жүрбөсө жүрбөс, ушу турган эки жүз метр жер итиме таңбы? Бүксүргө сүйрөтүп болсо да түшүрүп бере кой,— деп автоматтай бадырады коммерсант. Иш менен кызуу алек тенген шоопур эми гана коммерсантка бет буруп, айнып калган адам го дегендей бүшүркөп, этияттай жооп узатты.

— Келиңиз, аксакал, көмүр керекпи?

— И, атакөрү, төө десе, бээ деген кандай баласың? Баятан бери мен сага түш айтып атамбы? Сүйрөт машинеңди тез, — деп ити чөп, жеп, коммерсанттыкка жетингени өлүү-сөлпү сөз укпаган неме ачуусу мурдунун учуна чыга итиреңдеди.

— Азилиңиз күчтүү экен, аксакал, бу көмүрдүн ээси бар...

— Деги маалкатпай айтчы, канчага сатасын?

— Сатууга акым жок, ээси бар дебедимби?!

—Акың жок болсо, эмне менин башымды оорутасың?

— Башыңызды мен оорутпай эле тээ мурдатан шариктери бош көрүнөт, —деп айтаарын айтып алып, сээрин чукуп албагай элем деп чочулай карады.

— Деги көмүрдү түшүрөсүңбү, жокпу? — Шоопурга теңелгиси келбегендей бир аз жоошуду коммерсант. Ушу кемпай менен акыйлашкан кайран жан деди көрүнөт.

— Кайдагы көмүрдү? Бу сиз чындап элеби?

— Чындабаганда сенин теңтушуң белем, жана шериңиң «тетик сатып келейин, анан машине оңолгондо көмүрдү түшүрүп беребиз» деп аванска үч жүз алып кетпедиби. Кайда жүрөт ал өзү.

— Вот што— деп шоопур үшкүрүндү.— Менин шерик-мериким жок, аксакал, —тек ууруну каракчы урат болгонбу дейм?

— Уруу дегени турасыңбы мени? Сен өзү кайдан чыккан машаяксың?

— Кечиресиз, туура эмес айтыпмын, «өлө тапкан баламды ордок чокуп өлтүрдү» болгон бейм?

— Кана-а, жанагы сенделген шериңиз? —Коммерсант чыдай албай айкырды.

— Айтпадымбы, аксакал, менде шерик жок.

— Эгерде колума түшсо, канын ичем, деп кумсарып турду коммерсант. Базар экономикасынын оош-кыйышынан кабары жок Чонтой жок жерден акча табууга бейтааныштын бузук машинесиндеги көмүрдү пайдаланган тура!

«ӨЛСҮН ОШО!»

Чоко бир чарбага деректирликке дайындалып, бирок көчүп келелек. Азырынча барып —келип иштеп жүргөн. Ошо күндөрдүн бир базар күнү агроном Чонтой кеңсенин алдында дерек тир Чокону байматтап калды.

— Аксакал тиги баш бухгалтер экөөңүздөрго чай берейин, деп ниеттендим. Түшкүгө бара калыңыздар, аксакал. Кичине «сеп» этип алганымды кечирип коюңуз, дем алыш күнү эмеспи, —дейт.

—«Дем алыш күнү сеп этсе эткендир да» деп анысына коңүл бурбады Чоко. Чарбада ашкана жоктугунан түштөнүү да машакат. Ошондо Чонтойго ичи жылыды Чоконун.

— Мейли, барса-баралы,—деди.

Түшкө дейре итабар иш бүтүргөн Чоко баш бухгалтери менен Чонтойдукуна барса, анын аялы эшик алдындагы чарпая да жүн тытып отуруптур. Тигилердин айткан саламына:

— Келиңиздер, келиңиздер, быякка өтүңүздөр, —деп чарпаяга салынган эски таар жакка жаңдады. Чоконун көңүлү жинкирининп, «иги, бул эмнеси, кудай берген үйүнө эле кийирбейби?» деп чарпаянын четине коомай көчүк басты. Аял кичинекей дасторкон жайып, бир каткан нан коё «нанга карагыздар» деминш этип, жүн тытмайына кириштн. Мейман күткөн түрү жок.

— Чонтой кайда? — деди чыдабай ичи бышкан баш бухгалтер.

— Өлсүн ошо, чылгый мас келип, уктап жатат.

— Бизди түштөнүүгө чакыргандай болду эле.

— Өлсүн ошо, ичип алганда ошентип, дөөрүй берет, —дептир аял эч камаарабай .

АЗИЛДЕР



МУЗООЛОДУ

«Алардын мала ую быйыл эки мерте музоолоду».
А. КАМАЛОВ «Ала музоо».

«Ош жаңырыгы», 3.01.1995-ж.

Чонтойдун тамашасын сагынган Чоко аны көрөөрү менен бура бастырбай бучкактады.

— Бу жүз сомдукча көзгө чалдыкпай кайда жүрөсүң, Чонтой дос? Көзү-башың шишигенине караганда кечээ «жетим согушка» катышкансың го?

— Жетим-петим эмес эле ата-энелүү, каада-салттуу «чоң согуштарга» катышып, кадыресе «жарадар» болбодумбу, дос!

— Ии, ошондон кеп сал. Бекер октун канчоонон онтодуң.? калбырдай тытылгансыды го, чиркин!

— Давай бир четинен.

— Таң атпай баягы Шалдыр айтмакчы, карга бок чокуй электе короого чыксам, ким дебейсиңби? Так ошо Шалдыр ызылдатып ышкырат-эй! Бери бас дегендей шама бергенинен ур-руп жетип барбай жаным жокпу?!

— Жүрү, жууп жиберели, кечээгиден бир «самаш» калганы ырас болбодубу, —деди Шалдыр акыркы калган төрт тишин ырсайтып.

— Жууса жууп жиберели дечи, бирок эмнени жууйбуз?

—Тиги жаман сары күчүктөп салыптыр.

— Итендеген жаман канчыгыңбы? Күчүктөгөнү эмнеси? Же күчүктөрүн жеп коюптурбу?

— Тууптур дегеним да.

— Аа, баяле ошентпейсиңби, давай, жууса башты көп оорутпай эртерээк жууп жиберели, —дедим.

Ошентип таң алдындагы «жетим согушка» катышып, кадыресе «октун» жытын сезип калган кайран өзүм көчөгө чыксам дубалдын далдаасынан далбалактаган караан чыга калып, жүрөктү түшүрбөдүбү. Тим эле алкымым бар го, так оозума тыгылып калбадыбы.

— Сүйүнчү-ү, деп айкырып келатып, мени сүзүп ала жазда ганда арак токтогон немеге алая карасам, о баягы Токтор палван экен.

— Иштиң бир калыс адамсың, дос. Мени ушактабаганың мына азыр билинди. Өзүңө гана жууп берем, өлөйүн дос, үйдө бир казан бозо даяр, —деп энтигет Токтор.

— Өлөйүн деген эмнеси, сенин өлгөнүңдү жууйбузбу?

— О, жо-ок, кокуй, баягы ала токту көзулап, эки эчким улактап салбадыбы түндө. Ошону жууйбуз да.

Ошо бир челек бозодон кийин боюнда бар аялча чайпалып араң басып калгам. Андан кийин да көптү жуудук. Бектендин бээси кулундаптыр. Төрөбектин төөсү ботолоптур, ал аз келгенсип тогуз тоогу катары менен жожолоп салыптыр. Анан эмнени жуудук эле? И, баса, Итибайдын индугу индуктап коюптур. Андан кийинкилерди элес-булас билем, куп гана «ок» жедим-ой! Эстедим... Балтабайдын бактеги бактектеп... Анан үйдү көздөй араң келатсам Алдаярдын аялы кыздап коюптур да. Ошону жууганга өлөөрүмдүн күнүнөн араң катыштым. Башкасы эсимде жок. Тээ бир оокумда баш зыңылдаганынан ойгонсом, жер эбак жарыган экен, кайран өзүм бир чалчыкта жатам. Сасыктыгын айтпа, түү иттики, жанагы атың очкур, чочколор сасыганына чыдап кантип оонайт десең ушуга?

— Ии, анан.

— Анан тегирмендин ташындай зыңгыраган башты эптеп өйдө көтөро ордумдан турсам, эмне дебейсиңби?

— Эмне?

— Үйдө жатыпмын.

— Чалчык дебедиң беле?

— О, кокуй, ал чалчык эмей эле, меңе түнү менен бозолоп, анан аралтап салган турбаймынбы!

ӨЗҮН ӨЗҮ

«Ар бир адам өзүн-өзү баксын» Ноокаттын белиндеги чакырык. (мүмкүн буйруктур).

— Катары менен алты күн дем алыш экен, Чонтой дос, эсиңкөөндөн кеткидей бир айылчылап келбейлиби. Бай райондордогу досторго чү коёлу. Кандай дейсиң? —деди Чоко.

— Кайсы районду мөлжөлдодуң?

— Ноокаттан өтөөрү жоктур, облусга ноокаттыктардай колунда барлар аз го?

— Айтканыңда калет жок, бирок Ноокатка мен атып нийсең да баралбайм. А көрөкчө Алайга баралы.

— Койчу ошо Алайынды, жол кирээлик пулдун жоктугунан коңшу жылгадагы тажиякга да баралбай калышыптыр дейт го?

— Ошентсе да чайын бекер берет. озу ичиеи бекиткен арагын куят. Койчу ошо Ноокатыңды, суу берсе да тыйын сурайт имиш ошо карынбайларың, —деп кабагын чытыды Чонтой.

— Ким айтат?

— Бажам айтты.. «Ар бир адам өзүн-өзү баксын» деген закун чыгарыптыр ноокаттыктары Мейманга барсан башкасы мындай кой өтүгүңү сактаганына да бир сом алат имиш.

— Меймандаган үйбү?

— Анан мен дейсиңби?

— Койчу -эй,! Бу сөзүң деле күрөккө токтоор түрү жок. Калп айткандан уялсаң боло! Бу бажаң экөөңөрдүн бетиңер бетпи же? ...

— Шашпа, дос, бажам Ноокаттагы тойдон күнү кечээ келди. «Белдеги жардыкты окудуңбу?» деп сурашыптыр ноокаттыктарың, «окудум» десе, «анда ошо закун менен жашайсың, Ноо катта өзүңдү өзүң бак, ар бир чайнек чай бир сомдон, бир нан эки сомдон, ажатканага он сом төлөйсүң да, эртеңге чейин кан ча кирсең өз эркиң» дептир.

— Өрдөктөрүң доңуздай семириптир-эй —деп каткырат Чоко.

— Кайдагы өрдөк, бажамдын көзү тирүү го?—деп тыраңдайт Чонтой.

— Маакул, чын дейли, и, айта бер.

— Тойдо куурдак, суюк аш, кийин шорпо, анан палоо берилет, мунун баары наны менен адам башына жүз сомго айланат деген имиш той башы. Ичимдикти Айшакан тейлейт, буфет баасы, мисалы, аракты кечки саат онго чейин он бештен, андан кийин жыйырмадан. Жатакана үчүн жүздөн.

— Токточу, Чонтой, бу сен өзү кайсы Ноокатты айтып жатасың?

— Канча Ноокатың бар?

— Бирөө да.

— Кайсы, кайсы? деп коёт. Ошо сенин Ноокатың.

— Андай тойго ким барат?

— Тууган-урук, илият-зилият болгон соң барбаганга айла калабы, чыдайт экен да. Эң кызыгы, алардын аялдары да алакан толо пул кармап калышкан имиш. Эркегинен түнкү «көпөлөктөрчө» болбосо да, андан арзаныраак пул алышат экен.

— Анда мыйманы деле пулун төлөп коюп...

— Тап-пасаң сыйпалап калгыр-эй, акылдуу жансың да, туура баамдадың. Пулу жетишинче күйөөсү пайдаланат, андан кийин пулу бар мейманга жанагы закун жол ачып жибереби дейм да?

— Кары-картандары кантти экен?

— Аларга пенсия, пособия төлөөнү тык токтотушкан имиш. Анткени. алар да адам эмеспи, жанагы закунго негиз башта-

рын ташка «тарс-тарс» урса да, өзүн-өзү багуу зарыл имиш.

— Каруусу кайткан кары-картандарчы?

— Аларды топтоп, жанагы эмне эле, атың өчкүр, тилимдин учунда эле турат, и баса Карышкыр-Сайга алып барып ташташат имиш. Ооба, ким өзүн өзү багалбаса ошентишет имиш. Кыскасы мындай закүндон кудай сактасын.

— Коркосуңбу?

— Коркпой анан. Ал закүн бизге келсе менин бар тапканым сенин көрөр көзүңө кетип калабы дегенде жүрөк зырылдайт,— деп айтканда Чонтойдун тузу жок сөзүнүн төркүнүндө чындык тын барын же жогун аңдай албай, же аны тилдээрин билбей селейиптир Чоко.

ЭКИ КЫЗДЫ ТЕҢ СҮЙӨБҮ?

«Кумар-шоуга азил»).

1994-жылдын 26-декабрында телевизордон жаштардын «Кумар-шоу» программасы көрсөтүлүп, анын жүрүшүндө жигиттерге «Эгер сени эки кыз бир мезгилде сүйсө кантээр элең?», кыздарга да «эгер сени эки жигит бир мезгилде сүйүп калса кантээр элең?» деген суроолор берилди. Бир жигит «жүрөгүм сүйгөнүнө көңүл бураар элем» десе, калган жигиттер жана бардык кыздар: «Кимиси мени көбүрөөк сүйсө», «Экөөнү тең карап көрмөкмүн», «байкап көрмөкмүн» деп же ушунун айлана сында жооп беришти.

Мендей элүүдөгү адамды бул жооптордун таңдантканы буга чейин мейли басма сөздө, мейли теледе же кинодо болбосун, үйлөнүүнүн эң бир туура жолу катары эки жаштын өз ара сүйүүсүнүн сөзсүз шарттуулугу турмуштун мыйзам ченеми катары даңазаланып келбеди беле? Эки тараптуу же болбосо өз ара сүйүшүү менен баш кошуу шартын, жогоруда белгилегендей, бир гана жигит колдоду. Бул эмнеси? Же көз карандысыз эгемендүү республикага жетингенибизден бери үйлөнүү саясатын да өзгөртүп алганбызбы? Өзүнүн жүрөк сезими, жүрөк шооку-му менен эсептешүүнүн ордуна кимиси көбүрөөк сүйсө баш кошуп кете бермей заманга туш келдикпи? Анан да бу сүйүү дегениң бензин болгондо кимиси көбүрөөк сүйгөнүн чакалап өлчөп алмакпыз, картөшкө болгондо да таразалап дегендей... Ырас эле бу сүйүү дегениң эң аз, аз, көбүрөөк, көп, аябай көп деп өлчөнөбү? «Байкап көрмөкмүн» деген жооптон да кайсы бир кара чаар жыландын башы кылтыйып тургандай. Кантип байкап көрөт? Мисалы, базардан сатып ала турган уйду байкап

көргөндөйбү? Уйду кантип байкап көрчү эле? Ии, баса, парадасы, жашы, эмчегинин тазалыгы эске алынчу эмес беле?! Сүгич эместигине да көңүл бурчу. Касапчы үчүн союлчу малдын кооздугу же сүзөнөөктүгү бир тыйынга да арзыбайт. Мындай учурда семиздик жана салмак керек. Эшектин жүк көтөрүмдүүсүн, тебеген эмесин, анан да кыя жолдо бурандабаганын тандайт. Мал го мал деңизчи! Жигит же кызды өзү сүйбөгөн соң кантип байкап көрөт? Байкаш үчүн кайсы критерийлер маанеге ээ? Болжоо кыйын. Сыягы, жигиттердин салмагы, бою, тууралыгы өлчөнөт көрүнөт? А кыздардынчы? Рынок экономикасында жашаган доор ушуну талап кылат окшойт. Анан да эки кызды байкап көргөнү аябай кызык экен. Ырас эле ушул жигиттин жообунда бир мандем бар. Байкоодо эки кыз болгон соң алардын «параметрин» салыштырып көрүп, кайсы бир жыйынтыкка келиши мүмкүн да. Жагып калса экөөнө тең үйлөнөт оңдөнөт? Мындан келди—бул маселени парламент бекер козгобогон сыяктанат! «Кумар- шоуга» катышкандар тегиз бойго жетип, мына-мына үйлөнүү босогосундагылар экен. Кантсе да абайлашкай эле?

ОЙ, МОЛОДЕС, ЕВРЕ-ЕЙ!

Кылымыбыздын башында «сионизм» деген болуптур. Бул— «еврейлердин буржуазиялык улуттук агымы» дегенди билдирет экен. Өткөндөрдү окуганыбызга караганда дүйнөнүн көп мамле кеттеринин жетекчилери, анын ичиде батыштагылар «сионизм» дегенди укканда «аллергияга» дуушарланып, сионизмге каршы колунан келишинче күрөшүптүр. Илгерки жол башчыбыз Сталин да еврейди «желкемдин чуңкуру көрсүн» дегенчелик мамиле жасап, бүт өмүрүндө аларга каршы бардык күч-аракети менен «согушкандыгы» белгилүү.

Мына ушундай каршылыктардан, ар кандай бут тосуулардан кийин «бечара» еврейлер кандай абалда калганын билүү көпчүлүктү кайдыгер калтырбас? Ал үчүн жазуучу В. Успенскийдин тээ партократтардын айбаттуу доорунда эмес, мына кечээ эле (1991-жылы) жарык көргөн «Жол башчынын жашыруун кеңешчиси» деген китебиндеги маалыматка көз жүгүртөлү.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы Эл Комиссарлар Советинин курамына болгону эки орус «Ленин жана Чичерин», 1 армян, 1 грузин, 18 еврей шайланып, Совет бийлиги дегенде ичкен ашын жерге коюп, күнү-түнү бут чечпей, Ленинге үзөңгүлөш жүрүшчү Калининн, Андреев, Ворошилов бечаралардын жетим баладай бозоруп «көчөдө» калышкандары кызык. Ошол

эле учурда Троцкий жетектеген аскер комиссариатында 1 латыш, 34 еврей, ички иштер эл комиссариатында 100 пайыз еврей, юстиция эл комиссариатындагы 18 адамдын баары еврей болгондугун карабайсызбы! Тообо десе! Бул деген, жогоруда айтылгандай, еврейге каршы жапа тырмак күрөшкө көтөрүлгөн мезгилдеги абал. Ошондо тынчтык мезгил болсо Ленин байкуш ка деле орун тийбей калмак окшойт, сыягы? Ой, молодес, еврей! Макул эми, ал мезгилде Стакеге азуу чыга элек эмес беле деп өзүбүздү жооткотолу да, Стакенин 32 тишинин баары азуу-га айланган 1936-жылга серп салалы. ВКП (б) БКнын 78 мүчөсүнөн 61 еврей, Эл комиссариат Кеңешинин 115 мүчөсүнөн еврей эместери 17 гана адам экен. Жүздөн ашык улуту бар мамлекеттин башкаруучу төбөлдөрүнүн 82 пайызын еврейлер түзүп, калган бардык улуттун өкүлдөрүнө араң гана 18 пайыз орун тийген! Ой, молодес, евре-ей!

Анан ошо еврей эмес 17 адамдын да жетөөсүнүн улуту белгисиз имиш, шашылышта тактаганга үлгүрүшкөн эмес окшойт? Кыкендеги чылыкбай сары изине чөп сала «изилдесе», алардын да алтоо аврей болуп чыгышы ыктымал. Ошондогу Госпландагы 15 мыкчыгердин 12си еврей, 12 гезит жана журналдын редакторлору баары еврей, азырга чейин уккандын жүрөгүн үшүткөн НКВДнын 20 мыкчегеринин 14ү еврей болгон экен.

Ой, молодес, евре-ей!

Ушул эле дейсизби окурман?

Эң кызыгы быякта. Өмүр бою еврей менен жакалашып, еврей дегенде түшүнөн чочуп ойгонуп, аларды жеп жиберчүдөй тиши кычырачу Стакенин (Сталин) үй-бүлөсүнө да еврейдин кирип кетишине ишенээр белеңиз? Көрсө, Стакенин чоң уулу Яков Жугашвили бейтаалай экинчи никелешүүсүндө еврейдин Юлия деген сулуу жубанына үйлөнүп, атасынын күйбөгөн гана жерин күл кылган тура! Турмуш чындыгы ушундай, окурман! Ушундан кийин «Ой,молодес, евре-ей!» дебеске не айла?

«ОШ ТАЙМС» ОЙГОТКОН ТАМАШАЛАР

1. ЖАМБ-БУ-УЛ

Эми эле бутуна каз-каз туруп келаткан «Ош таймс» гезитинде анын менчик ээсинин атынын аталышы «Жамбылбек», «Жамбыл», «Жамбул» деп сымаптай кылтылдаганы кызык! Муну ар ким ар кандай түшүнгөнү андан да кызыгыраак. Бул жагдайдан улам биздин Чоко: «шаар көргөн эчкиден түңүл» демекчи, шаар эмес, бүт кыргызга таанымал Камчиев бирде чын

эле Камчиев болуп көрүнсө, бирде Ленинге кубулуп, «приписадан» жем татып калган неме ашык дөөлөт баш жарбайт деп бир тутам паспортту камдап алган го» деп жүрөт. А Чонтой болсо: «эртең менен акыл эс ордунда турганда «Жамбылбек», анан пахмелден кийин «Жамбыл», ал эми бешим оop. кадыресе көз алачакмактаганда «Жамб-бу-ул» дейбиз го сыягы деп баш катырат имиш.

2. НЕ ТАЛАНТ

Гезиттин пешайбанынан «Краткость-сестра таланта (А. П. Чехов)» деген сездөр көзгө эң алгач урунат эмеспи. Ошону окуган Чонтой:

— Если краткость— всего лишь сестра таланта, то значит краткость нисколко не означает таланта. Так как сестра —это сестра, она может быть и дурой, —деп «олуттуу» күбүрөнөт имиш.

3. АТЫҢДАН АЙЛАНАЙЫН ТЕЗЕК!

Жамбылбектин «Кризистен кантип чыксак?» аттуу сатиралык монологун окуп, мындагы козголгон орчундуу маселенин төркүнү өзүнчө көз карандысыз мамлекет катары күн көрүш үчүн бычакка сап болоордук башка байлыгыбыз жоктугунан, мындан ары сары майдай сактап, ошону менен эптеп күн көрүп кете турган чокоп байлыгыбыз — тезек экенин билгенде Чоко чок баскандай чочуп кетти:

— Атаганат! Жамбылбек бала тээ сексенинчи жылдардагы миңдеген караны, дүбүртү жер дүңгүрөткөн жылкыны, анан манасчылар күңүлдөтүп айтмакчы, чын-жалганы ичинде он миллион жандыкты эстеп, ошондогу обо-дөбө тезекке эми тамшанып жүргөнүн карасаң? Мына эми төрт түлүк мал какырышкыр кыргандан бетер азайган армандуу мезгил. Мындан кийин эч болбосо кысталыштан бошонгондо пайдаланаар тезек табылып тургай эле! — деп каңырыгы түтөдү.

— Ничево,— дейт анда Чонтой. — Зато эшек көбөйүп барат.

— Жалаң эшектин тезеги Жамбылбектин олчойгон маселелерин чечээр бекен? —деп кабатырланыптыр Чоко.

ЧЫЙРАЛУУ

«Адамды кыйынчылык чыйралтат» деп айтат Касым....

К. Жусубалиевдин «Асабадагы» «Касым. Жетим Жаңы-жыл» аттуу баяндамасынан

— Баямандын баласын башка балдар уруп коюшуптур, — дейт Чоко нараазы чыртыйып.

— Ну и што? Ошентип чыйралат да бала деген, —деп акыл дуусунат кекирейген Чонтой.

— Улукбектин уюн уурдап кетишиптир, кудайдан үмүтү үзүлгүрлөр! Жалгыз ую бар эмес беле!

— Ну и што? Мына, Улукбек да кыйла чыйралып калат экен. Касымдын айтканын уксаңар боло, кудай жалгагырлар, — дейт Чонтой өзүнүн окумалдыгына маашырланып.

— Акыштын аялы Алмашчы?

— Ии.

— Ошо бечараны түндө зордоп кетишиптир.

— Э, койчу, Чоко! Тим эле асан кайгы экенсиң. Зордосо эмне? Ырас зордоптур. Ушундан кийин Алмаш кыйла чыйралат экен, бечара.

— Уламдан-улам элдин колу жукарып, көп үй-бүлө нан сатып алууга тыйын таппай мукурап калышты,— дейт Чоко.

— Ну и што? Рынок экономика дегенди билесиңби? Адамдар мына ошентип ач калып, ток калып ашказанды, бөйрөктү, боорду, анан эң акырында жүрөктү иштен чыгара жаздагандан кийин чыйралат да. Кыйынчылык болбосо адам чыйралабы? — дейт компоё.

Чоко менен Чонтой кобурашып отурган жерге бир караан жакындап:

— Эй, кимсиң? Бери бас! —деп зоңкулдады.


— Эмне?

— Тиги Мамайды машине тебелеп, сөзгө келбей мүрт кетиптир.

Анда Чонтой:

— Ого, Мамай да итабар чыйралып калган экен, —деп Касымдын сөзүн кайра эстептир.

АҢГЕМЕ



«Жаштарыбыз ата-бабалардан мурас
ка калып, жан-дүйнөбүзгө терең
сиңген аруу назиктиктен кол жууба
са экен».

**Айылдык бир аксакалдын айт-
канынан**

КУУГУН

1990-жыл 4-июнь. Түш оогон учур. Андан бери жылдар өт-
сө да эстеген сайын жүрөктөрдү үшүтүп, жылаан көргөндөй
ган ар бир пенде бүгүн «кудай ай, ылайым эле андайды экинчи
көрсөтпөсө экен» деп, аны эстеген сайын заарканып, бала-ба-
кырасынын келечегин ойлогондо ичтй эңшерилте ачыштырган
апааттын — ошондо «Ош окуясы» аталган каардуу «зил-зала
нын» башталаарына саналуу гана саат калган. Ошту ошондой
апаат капташын, ошол апаатты гана жан алы калбай көксөгөн
анын уюштуруучулары, адам таризден тайган канкорлор бил-
се билгендир, а тиги куулук-шумдуктан бейкапар, күнүмдүк
көнүмүш тиргилик менен алпурушкан көңүлүндө кири жок
букара кайдан билсин да, Бишкектен жана эле түшкө чейин
келип, кыйла сагынып калган Ошту бир саатча айланып, мы-
на эми Ак-Буураның боюна түшүп, анын шылдыр-шылдыр үнү
но көшүло оз оюна сүңгүп бараткан Гүлсара апаатка кабылам
деп кайдан ойлосун?

Гүлсара шыңга бойлуу, кыймылы ыкчам, ошого ылайык
сөөк саактуу, буудай ырац, кара көзү бакырайган ажардуу кыз.
Өзү баткендик, Бишкектеги дене-тарбия институтунун үчүнчү
курсунда окуган жөө күлүк. Жазмыштын буюрганын карабай-
сыңбы, «Батыш» кичи шаарчасындагы таанышыныкына түнө-
мок эле да, ошо түнөчү үйүнө жарык-жазда жетип албай, үй-
дө камалып олтургуча мөлтүрөп, шылдыр аккан Ак-Буура
суусуна шыңга буттарын сунуп коюп, суу шапатасынан сал-
кындан соккон желаргыга жүзүн тосо өзү менен өзү алектене
жырган эс алгысы келбедиби, шоруң каткыр баткендик кыз-
Шаар үстүндо апаат айланып, тынч жаткан элдин бейкапар
турмушуна сугун артып, заарга чыланган уу шилекейин мы-
на -мына бүркөнү келатканын билбей гана көзү кашайбадыбы
Гүлсаранын!

Ал бечаранын жаны жай албай дүйнө кезген назик да, эр-
те жазда эми гана жерден баш баккан байчечекейдей үлбүрө-
гөн таттуу да кыялы кап-кайда учуп, көз алдына Сейдалы-

ның элесинен башқаны жолото койбой. Сейдалыны эстөөгө окуудан чолосу тийбей жүргөнсүп, ошентип арадан кечиримсиз жүз жыл өтүп кеткенсип, аны ойлоого мына эми гана чама-чар кыты пайда болгонсуп, Сейдалы менен тээ биринчи таанышкан дан бери карай көз алдына тартылып, ансайын Гүлсаранын ууртуна жылмаюу ойноп, көңүлү көтөрүлө сагынычтын деле бери козголду.

Сейдалынын атын эс тартканда эле укпан, анын озүн көргөнүнө да беш жыл ашып, мурда «Сейдалы» деген ат анчейин этибарга алынбай келсе, ошо акыркы өткөн беш жылда, же өзү көзгө көрүнгөндөн бери кээде жинин кайнатып, кыжырын келтирсе, кээде түпөйүл ойго батырып, Гүлсаранын пенделик укугуна колоко түшүрчү. Буга Сейдалынын айыбы канча экендигин айтуу кыйындыр?! Бирок, экөөнүн ата-энелери Гүлсаранын ою боюнча пак гана күнөөлүү. Ошолордун кесепетинен кылымдан аңса ашып, асти кем калбаган бир жыл бою элге карай албай, жер караң жүргөн. Ошондогу Гүлсаранын Сейдалыны жеп жиберчүүдөй жек көргөнүн элестетүү кыйын, тим эле көзүндө огу болсо небак атып таштап, озун эл катары эркин жүрүүдөн ажыраткан тузактын бырын-чырпын чыгармак. Акыркы жылга чейин Сейдалынын кандай пенде экендигине түшүнө албай же мына эмесе деп андан өз тагдырын ажыратып кеталбай, чечкинсиздиктин мокок кучагында жүрбөдүбү? Жок жерден тагдыры татаалдашып, өзү айтып калчудай миң-миллион кыздардын пешенесине жазылган кадимки көндүм турмуш ыраа көрүлбогонүно ичи миң-миллион жолу туз куйган дай ачышпадыбы!..

Гүлсаранын апасы Ыкыбал эч ким сурабаса деле оз кызынын торолгөндөгүсүн төрт аялдын башы кошулган жерде айта берип, муну кало-коңшулардын ал тургай жакын тааныштарынын беш колдой билбегени жок. Гүлсара да жатка билет.

— Койчу апа, ушуну миң-миллион жолу айтпадыңбы, койчу эми, мындан ары айтпачы, — деп Гүлсара апасынан далай жолу суранган.

— Туура айтасың, озүң да бой тартып калдың, мындан кийин айтпайм аа, каралдым, — деп апасы убада берчү да, анан төрт аялдын башы кошулган жерде кайра баягы эле соз.

...Гүлсаранын апасынын айтымында ал киши күйөөсү экөо башка айылга конекко баргандан тартып эски таанышгары биринчи экинчиси иле качып, бар тапканын дасторконго төго мейманда жүрүп, үч күн откон имиш арадан. Ошо үчүнчү

кечтеги конок ээси Гүлсаранын атасы Кулмат менен тээ илгери аскерде бирге кызмат өтөгөн, андан бери да каттоосу суубай келаткан Мамбет экен. Гүлсаранын апасы Ыкыбал — талаага көп чыкпаган неме узак жол жүргөнгө урунду болгонбу, же өзүнүч үлбүрөгөн пазиктигинденби, айтор ноокастап, ошо үчүнчү кечте ысытмалап, үй ээлеринин кыйла шаштысын алат.

Айы, күнү жетелек неменин төрөп калышы эч кимдин оюна келбей, баары «сактай көр кудай, сактай көр» деп жакаларын карманышып, «ач отурсак да, тынч отургай элек» деп жаратканга жалынышып, же дурустап жардам берүү колдорунан келбей же көңүлдөрү тынчыбай күйпөлөштөшөт. Какаганга-кара! Ташпанардын өлүмсанги жарыгында Ыкыбалдын жүзү бирде кызарып-татарып кеткендей, бирде кубарып бараткандай көрүнүп, ансыз да үстүнө үйрүлүп түшө күйпөлөктөгөндөрдүн үшүн алды. Айрыкча үй ээси катары, ошондон улам коноктор үчүн эң жооптуу адам катары Мамбет буту күйгөн тоокчо жаны тынбай: «Ыкыбал, чай ичесиңби же суу берейинби? Жо, муздак болбойт, чаи эле иччи? Үстүңү калыңдатып жабалыбы, башың пас эмеспи?» деп чебелектейт имиш бечара. Гүлсаранын атасы Кулмат да заманасы куурула «тынчылык көрө кор» деп кудайга жалынып-жалбара жүрөгү опкоолжуп, мейманчылагандыгы мурдунан чыгып, ичкени ирим, жегени желим болгон экен. Мамбеттин үй-бүлөсүнүн кыйсыпырын чыгарган Ыкыбал таңга маал боюндагысы жети айлыгында күтүүсүздөн көз жарын салыптыр. Ошентип шашкалактаган Гүлсара бу жарык дүйнөгө жети айлыгында келген экен. Жети айлык кызыл эт наристенин адам болоорунан арсарсыгандардын көңүлүн көтөрүш үчүн Мамбет:

— Кулмат, тиги менин чүрпөмдү (Сейдалы) озүң көрүп, эч айып табалбай турасың. Ушу кызыңды мага келиндикке бер, — деген имиш.

— Кыз сенікі, келиним деп эсептей бер, — дептир Кулмат жон эле созду колдоп, оордошкон абалды жеңилдетиш, ары Ыкыбалды алакыытыш үчүн. Наристе бар жоктун ортосунда жатса куда-сооктук мамиле кимдин эсине келип, ким бул туужети айлыгында төрөлүп, ошол себептүү адам болушуна көралуу астейдил кеп козгомок. Эки эркектин олдоксон аракети лөкө түшкөн наристеден улам үй ичинде жөө тумандай самыган суз мамилени жазууну көздогон. Ушул эле аракетти терең детүү үчүн Мамбеттин аялы шыпылдап, сандыгын тарак-турук ачтарып, анын тереңинен таап чыгып, кызды болуп койгон-

дун (түштүктө ушинтип «болуп койгон» деп көп айтышат) маадун (түштүктө ушинтип «болуп койгон» деп көп айтышат) маа-
нисинде тошөктө жатканына карабай Ыкыбалдын алдына көй
нөктүк мата, он эки чаралык оромол коет. Кулматка чепкен жа-
былып, башына калпак кийгизилет. Мындай караганга куда
түшүүнүн шаанисн жасалгандай сезилген менен мунун баары
Ыкыбалдын көңүлүн көтөрүүгө багытталганы көрген көзгө
шак эле сезилип турган имиш. Ошондо жасалмалуудай, үмүт
сүздөй сезилген менен кийин Гүлсара кадыресе чоңоё башта-
гандан тартып аны Сейдалыга «болуп койгону» чыңалгандан
чыңала беришгир. Төрт аялдын башы коңулган жерде эле
Ыкыбал ушуну кайталап айта берчү экен.

Бул кылык жоругун эстеген сайын Гүлсаранын көз алдына апасынын элеси тартылып, (апасы настек бойлуу, тогорок бет, сөөк саактуу, көзү бакырайган. буудай ыраңдын ажарduусу болчу, мындай караганда бойдун айырмасы болбосо, Гүлсара апасына калыпка куюп койгондой окшош эле), сагынычы көбүрүп- жабырып, көңүлү элеп-желеп, «атаганат азыр үйгө же тип калганымдачы, тим эле боорума кысып, эки бетинен ал мак-салмак чопулдатып обөт элем апамды» деп көңүлүндө сүйлөндү...

— * —

1990-жылдын 4-июну башка күндөрдөн эч айырмаланбаган кадимки өзүбүз биле жүргөн бир күн эле да. Кинолордо, анын ичинде айрыкча Индияныкындай кайгылуу окуянын алдында көз ачып жумганча эле куюндуу шамал ызылдап, кайдан-жайдан чыга калганы белгисиз кара булут каптап, чак-чук кулакты тундурган чагылган ач ажыдаарча тилин соймондотуп, анан эле кара нөшөр аттын кара кантalынан тогот эмеспи. Көрсө, биздей маңыроо пенденн ушундай ойго азгырган кинолор турбайбы! А иш жүзүндө апаат дегениң күндүн чайыттай ачыгында деле заарын чача берет тура! 4-июнда асмандын көкөк сулуулугун бузууга токумдай булут көрүнбөй, күн чайыттай ачык, «жумушуңду бүтүрүп ал» дегенсип, дыйкандын көңүлүнө жылуулук сепкен күн эмес беле! Шаардагы турмуш да өз нугунда өтүп жаткансыган, а жанагы жер сураган жаштардын талабы бышып жетилгенде коюлган маселедей, анан да жетекчилер оң көзү менен караса, бүгүн болбосо эртең чечилип калчудай туюлуп, деле мындан орттун тутанышы бейкапар шаардыктардын оюна келбей, ар ким озунун гор тиргилик жүктөлгөн арабасын кылдыраткансыган. Ушундай мемиреген тынчтыктан улам Гүлсара мына азыр өзүнө заар тилин соймоң доткон апааттын жытын сезбей, андан кымындай да ою жок не

мс. озу айткандай, мурда деле миң миллион жолу чып-чырга-
сына чейин ой жүгүрткөн өзүнүн купуя турмушуна бүгүн шаш
пай сүңгүп, тынымга токтобогон учкул кыял тизгинин тартал
бай бошошподубу, караң калгыр.

...Бөлмөдө Гүлсарадан башка кыздардын баары кызуу уйку
нун кучагында. Гүлсара канчалык уктоого тырышса да көзү
ирмелбей, ою удургуп, бүгүнкү бир окуя кыйладан бери көңү-
лүн түпөйүл тарттырган жашырын сырын жалпыга жарыялан
салганга ичи туз куигандай ачышып, «эми эртеге элдин бетин
кантип карайм?» деген ой кылт эткенде колун бир серпе «дирт»
этип чочуп, алапайын таба албай ачуулана кыжынгандай тиш-
тенип, бейкуттана көпкө чабалактады. Райондун бороорундагы
мектеп-интернатка келгенине жарым жылга аяк басып, ушул
кыздар менен ып-ысык жашаганга жетишип, окуудан да оозго-
кирип, жылуу-жумшак сөзгө арзып калганда минтип жакшы
үмүтторунун баары бырын-чырын чачылып... «Бу селейип кал
гыр Сейдалы менин пешенеме чыккан чыйкан окшобойбу!»
деп жарым күндө эле кыйла жүдөп, көңүлүндө өзүнө ушундай
мүңкүрөгөн суроо салды да, каңырыгы түтөгөн сымал үшкү-
рүнүп, сол капталына оодарылды. «Шоркелдей жаным неге
келдим экен ушу интернатка?» деп жана түш чендеги осолду-
гун кайра-кайра эстеп, ошондогу кыздардын жардап «эриң бар
турбайбы» деген шылдыңы көз алдынан кетпей, азыр да кыз-
дар жардап тургансып утур-утур бети алоолоно ысып, ушун-
дан улам чарчаган башы зыңылдай ооруп чыкты. «Келбей эле
койбой интернатка» деп каңырыгы түтөдү...

...Гүлсара жетинчи классты бүтүп, айылында орто мектеп
жоктугунан райондун борборундагы интернатка кирди. Интер
натка көрүнгөндү эле кабыл ала берчү эмес. Гүлсара алыскы
кыштактагы малчынын кызы катары интернатта жашап окуу-
га мүмкүнчүлүк алды. Бир бөлмөдө алты кыз. Алтоо алты
айылдан болгондуктан мурда бирин-бири көрмөк түгүл ойло-
гон да эмес. Анткени менен тез эле таанышышып, тез эле жа-
кындашып, ал тургай бири экинчисин кадыресе эш тутуп (де-
ген менен караан болоор ата-энелери, ага-туугандары айылда
калбадыбы), ал тургай бири жок болсо анын жоктугу калганда
рын оңкулдатып, бир туугандай жытыгышып калган учур.

«Эрке кыз элең, жанында биз жок, жат-жалаа менен кантээр
экенсиң, атаны каралдым ай, жүдөп калаарсың, бирге жаша-
ган шериктериң ыймандуу болгой эле» деп районго жөнөтөөр-
дө Гүлсаранын апасы кабыргасы кайыша кайгырган. «Буюм-
теримнди, пул-сулунду этиетте, көрүнгөндүн жакшы сөзүнө

ишене бербей өзүң да чыйрагыраак жүр, кагылайын, асти удуң-шудуң кыздарга кошула көрбө» деп апасы дагы бир коroo акыл айтса да, эмнегедир тынч ала албай көңүлү удургуп тээ бир түн оокумга дейре эбиреп-жебиреген. Ушундан улам-бы, айтор райондун борборуна окууга баруу мурда көңүмүш болo жүргөндөй сезилип, мунун ташпишин түшүнбөгөн Гүлсара тигинтип апасы алда немелерди кобурап, көңүлүн коонтондурганга чейин бул тууралуу ойлонуп да көрбөгөн. Мына эми ою удургуп, райондун борборуна барса ээн-талаа, эрме чөлгө кабылчудай бир заматта көңүлү чөгүп, торго түшкөн чымчыктай өзүн алсыз сезди. Чындыгында райондун борборундагы турмуш Гүлсара үчүн эч бир элеси белгисиз түнорген токой сымал туюлду. Анткени, өмүрүндө райондун борборун көрө элек. Анан дагы Гүлсарадай он гүлүнөн бир гүлү ачылууга үлгүрбөгөн секелек кыз эмес тигиндей аттуу-баштуу аял (апасы) коoптонуп жатса...

Кийин иш оңунан чыктыбы же турмуш чындыгы ушубу, кантсе да жакшы кыздар менен жашап, ары окуу кызыгына, ары интернат турмушуна баш -оту менен сүңгүгөнгөбү, айтор келериндеги апасы экөөнүн кабатырланышы жадынан эбак көтөрүлүп кеткен эле Гүлсаранын.

Эми минтип селейип гана калгыр Сейдалы бейпил турмушун заматта уйпалап, тантаза көңүлүнө кир сеппедиби. Ал мындай болду. Мектептен он чакты кыз чогуу келатышкан. Гүлсаранын эки тарабындагы кыздар мурда сүйлөшүп алышкандай сырдуу ымдашып, Гүлсарага угулбаган күбүр-шыбыр чыкканын ал байкап калды. Өзүн аралаштырбаган соң бул иш жөн эмес экенин туйгусунда сезип, эчтемеден эчтеме жок эле кыздардан бөлүнүп кеткенине көңүлү эзэнсиреп, бирок күбүр-шыбырдын эмне жөнүндө экендигин батынып суроого көңүлү жол бербей, ушу тапта жолду бирөө далдаалагансып, козу да ымырап-чымырап кетти. Бирок кыздар күбүр-шыбырды узак ка созбой дароо Гүлсараны орон, оозу тыйылбаган Бурул сөз баштоодон обол «бырс» күлүп, анан Гүлсарага тикирейе тура калып:

— Бизден эмне жашырасың? Эриң бар турбайбы! — деди. Көз ирмемде Гүлсаранын башына кан дүргүп, эриндери титиреп кетти да , жооп айтууга үлгүрбодубу же каалабадыбы, же колу өзүнө баш ийбедиби, айтор Бурул сөзүн бүтүп-бүтө элегинде аны жаактан нары катуу тартып жиберип, шарт бурула кадамын ылдамдатты. Бурул Гүлсарага караганда пастек бойлуу, арык чырай сары кыз. Мындйды күтпөй коомай турган

неме жаагы «чуу» дегенде эле чалкасынан кетип, көчүгү менен отуруп калып, эмнеге кабылганын аңдабагандай бир кылага дейре нестейди, анан гана жаагынын дуулдап ысыганын сезди...

«Эриң бар турбайбы» дегени Бурулдун гана оозунан угулбай бардык кыздар жапырт «эриң бар турбайбы?» деп кыйкыргандай утур-утур кулагына жаңырып, Гүлсаранын мээсин чукуп-чукуп бараткансыды.

Интернатка келээрде Сейдалынын да райондо окуп калышы тууралуу үч уктаса түшүнө кирбеген Гүлсаранын. Көрсө, Сейдалы ушул эле мектептин онунчу классында окуйт экен. Ушуну билген бир жумадан бери Гүлсара өзү да тоң май жегендей ичинен сызылып, кайсы бир күнү бул нерсе угулуп калаарын ойлогондо жүрөгү үшүп, ушу сыр билинсе чоң трагедияга была тургансып, анан ошону менен бул турмуштун кызыкчылыгы Гүлсара үчүн түгөнөөрдөй сезилип, ошол себептен улам жамы-жакшылыктан үмүт үзө чымындай жандан кечкиси келет...

Ошол жылдардагы кыздардын ыймандуу тарбиядан өнүп чыккан ууздан таза сезимин кара. Азыркыларды «бир эмес эки эриң бар турбайбы» десең да, бети кызарып койбойт го.

...Кийин Гүлсара өзү кобурап калчудай ошо «эриң бар турбайбыдан» баштап «жарыбай жатып муштайынан тозокко түш көн». Мурдагы ар бир сөзү жан сергитээр жайдары мүнөздүү, ойносо оюнга, күлсө күлкүгө тойбогон шайыр Гүлсара капкайдадыр дайынсыз тентип кетип, анын ордуна мүнөзү түнттүктүн түпкүрүнө сүңгүгөн, адамды ойдө карап тиктөөгө батынбай жалтактап, байкоос кагылышса да ошол замат көзүн ала качып, пендеден боюн тарта жалгыздыкка ыктаган Гүлсара пайда болгон. Топ караан көрүнсө эле «ушулар баягыны сөз кылып жатса керек» деп адаттагыдай бетине кан дүргүп, замат та өксүп-өксүп ыйлагысы келип, өзүн жашыраар айласын таппай алдастачу.

Ал эми класс дегениң Гүлсаранын оюнда тозоктун нак төрү — күноокорлор кайнаган гана казан. Мугалимден көз албай отурса да, класстын кайсы бир бурчундагы кыздын «шыңк» эткен күлкүсү угулса өзүнө жоруп, «дагы менин күпүрүмдү көторүп жатышат» деп ичи туз куйгандай тызылдап, «атаганат, ушу тозоктон кутулар күн барбы, кудай!» деп ичинен буулугуп, ичинен түтөп, ичинен жаш жүрөгү жарыбай жатып канап, бирок намыс үчүн сыртынан байкатпай, сабак угуп отургандай мелтиречү...

X X X

4-июнь күнү түштөн кийин миңдей кыргыз жаштары Батыш райончо тараптан Кара-Суунун Ленин колхозуна карай багыт алды. Алардын арасында анча-мынча ырсалдап күлгөндөрү болгону менен негизинен баарынын кабагы карыш түшүп, жаак эттери түйүлүп, кимдидир тирүүлөй жеп жиберчүдөй ачуулуу. Көрсө, облустун жетекчиси өзү баш болуп үй жайсыз, өз жеринде тенти жүргөн жаштардын талабын орундатуу максатында аларга Ленин колхозунун аймагынан отуз гектирге жетээр-жетпес жер ажыратып берет. Жерге жеткирген бечара жаштар мандайлары жарыла сүйүнүшүп, бул күндү жакшылыктан үмүттөндүргөн улуу күнгө —майрам десе майрам, той десе той берээр күнгө айландырышып, ушул жерден орун очок алып, «таалайлуу күндөргө жетели» деп кудайдан миң мертебе тилешип, карды жер чийген ак боз бээни курмандыкка чалып кан чыгарышат. Анан майрамдын эртеси да болот. ошо майрамдын эртеси баягы ээлеген жерлерине аларды кийирбей коюшат. Көрсө, бул жер өзбек маалесинин ортосунда экен, ошо мааледегилер «бизде да жер алууга укуктуу жаштар толуп жүрөт, аларга эмне үчүн берилбейт?» деген мыйзам чеңемдүү талапты бир түн ичи чоңдордун чала ойлончу мээсине «чак» дегизе жеткиришет. Алар колхоздун жерин кимге берип -коюшту колхоз өзү чечүүгө тийиштигин, ал эми колхозчулардын пикири менен эсептешпей облус жетекчилери, ал тургай республика жетекчилери да колхоз жерине «кол салса» мыйзам бузулаарын, башкача айтканда мындай чечим арык аттап, суу кечпестигин зер-зеберине жеткире эскертишет. Башкаруунун мындай жолун басмачылыкка жорушат. Өздөрүнүн мажирөө чечиминин кесепетинен корккон жетекчилер кыргыз жаштарын итке таш ыргыткандай удургутушуп, «эртеге Батыш райончосунун түштүгүнө чогулгула, ошол жерден беребиз» деп жүрөктөрүнө суу себишет. Жаштарга каерден жер алса баары бир эмеспи, алардын күйгөнү намыска орт кетип жатпайбы. Жетекчилердин арабөк чечимине ишене жер чектерине казык кагышып, туугандарын, жоро-жолдоштору менен оло-тала жеткен жерин «жуушуп» ак боз бээни курмандыкка чала аксакалдардан ак бата алышпады беле! Ал күнү колхоз да, колхозчулар да «лам» дешпей, кобу ошо күнкү тойго кадимкидей катышып, анан эртеси чыгарышпадыбы кара жылаандын башын. Жаштардын кобу ошо күнү эле мындай мазактоого чыдоого кудурети жетпей, шайтан азгырган ачууга жеңдирип коё жаздаган. Бирок, уюткулуу элдин жаштары эмесни, улуулардын сабырдуу сөзүн жерге таштабай, калктын тынчылыгы

үчүн өз намыстарын өз буту менен тебелеп, ачууларын ачыкана жутуп, жетекчилердин кийинки чечимине ишенүүгө бел байлашкан. Ошентип, 4-июнь күнү жетекчилер айткан жерге эртелеп келишип, кечке күтүшөт.

Жер бөлүп берүүнү мындай кой, «ой кандайсыңар?» дээрге бир жетекчинин карааны көрүнбөгөндө, мээ кайнаткан ысыкта кечке отурушуп, дагы бир жолу алданганын түшүнүшкөн жаштар чындап көтөрүлүшүп, мурдагы жерин кайра алуу дымагы менен жөнөштү. «Мындай кордуктан көрө ажал жетсе өлүп тынган артык» деген чечимге жапырт келе жөнөштү. Бул ошо күнкү ачууга алдыруулардын башталышы эле.

Ошо кезде кара кылды как жарган калыс жана тунук акыл калчаган адил жетекчи болгондо 4-июнь тарыхыбыздын капкара барагына айланбастыр эле, атаганат! Ал учурда карапайым калкка карангы сезилгени менен мына эми жылдар өтүп, ошондогу чындыктын анча- мынча учкуну андан-мындан даана байкалып келе жатат. Көрсө, Ошту тозок отуна айлантып, бөдө жерден эки элдин бетине көө жапкан ошо «зил-заланын» болоорун даана билгендер арбын эле турбайбы! Антпесе көчүгүн жабыштырып алгансып каш караргыча ордунан козголбостырып кетишкенин кандай түшүнөбүз да, алээки саатта он миң деген адамдын эч кимден кабар укпаса да, бир жерге чогула калышканынын түпкү себебин эмнеге жоруйбуз? Ошентип, Ош тополоңунун башталаарына бир гана саат калган.

А бейтаалай Гүлсара Ак-Буурага шыңга буттарын байчасына чейин сунуп коюп, аалам айлампасын бейкапар, шылдыр шылдыр аккан суунун ийримине утуру майда таштан «чолп» дегизе ыргытып, бирок мунусун көзү үстүрт көргөн менен тумунда кымындай да кабылдабай, байкуш кыздын бүткүл жан сезими тээ өткөндөгүсүнө сүңгүп, бирде эч ким көрбөсө да, бети тамылжый уялыңкырап, кайра кайсы бир учуруна ыраазылана жылмайып, өзү менен өзү алек.

... Мектептин чоң залында жыйын өтүп жаткан. Кимдир бирөө Гүлсаранын столуна кагаз жылдырды. Эч кимге байкатпай көз чаптырды кагазга: «предизиумдагы Акмат агайдын оң капталында отурган Сейдалы экен, таанып ал на всякий случай». Гүлсаранын көңүлү эми чындап дүрбөлөңгө түшүп, залдагы элдин баары ага гана тигилип калышкандай оор сезим чулгап, дагы адаттагыдай бетине кан дүргүп, жүрөгүнүн дүкүлдөгөнү катуулап, башы жерге шылкыйды. Бирок, чогулуш узар гандан узарып, ага чейин Гүлсара да аз-аздап өзүнө келип «өлүп кетсинчи, деги колумдан келбеген соң эмнесине кайгы-

рам?» деп өзүн- өзү жооткотту. Чубалжыган чогулуштан зе-
риккенде ал тургай Сейдалыга астыртадан эки ирет көз кырын
салды. Гүлсара менен эч кимдин жумушу болбогонгобу, же
өзүн кыйла токтотуп алгангабы, айтор өзүн далдаага тарта жа-
нындагы кыздын желкесинен Сейдалыга кадыресе сынай тик-
тегенсиди. Азан-тозокко салганынан Сейдалыны мурда элес
тетпеген да экен Гүлсара. Тек гана туюмунда жек көрүп, ошол
себептен аны адам түспөлдөштүрбөй эле бир ажыдаардай ой-
логон. Бу Сейдалы деле Гүлсараны тозокко түрткөн Сейдалы
га окшобогондой сезилди. «Бул бир бейкүнөө неме го?» деген
ой жылт этти Гүлсаранын көңүлүндө. Сейдалы Гүлсарага ка-
раганда кыйла ак жуумал, толмочунан келген кең далылуу жи
гит экен. Ак көйнөк кийип, кадыресе чоңдорчосунан галстук
байланып алыптыр. Ушундан кийин Гүлсара Сейдалыны көп-
кө карап отуруп, дагы бир нерсеге серп сала ичи «тыз» этти.
Ошончо убактан бери Сейдалы Гүлсара таранка тиктемек тур-
гай бурулуп да койбоду. Дагы түйшүккө түштү Гүлсара: «Бул
эмнеси? Мени теңине албаганыбы? Атаны кайбар десе кый-
ынсыган!» Заматта ушинтип намысын кытыгылаган ой учку-
нуна кабылды да, кайра «мен эмне деп дөөрүп жатам, өзүм
Сейдалыдан кутула албай жүдөгөнүмдү унутуп, ошонун кесе-
петинен тирүүлөй тозокко түшкөнүм эстен көтөрүлүп, деги
өзү мен эмнеге дөөрүп жатам?» деп Сейдалыдан көзүн жийир
кеничтүү ала кача терезеге тигилди. Дагы «тыз» этти ичи: мүм
күн ал байкуш да мен сымал тозокко боркулдап кайнап жүргөн
дүр? Аны дагы «катыңың бар турбайбы?» деп кулагына дей-
ре кызартышаар? Мүмкүн, ал байкуш чогулуш башталаарда
эле мени байкап, бирге окуган балдарынын, эң башкысы бый-
ылга дейре эчтемеден бейкапар, кысынып-кымсынбай, көңүл
эркн каалагандай тамашалашкан кыздарынын жан дүйнөсү
бир куйкалап өтчү мурч аралаш кезектеги тамашаларын, а чы
ныңда мазактоолорун элестетип, ошондон улам мен сыяктуу
ичи эзиле түйшүккө түшүп, ошондон улам көзүн ала ка-
чып жаткандыр? Шок кыздардын пейили белгилүү. «Катын-
ыңды сагынып калгансың го, деле чогулуштун башынан аягы-
на чейин андан көзүңдү албай тигилип» деп шыңкылдашаары
бештен белгилүү эмеспи»деп өзүнө жат сезимге берилип, буга
чейин өзү айтып калчуудай миң-миллион жолу каргап келчү
Сейдалыны аяп кетти...

Гүлсара ушуларды күнү бүгүнкүдөй көз алдына элестетип,
«эрине» үстүрт болсо да тааныштырган ошол жолугушуу өз
учурунда назарында калбаганы менен кийин буга көп жолу
кайрылууга туура келгенин, бул тек бир жолугуудан болбо-

гонун эстеп, буга ырааздылыгын жашыра албай жылмайды.
Анткени, Сейдалы менен бир мектепте окуп калууга туура кел
ген ошо тозоктуу бир жылдын акырына туш келген эле бул «жо
лугушуу». Бирок бул жөн эле «жолугушуу» болбои, Гүлсара
ның сезим-туюмун чагылгандай жарып өтүп, ошонусу менен
анын ички дүйнөсүнө бир башкача, сөз менен айтып түшүн-
дүрө алгыс дүрөөлөңдү пайда кылган. Гүлсаранын оюнда ошо
дүрөөлөңгө кабылоаганда тозок отуна дагы көп кайнамак кыя-
зы. Анткени, ал мезгилде өзү «дүрөөлөң» деп атаган дүрөө-
лөң деле эмес окшойт, тек гана Гүлсаранын бой тарта башта-
ганындагы бир туюм бүчүрүнүн жетилиши сыяктанат. Ошон-
дон баштап курулай сары санаадан аз-аздап арылуу башаты
көрүнүп, өзүн кадыресе токтотконсуп, ал тургай Сейдалы туу-
ралуу ойдап- билүүгө өткөн. Сейдалы тууралуу Гүлсарага жет
кен кабарларда анын ушул мектептеги таржымалы турмуш-
тагыга караганда көркөм чыгармадагы жасалма макталчу об-
раздарга көп окшош: жалаң «бешке» окуйт, мактоого арзыр-
дык келбетти бу кудай дегениң андан аябаптыр, аны көргөндө
жүрөгү бир «зырп» этпеген кыз бул чөлкөмдө жок имиш, жү-
рүм-туруму, токтоолугу, сылыктыгы аны көргөн-билгендер-
дин шилекейин агызат имиш, оюн-зоокко көңүлү чаппай, көр-
гөн бакканы окуу имиш, ошол себептүү аны «академик» ата-
шат экен. Кыздардын баамдашында анын жападан-жалгыз
кемчилдиги уяңдыгы имиш. Орто мектепке жаңы келген жыл
дары кыздар ардемени чаргыта уялтканда ыйлап жиберчү
экен. Жыл башында чокуша кеткен баягы узун кулак Бурул
(ал чокуша кеткендери экөөнүн жадынан эбак көтөрүлүп,
азыр ынак курбулардан эле) бир жолу:

— Эй, дейм, ушу Сейдалы сени гана күтүп жүрөт сыяктанат-
—дейт шашып.

—Койчу, кайдагыны?—дейт Гүлсара сыртынан Бурулдун
бул жаңылыгын жактырмаксан түр көрсөтүп, ал эми ичинен
Сейдалы тууралуу угууну жерибей.

—Бирге окушкан кыздарынын айтымында орто мектепти
мына бүтүүнүн алдында турса да, алиге чейин бир да бирөөно
сөз таштабаптыр, ал тургай бир-ар кызды өпкөнүн не бир пен
де көрбөгөн имиш.

—Койчу кайдагыны, «уяң» деп жатпайсыңбы, мүмкүн ошон
дон улам «тымызын жайлаар»,—деп Бурулдун кеп отуна суу
бүркөнсүдү Гүлсара.

—Андай да болушу ыктымал дечи, бирок ал сени эзбей эле
сен аны эзип жүрөсүңбү дейм да...

Ушуларды элестеткенде дагы жылмаюу ойноду Гүлсаранын

уртуна. «Сейдалынын жанда жок уяндыгы ортодо турбаган-
да... атаганат, ошо жылдары эле түшүгүүздүн оашы ачыл-
мак» деп коорагансыды да колундагы ташты Ак-Бууранын
кичинекей аилампачасына «чолп» дегизе ыргытын, муздан
түшкөн оуттарын суудан чыгарып, өзүнчө эле көңүлү көтөрү
ло назик жүзүнө өзү суу чачып, шыкылдан күлө пенденин
пешенесине даным эле келе берөөчү ыракатка батты. Атага
нат, шайтандын азгырыгы ай! Гүлсараны утуру жаштыгына
сүңгүтүп, жатаар жерине жетип алаарынан алаксытпаганда
мына оозунан жалын оүркөнү турган «зил-заланын» уу тыр-
магына кабылбайт эле да. Эч перседен бейкапар байкуш түнө-
гүнө жетип алуу али оюна келбей, мурда чолоосу тийбей, эми
гана бүт жан дүйнөсү менен жаштыгына кайрылууга араң
мүмкүнчүлүк тапкансып, мындай мүмкүнчүлүктү колдон чы-
гарууга эч бир ниеттенбей, кечки шапатанын эркелетүүсү
менен ан сайын кыял тереңине бой таштады.

...Бир жолу мектеп коридорунан Сейдалы менен Гүлсара
бетме-бет чыгышат, экөөнүн тең жүрөктөрү «болк» эткенине
карабастан өздөрүн токтотууга үлгүрүшө оирин-бири жандай
өтүшөт, бирок тиктешпестен түз алдыларын гана каран өтү-
шөт. Неге сүрдөгөнүн озу да түшүнө албайт, айтор чекесинен
тер чыбырчыктап, буттары тушала түшконсүгөн Гүлсаранын.
Анан мындай жолугушуунун үчүнчүсүндө Сейдалы «саламат-
сыңбы?» деген. Жооп берүүнүн ордуна бир жалт карап алып
кете берген Гүлсара, анан ушу кылыгына көп жолу өкүнүп
«өлүканаңды көрөйүн, айбан, адамча саламдашсаң өлөт бе-
лең?» деп өзүн-өзү көп жолу тилдеген. Ушундан кийин Сейда
лыны көрө элек эле. Сейдалы мектепти бүтүп кеткенден кий-
ин бул түйшүк өзүнөн-өзү көңүлдөн котөрүлүп кеткенсиген,
анча-мынча эстей калганына көп да маани бербөөчү.

XX XX XX

Гүлсара дене-тарбия институтунун биринчи курсуна өтүп ал
гандан кийин бир күнү, тактап айтканда уктаардын алдында
(бу пенде кургурдун кыялдануусу көбүн эсе уктаардын алдын
да жүрөт эмеспи) капысынан Сейдалыны эстен, баягы салам
га жооп бербегени кадимкидей көз алдына тартылды. Ошо
«айбандыгына» дагы бир ирет өкүнүп алды Гүлсара. Сейдалы
тууралуу кыялында өзүнө ынгайлатып көптөгөн образды жа-
ратып, өзүнчө бир машакатка кабылган. Анан ошо түнү Сей-
далы түшүнө кирген . Сейдалы да Бишкекте окуп жүргөндүр
деп боолголоп, анын кабарын кайсы бир күнү угаарынан кү-
мөн санабай, бул кабарды угууга, ал тургай Сейдалы менен

жолугууга көңүлүндө ынтызардык менен даярданып жүрсө
да, мындай каоар эки жыл бою угулбады. Анан... анан үчүнчү
курс кызуу оашталгандын бир күнү, ал күн даиым эсинде, э-
сентябрь эле, ошо күнү күтүлөөгөн жерден Сейдалынын катын
алган. Ал кыска салам-дубайдан кийин «Мен Ленинабаддагы
анып-чарба институтун оүтүүнүн босогосундамын. Эми гана
болуу чыйырына түшкөнсүдүм. ал эми менин мындан мурдагы
адам сымал өмүрүмдөгү сага жасаган жасаган мамилемди,
чын-чынына келгенде эмес, жасоого тийиш бо-
луп туруп эле иш жүзүнө ашпаган мамилемди кечире көр деп
миң мертебе суранам. Ал тургай кечирээриңе күн мурунтан
ишенем, анткени экөөбүз бет келише сүйлөшпөгөнүбүз менен
өткөн беш жылда сенин ким экениңди сенден да жакшы билип
калдым десем жаңыла койбосмун» деп кеп учугун алыстан
таштап, ошо райондо окуп жүргөндө «болуп коюуну» ойлоп
тапкан акмакка ызырына жинди-жинди таризде жүрсө да азыр
Гүлсара экөөнүн ортосуна таштаган көпүрөлөрү үчүн ата-эне
лерине ыраазы экенин билдириптир. Сүрөтүн да салып жибе-
риптир. «Пикирим менен эсептешпестен менин үстүмдөн тоң
бычканын көр, мунусуна караганда өтө эле текебер көрүнөт»
деп ал катты окуур замат ачууга алдыра ызырынган Гүлсара
Анан күндөр өтүп, ал катты бир эмес,бир нече жолу окуп чы-
гып, утуру окуган сайын Сейдалыны актаган, ал тургай аны
Гүлсарага тымызын жакындаткан сезим учкундары көңүлүн-
дө балалай берди. Ошентип, бир ооз сүйлөшө электе Сейдалы
бир жолку жазган каты менен Гүлсаранын көңүлүн удургутуп,
кадыресе алаксытты өзүнө...

Кайсы бир тараптан карганын «каак» дегени Гүлсараны ой-
готконсуду. Ал суудан көзүн ала токумдай булут көрүнбөгөн
асманга айланта карап күн кечтеп баратканын гана байкаган-
сыды. Таттуу кыялын бузуп жиберген немеге бир аз алагдыла-
нып, анан каерге чейин эстегенин издегенсип, бирок кайра
улагысы келбей, эгер уласа Сейдалы экөө гана аздектеген
купуя сезимдери чачылып кетчүүдөй, аны элдин баары билип
алчуудай кызганыч заматта көңүлүн уялап, андан кийинки
кат алышууларын Сейдалы Бишкекке келгендеги экөө өткөр
гөн кайталангыс бир жуманы атайылап көмүскөдө калтырып,
тулпардай ала качкан кыял тизгинин өзүнүн үйү тарапка, кө-
ңүлүн сагынычка толтурган апасына бурду.

Бул учурда мурда айтылган Ленин колхозунан ажыраты-
лып кыргыз жаштарына бөлүнгөн, ана и эртеси кайра алардан
тартып алынган жерге Батыш районодон ачуу менен жөнөгөн
жаштар жакындап келип калган. Ал жерди коргоого чыккан-
өзбек жаштары мындай акылга толбос чечим тууралуу чогу-
луш өтүүгө келген облустун жетекчилерин кысмакка алып,

акылга да, ачууга да чыланган суроолорду жаадырышып, на-
раазылыктарын, ал тургай өзбектердин ультиматумун билди-
ришип жатышты. Ушул учурда талаанын четинен көрүнгөн
көп караан (кыргыз жаштары) топтошкон өзбектерди коопто-
туп, «кыргыздар менен озбектер уруша экен» деген имиш-
тин чындыкка чыгаарын, мындай кагылышты буйтап отүүгө
болбостугун шарттагансыды. Себеби, эки тараптагы абалды так
билдирген маалымат жок эле жана алардын билгени жалаң
имиш, анан да ичкилик ичкендердин кыйкырыктарынын бара-
бара көбөйүшү бардык аң-сезимдүү үгүттөөнү тебелеп барат-
кансыды. Мына ошентип, укук коргоо органдарынын алдын-
ала көргөн бардык күч-аракетине карабастан уруш башталды.

Таш ыргыды, бычак сайылды, мылтык атылды, айлана ызы-чууга толуп, баш көргөндү коз корбой, Ошту кы-зыл кыргын каптагансыды. Көчөмө-көчө топтошкон кыргыз-дар өзбектерди, өзбектер кыргыздарды уруп, уруш деген уруш экен, эч ким эч кимди аягысы келбеген алаамат башталды...

Бул күнү мейли кыргыз, мейли өзбек болсун, алардын кыйласы кадимки согуштагыдай жарадар болду, үйлөрүнө кай-тып келбегени да арбын. Набыт кеткендер, колго түшкөндөр. Колго түшкөндөрдүн арасынан мыкаачылык менен өлтүрүл-гөндөр... Ошондогу тозоктун оту кандай күйгөнү арадан жыл-дар өткөн соң эми угулуп жатпайбы.

XX XX XX

Гүлсара Ак-Бууранын боюнда өзү менен өзү алектене эки саат дем алганына тим эле курортко барып келгендей ыракат-танып, «ушу азыр апам жанымда болгондо көңүл эргиткен жакшы ойлорумду, анын ичинде көптөн бери жашырылып жүргөндөрүн да төгүп-төгүп салмакмын, атаганат, жолдун узактыгы ай! «деп өзүнө өзү батпай делөөрүп, өйдөгө жеңил-желпи көтөрүлө базардын үстүндөгү аялдамага бет бурганда эле көчөнүн башындагы топтошкондорго, окурук-бакырыкка көңүлү түшүп, ушундан улам анын эмнелигине түшүнө бербе-се да алда немедей болк этти жүрөгү.

Эркектердин өзбекче сөгүнгөнү даана угулуп, анан аялдын кыргызча сүйлөнө өксөп-өксөп армандуу ыйлаганы зээнин кейитип, күтүлбөгөн бул окуядан улам кубанычы эсинен чыга сестейди. Аңгыча чолоңдогон бир ак чач аял жеңден тартты:

—Кач айланайын, жаш экенсиң, тез кач!—деп өзү да бурач-дай жөнөдү.

—Эмнеге?

—Эмнени сураба, өзбек менен кыргыздын ортосунда уруш

башталыптыр. Шоруң куруп кала элегинде корголоор жер таап ал,—деди кара терге түшкөн, жоолугу желкесине шыпы-рылган ак чач аял. Удаа-удаа тарсылдаган мылтыктын үнү ансыз да дүрөлөңгө түшкөн Гүлсаранын алкымын ооздуна кептап, денесин майда калтырак басты. Анткени, чыны менен көчөнүн ооарында уруш оолуп жатса, бул жерден Батыш кичи районуна жөө качып жетүүгө эч мүмкүн эмес эле, ал эми оул ортодо кирип баргандаи таанышы жок, ал тургай кай-сы үйдө кыргыз жашаарын билүү кайда? Аңгыча:

—Ананыу уша, ека-ат, тозала көзүнү!— деген өкүмдүү заар добуш кулагына жаңырганда көзүнөн жаш тегерене бет келди качып жөнөдү. Аңгыча «тарс» деген добушка удаа «жединң» деген ачуу айкырык чыгып, ошол айкырык ага таанып адамды кына окшоп, андан улам жүрөгү дүкүлдөй жүгүрүп бараткан Гүлсара артына бир кылчайганда эле жанагы ак чач аялдын сулап жыгылганын, аны сулаткан эки жигиттин эми өзүнө ат коюп келатканын даана көрүп, өзүнүн жардамсыз байкуш аба-лы мүкүрөтүп, көөдөнүн арман аралады да «апаа» деп кый-кыра бар күчүн үрөй алга ыргылды.

Ошо «апаа» деши менен тиги күмөнсүрөгөн эки өзбек жигит ке өзүнүн кыргыздыгын билдирип койгонун, анын кесепети-нен тигилер эми чындап кууп жөнөгөнүн кайдан баамдамак Гүлсара. Биринчи разряддагы жөө күлүктүгүнө карабай ушу бүгүн чымындай жанына күч келип, жардамга зарыга көзү карайганда буттары тушалгансып жүрө албаганына кыжы-ры кайнап, анын себебин колун даана сермете койбогон сумке-синен көрө аны ыргытып жиберип эки кулачын кере-кере ар-ыштады. Өзүнө кыбыр сезилгени менен катуу жүгүрүп барат кан. Бирок, жанагы эки жигит да колундагы таяктарын булга-лап «кутула алмайсаан!» деп күпүлдөшө куугунду күчөтүштү. Ушул өкүмдүү заар үн Гүлсараны биротоло алдастатып, эң башкысы жашоо үмүтүнө суу сээп, мындан улам көздөрү боз-оргонсуп, бара-бара алды жагы даана көрүнбөгөнсүп баратты. Кайдан-жайдандыр өлүм кылт этти эсине, «ырас эле тирүү ку-тулбайт көрүнөм» дегенде көкүрөгү ачышып, наристече буулу-га жаш тегеренди көздөрүнө. Бирок, жүрүшү басаңдабады. «Өлүканаңды көрөйүн жолду тоскон» деп жеңи менен шашы ла сүрттү көздөрүн. Бир көп кабат үйдү айланып жөнөдү. Айлана бериште илебин тиштене калып көз ирмемге артына бир кайрылып, куугундун итабар артта экенине карабай Гүл-сараны кармоодон үмүттөрүн түк үзүшпөгөндөй очөшө кууп келе жатышканын баамдады да, алар жакындап келгенге чей-инки убакытты пайдалануу менен кутулуп кетүү жандалбасын-

да биринчи кабаттагы эки эшиктин биринен сала бирине жүгүрүп жүрүп такылдатты. Кайсы бирп ачылса кимдин үйү болсо да кире качмак. Бирок, Гүлсара болжогон убакыт ичи эшиктердин бири да ачылбагандыктан кайра сыртка жүгүрүп чыгаары менен үйдүн жогорку башына куугундардын келип калганын көзү чалганда күйөөгөн жери күл боло эчкирип-эчкирип ыйлап, денесинин оордошул, буттарынын кубаты бошоп барат канына карабастан дагы качып жөнөдү. Кай жакка бараткапын аңдоого чамасы жетүү кайда? Тек көзүнө адам чалдыкпаган тарапка жүгүрүп, убакытган утуу жана ошол убакыт ичи кайсы бир үйгө кире качуу үмүтү Гүлсаранын оюн бүт бийлеп алган эле.

Эгерде мындай мүмкүнчүлүккө жетпесе, анда тагдырдын бир гана буйругу калмак—куугундардын каардуу жазасына кабылуу. Ушуну ойлогон сайын тамагы буулуп, чарчагандан көкүрөгү ачышып, жанаракта үйдү бурула бергенде бир нерсеге илине калып шар айрылып кетип жерге сүйрөлүп, буттарына да илеше калып жыгытып коё жаздаган койногүнүн этегин да жулуп таштоого буямасы келбей алга умтулат бечара кыз. Чачы саксая бириндеп кеткен жана терге чалынган көйнөгү да этине жабыша берип, бул да бир жагынан жүдөттү. Туфлилерин качып жөнөгөндө эле чечип ыргыткандыктан, оң бутунун бармагы ташка урулуп, андан аккан кан артында из калтырып келе жатты. Тигиндей өлүм коркунучу астында өлөтала жүгүрүп жүргөнүнө карабай бармагынын оорусунун сезилгенине караганда тырмагы коптогулуп түшкондой. «Ушул жыл мен үчүн жакшылыктын жылы сыяктанат» деп турмуш жолунун кыйла оңолгонунан ичинен жетине албай, кудайга миң мертебе жалынып, «буюрса жайкы каникулда Сейдалы экөөбүз баш кошуп алаарбыз» деп көңүлүндө гана күбүрөнүп, Сейдалыдан утуру кийинки катты алган сайын бактылуу күндөргө умут байлап жүрбөдү беле Гүлсара?! Жандалбасалай жүгүрүп баратканына карабай ушулар эсине кылт эткенде ичинен кан өтүп кеткенсиди. «Эли жеримди, Мекенимди көргөп өлсөм бир жөн эмес беле, атаганат!» деп чарчоосу көбөйгөн сайын кутулаарынан умут үзө ичи эшперилип, тиги куугун дардын колунан баары бир өлөрүнө көзү жетип, жүрөгү бычак менен тилгендей ачышып, арманы түтөп баратты. Эми кутулуу умутү биротоло үзүлүп, эч болбосо апасы менен коштошо албаганын ойлонгондо көзүнүн жашы он талаага айланды. Мына-мына артынан бучкактан келе жаткан өлүм гана турду оюнда. «Ушундай да бейөөпа өлүмгө түн боломбу? Атаганат, тар дүнүйө, ай!, Менин минтип ит-күшка жем болуп

өлөрүмдү ким билет да, ким сөөгүмдү издейт? Шорум куруп дайынсыз жоголот экем да!» Ушундай жаман, бирок чындыкка эң жакын ойго чыланган Гүлсара кийинки көп кабат үйдүн эшиктерин каккылоо эсинен чыгып, андан кийинки үйгө өттү, Гүлсаранын оюнда күнү бою качып жүргөнсүгөнү менен чындыгында артынан куугун түшкөнүнө он беш мүнөткө да жете элек. Жончүлүктө тынымсыз, бир сааттан кем эмес жүгүрчүү жөө күлүк ачыр он беш мүнөттө муундары бошоп, чарчаганы билине баштаган. Анткени, бул сапар көңүлүн өлүм коркунучу бийлеп, бирок ал бөөдө армандуу өлүмдү каалабай, андан кутулуунун айласын таппай мукурагандан муундары бошоп баратты. Ою азгырылган менен көздөрү алды жагын баягындан кадыресе көрүп, буттары жүгүрүүдөн тынбай аракетенишүүдө. Муну өзү бирде сезсе, бирде сезбей келет. Буудай ыраңы күйүп кеткендей кара көк тартып, шилекейин түкүрүүгө убактысы жетпей, тамагы какшыгандан улам бир ууртам суу көзүнөн учуп, эгер бир жутум суу табылса качып кутулуп кетчүдөй сезилип, ушу сууну эстеп келатып бир ташты жаза басып көмкөрөсүнөн жыгылды да, кайра шарт тура калып жүгүрүп жөнөдү. Эми оң колунун алаканы жанын жеп ачыштыра баштады. Жан деген жан да, жүгүрүп баратканча эле алаканына бир көз чаптырып кызыл-жаян канды көрдү. Алаканына таш кирип кеткен эле. Алаканын жамбашына бир жанып өткөндө сайылган таш чыгып кетип, андан мээсин сыздаткан оору пайда болду. Буга чыдабай тиштенгенде бир тиши эринине бата түшкөнсүдү. Ушулардын баары көз ачып-жумгуча болуп жатты. Ал эми Гүлсара байкуш бул мезгилде бир кылым жашагандай, ошо бир кылымдан бери тозок отуна күйүп келаткандай сезди өзүн. Куугундан арачалаар бирөө-жарым чыгабы деген үмүтү бекер окшойт. Андай бирөө жарым эч көзгө чалдыкпай, андан-мындан топ адамдар көрүнө калып, бирок Гүлсара мындай тоштун ким экенин билип калганга алардан жаа бою качып, ошон үчүн көчөдөн четтеп көп кабаттуу үйлөрдү аралап жүрүп отурду. Көп кабаттуу үйлөрдө кыргыздар көбүрөөктүр деп боолгологон. Артынан кыйкырык угулуп, ал кыйкырыктын маани-маңызын даана ажырата албаса да, болду-болбоду бул куугунчулардын кыйкырыгы деп ойлоп, мына-мына жыгыла жаздачуудай талыкшып бараткан тулку боюн чыйралууга жалына-жалбара чакыргансып, тамагына тура калган ачууну да түкүрүүгө чамасы жетпей, бул кейпи менен эми алыс кете албасын ойлогондо зээни кейип баратты.

Кыйла үйлөрдүн эшигин каккыласа да, бирөө да ачылбай, бүлбүл жанган үмүтүн өчүрө жүрөгүн муздатты Гүлсаранын

Тирүүлүктөн биротоло түңүлгөн сайын өлүм коркунучу басаң дагансын, ал мындай калып эле апасы менен Сейдалы көз ал дынан кетпей, ошолорго бир жолуга албай, чер жаза сыр чеч ишпей о дүйнө кетип баратканына гана арман кылып, сүйгөнү нө баш кошо албаганына түтөп баратты. Бара-бара өзүнүн өлүп калуусунан түк коркпой, өлүмгө кадыресе моюн сунуп, ал эми ичтеги арманы тирүүлөрдү аягандан гана келип чык кандай, «мен өлсөм ошо байкуштардын күнү эмне болот?» деп апасы менен Сейдалыны аяп, эми ошондон улам боздоп баратты. Өң алеттен эбак кеткен Гүлсаранын чачтары албарс тыныкындай туш-тараптан саксайып, бети-башы жана тулку бою кан аралаш топуракка буланып, чылгый ботала көрүнүп, көздөрү канталай кызарып, көйнөктөрү ар немеге илинген сайын салбырай тытылып кеткен. Таруудай тиштери гана мур дагысындай агарат. Гүлсаранын бул кебете-кешпирин мурда көргөн пенде аны жиндиге жорумак, а бүгүн жиндиге жору байт, себеби бүгүн мындайлар көп эле. Өпкөсү көөп, мыңдан ары жүгүрүүгө дарманы жетпей шалдырап, душман көзүнө эле араң жүгүргөнсүп, а чындыгында жортуп калды Гүлсара. Төрт кабаттуу үйгө араң жетти.

Ушул үйдөн куткаруучу чыгаар бекен дегенде эки көзү төрт. Анткени дагы жүгүрүү мындай турсун, мына-мына жыгылаа рына аз калган. «Ачылса ачылаар, болбосо өзүм эле куугун чулардын алдынан тосо чыгып айтчуумду айтып, беттерине бир-эки түкүрүп, анан пешенеге жазганын көрөйүн» деп акыр кы дем, акыркы көктүгү менен эшиктерди каккылаганча жо горку кабаттарга жөнөдү. Үчүнчү кабатка жетсе да, бир эшик ачылып койбоду. Аңгыча биринчи кабаттан:

— Каякка житип кетти? —деген түрү суук таанып үн, ошого удаа ыкшыган жөтөл угулду. Алардын бышылдагандары төр түнчү кабатка угулуп, чарчагандары даана билинип турду.

Араң сүйрөлө жетип кезектеги эшикти каккылады Гүлсара. Эшиктин артынан чыккан угулар -угулбас дабыштан улам тирүүлүктөн үзүлгөн үмүт учкундары жылт-жулт этип, «ээ ку дай көрөр күнүм, ичер суум калды бекен кудай?!» деп кудай га акыркы дем менен жалбарган Гүлсараның көзү араң эле жылтырап, жалынгандан деле пайда чыгаарына эч ишенбеген дей бозорот.

— Биеттен чыкканы ек азыр тапамиз,—деген үндүн ээси талпылдап экинчи кабатка жөлөнө бергенсиди. Муну сезгенден жаны чыгып бараткансыды Гүлсаранын. Ошол маалда Гүлса

ра күткөн үйдүн ичиндеги ачкычы ачыла баштап, а Гүлсара олсо ачылаары менен үнгө атып кириш үчүн каалгага жакын турду. Эшик ачылаары менен эшик толчудай лөкүигөн бир адам Гүлсаранын алдынан тосту. Чарма допусунан эле анын ким экенин билип, артынан өлүм куюп жүрбөй эле өлүмдү өзү куюп жүрүп таңканына көз ачып-жумгуча, түшүндү да «апаа» деп бир бакыра чалкасынан кетти. Өзүнө «апаа» деп удаа-удаа бакыргандай, андан кулактары жаңырып жаткандай сезилди, а чындыгында бакырмак тургай сөз айтууга дарманы калбаган дыктан тиги кишинин көрөөрү менен акыркы үмүтү үзүлүп, ошо замат эсинен танган эле...

Х Х Х

Бул мезгилде Оштун көчөлөрүнүн чаңы асманга көтөрүлүп, бир көчөдө өзбек жаштары топ-топ болуп эч кимге жол бербей, кокус кезиккен кыргызды уруп-согуп, машинелерди өрттөп ке тип баратышса, башка көчөдө так ушундай аракетти кыргыз жаштары жасашууда. Чоң кагылышуу милиция, омон жана ас керлердин күчү менен ажыратылганына карабай кечки саат алтыларда тополоңчулардын аракети жалгыз-жарымды жаза лоого багытталды. Бул белгилүү сандагы гана адамдардын тополоңу экендиги, кийин даана билинди. Анткени, Оштун жалпы эли тополоңдон жана ага байланышкан имиштерден жүрөгү үшүп, бала-чакасы менен үйлөрүндө камалып отуруш ту. Мындай камалып отуруу бир жумага созулган. Көчөдө эки элдин бетине көө сыйпоону көздөгөн бузуктар же жумуш ме нен жүрүп үйүнө жете албай калгандар эле (мындайлар да өтө көп экен), ал эми айрым ата-энелер келбеген балдарынын да регин билүүгө зарлана үйлөрүнө кете албай каңгып жүрүштү. Бир ак «Волга» тууралуу чуулгандуу имиш тарады. Өзбек маа лени аралап баратып «Волганын» туш тарабынан башын чы гарган ак калпакчандар жолдун эки бетиндегилерди аткылап өтүптүр. Андан бир саат өтпөй ошол эле «Волгадагылар» чарма дону кие коюшуп кыргыздарды аткылашыптыр. Мындай жүзү каралык «ЯВА» маркасындагы бир топ кызыл мотоциклчен дер тарабынан да жасалганына күбө болгондор бар. Ошо 4-5-июнь күндөрү маселенин чыныгы жүзү кандай ушак-айың тара тылганына карабастан эки элдин кагышпагандыгын билгизди. Натыйжада 5-июндан баштап ар бир мааледегилер, ар бир көп кабаттуу үйдөгүлөр өзбек, кыргыз, орус же башка улут экени не карабай чыныгы туугандарча биригишип, маалени же үйдү коргоого өтүштү. Коргоочулар алгоолошуп күнү-түнү күзөттө турууну уюштурушту. Туура жана так маалыматтын жоктугу нан андан-мындан өзбектердин кыргыздарга, кыргыздардын

өзбектерге нараазылыктары да чыгып турду. Мындай тополоң ду уюштурууда наша менен ичкиликтин ролу абдан зор болоору да ачык билинди. Арийне, өзбек жана кыргыз элдеринин ак көңүлдүгүнө, ишенчээктигине жана намыска сугарылган кызуу кандуулугуна уюштуруучулар тарабынан катуу жана ишничтүү басым жасаган экен. «Эки элдин ортосу жарылып кетти, эми мындай жарака бүтөлбөйт, эгер бүтөлсө, анда бул үчүн жүздөгөн жылдар керек» деген сасык саясатчылардын көзү ачыктыгына карабастан түзүлгөн абал эки элдин өз ара кагылышпаганын айгинелегени Оштун калкын чоң трагедиядан сактап калды. Бирок, бул «зил-зала» элдердин бири-бири не ишеничине көлөкө түшүрүп, өзүнүн мыкаачылыгы менен көп адамдардын жүрөгүн жаралады жана оз ара шектенүүлөр ду пайда кылды.

Х Х Х

Гүлсара учун жүрүп апасына жетти. «Апаа, апа! Мен келсем тескери карайсың да, бул эмнең апа?» деп ичинен буулуга ыйлагысы келип, анан кайра өзүнүн тулку-бою жок жан экенин сезе койду. «Ырас эле жанды адамдар кайдан көрсүн? Каап, бир ооз сүйлөшүп алганымдачы» деп мүцкүрөдү. Ошол замат апасынын ордуна Сейдалы пайда болуп, ал да Гүлсара ны байкабады. «Мен мындамын, бери кара», деп чыйылдайт жан. Анан башы катуу ооруп кеткенсиди. «Менде кайдагы баш?» деп чоочуду жан. Ошол ирмемде Гүлсара ойгонуп, үйдүн төбөсүнө алсыз көз чаптырды.

— Жакшы болуп калдыңызбы? —деген кыздын назик үнү угулгансыды. Гүлсара өзүнүн өлүк же тирүү экенине баамы жетпей көпкө тиктеди үйдүн төбөсүн.

— Жакшы болуп калдыңызбы?— деген үн мурдагы калыбында кайталанды. Бул үндү Гүлсара эми гана угун, ага жооп берүүдөн мурда сол колун кыймылдатып көрүп, анын алсыз болсо да кыймылдаганына ичи жылып, өзүнүн тирүүлүгүнө ишенгиси келди.

— Жакшысызбы, эже?! —Баягы үн эми кулагынын түбүнөн угулуп, Гүлсараны кыйла эсине келтирди, ал башын кыймылдатуудан коркуп, оң тарабына көз кырын жиберди да, так эле үстүндө асылып тургандай кыздын жүзүн көрдү. Бакырайган кара көздүү, тегерек бет сулуу кыз.

Сүйлөсө эле тиги сулуу кыз көздөн кайым жоголуп кетчүдөй сезилгенинен үн чыгарбады Гүлсара. Жалдыран гана тик

теп жатты. Бирок баары бир тиги кыз көздөн далдаалады. Полду кычырата баскан дабыш, күдүң-күдүң чыккан үндөр бүдөмүк угулат. Көздөрүнүн кабагы талыганынан жумду да, өзү нүн өлүк же тирүү экендигин анык баамдап билгенче чарчаган байкушту кайрадан уйку тартты...

Ошентип, Гүлсара бир суткадан кийин гана арац өзүнө келе ойгонуп, акыл-эсин жыйганга жарады.

— Жакшысызбы, эже?!

— Кудайга шүгүр!

— Эми коркунуч артта калды, эже.

— Кайсы коркунуч?

Тиги кыз жооп бербеди. Сыягы, ашыкча сүйлөгөнүнө окүндүбү, айтор жаагы тып басылды, бирдемени шорулдата уурта ды. Туура, туура. Коркунуч демекчи... Жана эле мен..:» деп Гүлсара кечээгисин эстей баштады. «Ооба, ооба».

— Ой, — деп чочуп, обдула башын көтөрдү, —мен кайда мын? Кимдин үйү бул? — Кечээ бул үйгө келгенин эстегенде аябай коркуп кетти. Кайра катуу бир онтоп алып, башын жаздыкка койду. Үй ээсинен бекер эле коркконун, эгер ал өлтүргүч болсо өзү минтип тирүү жатпастыгын дароо түшүнө коюп, ушуну байкабаганына намыстана онтоду.

—Түшүндүрчү, синдим!— деп эмнени билгиси келгенин да дааналап сурай албай унчукту. Бирок, тиги кыз кеп төркүнүн илгиртпей баамдагансыды.

— Коркпоңуз, эже, сиз тирүүсүз жана эч кандай жарааты цыз да жок. Бутуңуздун бармагынын тырмагы түшүптүр, ал эчтеке эмес. Эң башкысы — башыңыз аман,— деп жылмая сөзүн жай улады тиги кыз. — Мен да колго түшүп калаарда ушу Нематжан акенин үйүнө корголоп калбадымбы? Албетте, эшик ачылаары менен ал кишинин өзбек экенин көрүп, мен да бакырып жибердим. Ал качканыма карабай үйүнө сүйрөп кирип суу ууртатты да, «менден коркпо, кызым» деп жооткоттү. Мен бирок сизчелик катуу коркпоптурмун. Менден кийин сиз келдиңиз. бирок сиз өтө кыйналып калган экенсиз, түнү бою жөөлүп чыктыңыз, Нематжан аке тынчы кете чыйпылык таган менен же доктур чакыра албайт, анткени тилпондор иштебейт, Оштун ичи тополоң.

— Мен канча жаттым?

— Бир сутка.

— Койчу?

— Ошондой, эже!

— Суу берчи?

— Мына, муздак чайдан ууртатайын.

Чайдан жуткан соң жаңагы кыздын жардамы менен дубалга жөлөнө отурду Гүлсара.

— Азыр шорпо берем, эже!

— Жакшы адам окшойт үй ээси, ким эле? И баса, Нематжан аке? Үй бүлөсү жок бекен?

— Энеси, аялы эки баласы менен Ташкентке тойго кетишкен экен. Өзү жакшы киши болбосо, бизди сактап калмак беле? Эбак шашлык кылып... — деп бырс күлдү тиги кыз. Гүлсара да жылмайды. Анан ичинен «ушунчасына да кудайга шүгүр, ылайым Нематжан акенин өмүрүн узун кылсын жараткан» — деп тилеп, көңүлү кыйла жай алды.

— Нематжан аке нанга кетти, —деди тиги кыз Гүлсара сурабаса деле, анан ашканага чыгып кеткенсиди. Гүлсара апасын эстеди. «Сени көрөөр күн бар окшойт, апа, сени өлгүдөй сагындым, апа» дейт көңүлүндө. Анан көз алдына Сейдалынын элеси тартылды. Анын акыркы жолугушууларында «Ойлончу Гүкүн, ылайык көрсөң ушул жайда баш кошуп алалычы! Биш кектен бир квартира алабыз да, сен окууңду бүткончө мен иш теп турам. Антпесек көңүл тынчыгыдай эмес. Кимдир бироо сени иле качпагай эле дегенде оюм онго, санаам санга бөлүнүп, күндүз тынчым, түнү уйкум качып, кыйналган жанды коёрго жер таппай алдастачу болдум» дегени эсине келип, ички сезимин ойготту Гүлсараның. «Тынчылык болгой эле» деди ичинен Гүлсара.

— Нематжан аке «мен силерди сактап калганым үчүн бактылуу сезем өзүмдү. Себеби бул жалган дүйнодо пенде утуру бироого жакшылык кылганынан рахат алат, ар бир жакшылык кимдир бироодон жакшылык менен кайтат. Мен силерден бир нерсе тилеп жатканым жок, сообу кызыма, уулума тийсин, ошолордун өмүрү узун болсун деп тилейм. Атам ушундай насаат калтырган» деди. Ошол себептүү бизди сактап калыптыр.

— Нематжан акең ушинтип кыргызча сүйлөдүбү?

— Жоок, кокуй, мен которуп жатпаймынбы, —деп жайдары жылмая Гүлсаранын жанына келип, жели эте отура кетти жаңагы кыз. Бетинде азыраак сепкили бар экен.

— Тополоңдун аягы тыйылгыча кетүүнү ойлобогула, экооң тең алыстан келипсиңер, азыр жолго да ишенич жок. Бу күндөр да өтөт, бу ыпластыкты уюштургандар кудайдын каарына калышты, бу дүйнөдө эки болбос, найсаптар деп да кошумчалаган Нематжан аке, —деп тиги кыз үй ээсинин айткандарын бирден терип-тепчип угузуунун аракетинде болду. Гүлсарага. «Сепкилине карабай ажардуу кыз экен» деди ичинен Гүлсара...

МАЗМУНУ

САТИРАЛЫК АҢГЕМЕЛЕР

Ошондон да беш килө 5
Дем алуу 10
Шермендечилик 15
Бооз экен 18
Кызганчаак аял 20
1. Айнаш 23
2. Гороскоп 23
3. Шалабай катын 28
4. Чөнтөк 32
5. Гарнитур 35
6. Чавадан 36
39

ЮМОРДУК АҢГЕМЕЛЕР

Теңме-тең бөдөнө 45
Сөгүш 46
Ошо бүткондо 47
ООН 47
Кайдагы бир 49
Сасыганына сүйүн 50
Айтканың келсин 51
Жадыбал жаттоо 51
Тазалыктын сыры 52
Дейт имиш 53
Таарыныч 53
Каңырыш 53
Кара кыргыз 54
Таза адамдар 55
Жок жерден 56
Көмүр керекпи? 57
Өлсүң ошо 60

АЗИЛДЕР

Музоолоду 63
Өзүн-өзү 64
Эки кызды тең сүйөбү? 66
Ой молодес, евре-ей! 67
«Ош таймс» ойготкон тамашалар 68
1. Жамб-бу-ул 68
2. Не талант 69
3. Атыңан айланайын тезек ! 69
Чыйралуу 70

АҢГЕМЕ

Куугун 73

Жээнбек КАРИМОВ
БООЗ ИМИШ, ТООБО !
(Аралаш аңгемелер)
Кыргызстан жазуучулар Союзунун адабият жайылтуу бюросу

Редактору Токтобай СУЛАЙМАН
Сүрөтчүсү Мекен СУЛАЙМАНОВ
Тех. редактору Л. И. ШУЛЬЧЕНКО.

Жээнбек КАРИМОВ
ТЫ СМОТРИ. СТЕЛЬНАЯ ОКАЗЫВАЕТСЯ !
(Смешанные рассказы)

Терүүгө 20.10 1995-ж. берилди. Басууга 1.12. 1995-ж. кол коюлду. Жөнөкөй ыкма менен басылды. Кагаздын форматы 60x84 1/16, 6 басма табак. Нускасы 3000, Буюртма № 6252. Келишим баада. Автордун өз каражатына басылды.

Кыргызстан жазуучулар Союзунун адабият жайылтуу бюросу. 720000. Бишкек шаары. Пушкин көчөсү, 70.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик «Акыл» концерни. Ош облустук басмаканасы, 714000, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209.

3.=

